# ЖУСУП БАЛАСАГЫН
## атындагы
# КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН
# ЖАРЧЫСЫ

Ар бир кварталда чыгуучу илим-билим
жана маалымат журналы

**“Даңк” медалынын ээси,**
**Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери, тарых илимдеринин доктору, профессор**
**Өмүрбеков Токторбек Наматбековичтин**
**(27.03.1955 - 30.07.2019жж.)**
**70 жылдыгына карата**
**“Улуу инсандардын тарыхтагы орду жана ролу”**
**илимий-практикалык конференциясынын жыйынтыгы**

## АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ

**Бишкек – 2025**

# ВЕСТНИК

# КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

Ежеквартальный научно-образовательный
и информационный журнал

## СПЕЦИАЛЬНЫЙ ВЫПУСК

**Материалы научно-практической конференции
«Роль и место выдающихся личностей в истории»,
посвящённой 70-летию кавалера медали «Даңк»,
заслуженного работника образования
Кыргызской Республики,
доктора исторических наук, профессора
Өмүрбекова Токторбека Наматбековича
(27.03.1955 - 30.07.2019 гг.)**

**Бишкек – 2025**

**Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы»**
**журналынын редакциялык коллегиясы**
**Башкы редактор:**

**Чонтоев Д.Т.** – география илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы КУУнун ректору.

**Башкы редактордун орун басары**

**Камчыбек уулу Мырзабек** – психология илимдеринин кандидаты, доцент, Ж.Баласагын атындагы КУУнун илимий иштери боюнча проректору.

**Редколлегия:**

**Асипова Н.А.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор;
**Борубаев А. А.** – КР УИАнын академиги, физика-математика илимдеринин доктору, профессор;
**Ботобеков А.** – экономика илимдеринин доктору, профессор;
**Галиева З. И.** – тарых илимдеринин доктору, профессор;
**Ишекеев Н.** – КР УАИнын корр.-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор;
**Карабаев С. О.** – химия илимдеринин доктору, профессор;
**Мамбетакунов Э.** – КР УИАнын корр.-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор;
**Маразыков Т.С. -** филология илимдеринин доктору, профессор;
**Саякбаева А. А.** – экономика илимдеринин доктору, профессор;
**Сманалиев К. М.** – юридика илимдеринин доктору, профессор;
**Тиллебаев С. А.** – филология илимдеринин доктору, профессор;
**Чыманов Ж. А. -** педагогика илимдеринин доктору, профессор;
**Шамшиев А.Б.** –биология илимдеринин кандидаты, доцент;

**Чет өлкөлүк мүчөлөрү:**

**Анисимов А. П.** - юридика илимдеринин доктору, профессор, Дон мамлекеттик техникалык университети;
**Ахунбаев А.** – Евразия Өнүгүү Банкынын изилдөө секторунун башчысы (Dr.PhD);
**Бердибаева С. К. -** психология илимдеринин доктору, профессор, аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети;
**Бешимов Р. Б.** – физ.-мат. илим. д-ру, проф., М.Улугбек атын. улуттук Өзбек уни-ти;
**Бородкин Л. И.** – М.В. Ломоносов атындагы ММУнун проф., т.и.д. РТИА корр.-мүчөсү;
**Буркитбаев М. М. -** химия илимдеринин доктору, профессор, аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети;
**Ковальская Л. А.** – биол. илим. д-ру, БРМжТИИ лаб. башчысы;
**Козлов К. Л.** – физ.-мат. илим. д-ру, проф.,М.В. Ломоносов атындагы ММУ;
**Мусурманов Р. К. –** методология жана билим сапатын көзөмөлдөө боюнча проректору, М.Улугбек атын. улуттук Өзбек уни-ти;
**Перегудин С. И.** – физ.-мат. илим. д-ру, проф.Санкт-Петербург мамлекеттик уни-ти;
**Садовничий Ю. В.** – физ.-мат. илим. д-ру, проф.,М.В. Ломоносов атындагы ММУ.
**Сманов Б.** –педагогика илимдеринин доктору, профессор, Казак Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын академиги.

**КУУнун редакциялык-басма бөлүмү:**

**Шакирова К. К.** – экономика илимдеринин доктору, РБ бөлүмүнүн башчысы;
**Даровских Н.М.** – редактор;
**Рашитова А.Ж.** – башкы адис.

**Редакционная коллегия журнала «Вестник КНУ им. Ж. Баласагына»**

**Главный редактор**

**Чонтоев Д.Т.** –доктор географических наук, профессор, ректор КНУ им. Ж. Баласагына.

**Заместитель главного редактора**

**Камчыбек уулу Мырзабек** – кандидат психологических наук, доцент, проректор по научной работе КНУ им. Ж. Баласагына.

**Редколлегия:**

**Асипова Н.А.** – доктор педагогических наук, профессор;
**Борубаев А. А.** – академик НАН КР, доктор физико-математических наук, профессор;
**Ботобеков А**. – доктор экономических наук, профессор;
**Галиева З. И.** – доктор исторических наук, профессор;
**Ишекеев Н.** – чл.-корр. НАН КР, доктор педагогических наук, профессор;
**Карабаев С. О.** – доктор химических наук, профессор;
**Мамбетакунов Э.** – чл.-корр НАН КР, доктор педагогических наук, профессор;
**Маразыков Т.С.** - доктор филологических наук, профессор;
**Саякбаева А. А.** – доктор экономических наук, профессор;
**Сманалиев К. М**. – доктор юридических наук, профессор;
**Тиллебаев С. А.** – доктор филологических наук, профессор;
**Чыманов Ж. А.** – доктор педагогических наук, профессор;
**Шамшиев А.Б.** – кандидат биологических наук, доцент;

**Зарубежные члены редакционной коллегии:**

**Анисимов А. П.** - доктор юридических наук, профессор, Донский государственный технический университет;
**Ахунбаев А.** – зав. сектором исследования стран Евразийского банка развития (Dr.PhD);
**Бердибаева С. К.** - доктор психологических наук, профессор, КазНУ им.аль-Фараби;
**Бешимов Р. Б.** – д-р физ-мат. наук., профессор, Национальный университет Узбекистана им. М. Улугбека;
**Бородкин Л. И.** – доктор исторических наук, профессор, МГУ им. М.В Ломоносова, чл.-корр. РАЕН;
**Буркитбаев М. М.** - доктор химических наук, профессор, КазНУ им.аль-Фараби;
**Ковальская Л. А.** - доктор биологических наук, зав. лаб. ВНИ и ТИБП, г. Щелково, Моск. обл.;
**Козлов К. Л.** – д-р физ.-мат.наук, проф. МГУ им. М. В. Ломоносова;
**Мусурманов Р. К.** - Проректор по методологии и контролю качества образования Национального университета Узбекистана имени Мирзо Улугбека;
**Перегудин С. И.** – д-р физ.-мат. наук, проф. Санкт-Петербургского государственного университета;
**Садовничий Ю. В.** – д-р физ.-мат. наук, проф. МГУ им. М. В. Ломоносова;
**Сманов Б.** – академик НАН РК, д-р педагогич. наук, проф.

**Редакционно-издательский отдел КНУ:**

**Шакирова К.К.** – доктор экономических наук, зав. отделом РИО КНУ им. Ж. Баласагына;
**Даровских Н. М.** – редактор;
**Рашитова А.Ж.** – главный специалист.

**Editorial Board of the Journal "Vestnik of Kyrgyz National University named after J. Balasagyn"**

**Editor in chief**

**Chontoev D.T.** – doctor of geographical sciences, professor, rector of Kyrgyz National University named after J. Balasagyn.

**Deputy editor in chief**

**Kamchybek uulu Myrzabek** – candidate of psychological sciences, associate professor, vice-rector for research of Kyrgyz National University named after J. Balasagyn.

**Editorial Board**

**Asipova N.A.** – doctor of pedagogical sciences, professor;
**Borubaev A.A.** – academician of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, doctor of physical and mathematical sciences, professor;
**Botobekov A.** – doctor of economic sciences, professor;
**Galieva Z.I.** – doctor of historical sciences, professor;
**Ishekeev N.** – corresponding member of the NAS KR, doctor of pedagogical sciences, professor;
**Karabaev S.O.** – doctor of chemical sciences, professor;
**Mambetakunov E.** – corresponding member of the NAS KR, doctor of pedagogical sciences, professor;
**Marazykov T.S.** – doctor of philological sciences, professor;
**Sayakbaeva A.A.** – doctor of economic sciences, professor;
**Smanaliev K.M.** – doctor of juridical sciences, professor;
**Tillebaev S.A.** – doctor of philological sciences, professor;
**Chymanov Zh.A.** – doctor of pedagogical sciences, professor;
**Shamshiev A.B.** – candidate of biological sciences, associate professor.

**Foreign Members of the Editorial Board**

**Anisimov A.P.** – doctor of juridical sciences, professor, Don state technical university;
**Akhunbaev A.** – head of the country research sector, Eurasian Development Bank (Dr.PhD);
**Berdibaeva S.K.** – doctor of psychological sciences, professor, Al-Farabi Kazakh National University;
**Beshimov R.B.** – doctor of physical and mathematical sciences, professor, National University of Uzbekistan named after M. Ulugbek;
**Borodkin L.I.** – doctor of historical sciences, professor, M.V. Lomonosov Moscow State University, corresponding member of the RAoNS;
**Burkitbaev M.M.** – doctor of chemical sciences, professor, al-Farabi Kazakh National University;
**Kovalskaya L.A.** – doctor of biological sciences, Head of Laboratory, All-Russian Scientific Research Institute of Biotechnology and Plant Breeding (ARSRIoTaBoFeB), Shchyolkovo, Moscow region;
**Kozlov K.L.** – doctor of physical and mathematical sciences, professor, Lomonosov Moscow State University;
**Musurmanov R.K.** – vice-rector for methodology and quality assurance in education, National University of Uzbekistan named after Mirzo Ulugbek;
**Peregudin S.I.** – doctor of physical and mathematical sciences, professor, Saint Petersburg State University;
**Sadovnichy Yu.V.** – doctor of physical and mathematical sciences, professor, Lomonosov Moscow State University;
**Smanov B.** – Academician of the National Academy of Sciences of the Republic of Kazakhstan, doctor of pedagogical sciences, professor.

**Editorial and Publishing Department of KNU Jusup Balasagyn**

**Shakirova K.K.** – doctor of economic sciences, Head of the editorial and Publishing Department of KNU Jusup Balasagyn;
**Darovskikh N.M.** – editor;
**Rashitova A.Zh.** – chief specialist.

**Тарых жана чөлкөм таануу институтунун**
**Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек**
**сиңирген кызматкери,**
**“Даңк” медалынын ээси,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор**
**Өмүрбеков Токторбек Наматбекович (1955-2019жж.)**



**Асипбаева Майрамкүл**
Ж.Баласагын атындагы КУУ, тарых жана чөлкөм таануу институту, Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын башчысы тарых илимдеринин кандидаты, доцент

## УСТАТЫМ ТОКТОРБЕК НАМАТБЕКОВИЧ – ЗАЛКАР ИЛИМПОЗ ЖАНА УЛУУ ПЕДАГОГ

Адамдын дарамети, аракети, кыйындыгы, мыктылыгы жана улуулугу убакыт өткөн сайын улам даанарак байкалып, аралык алыстаган сайын баа-баркы билинээрин тарых өзү тастыктап келет. Тарых илимине опол тоодой эмгегин сиңирген Токторбек Наматбековичтин алыстан атын атасак кадимки эле бир киши, катардагы профессор. А бирок, анын көзү тирүүсүндөгү көп кырдуу ишмердигине тереңирээк сүңгүсөк, анын асыл касиеттери арбын анык чоң аалым, чебер устат, кылдат тарбиячы экендигине ынанабыз. Токторбек Наматбековичтин кесипкөйлүгү, адамгерчилик касиеттери аны унуткарбай, анын ысмын жылдар өтсө да ар дайым эскерип, эстеп жүрүүбүзгө себеп болууда десем жаңылышпайм.

Токторбек Наматбековичтин өтөлгөлүү өмүрү университеттин, тарых институтунун тарыхы менен тамырлаш десек жарашат. Ал дээрлик 41 жыл, 1978-2019-жылдарда Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетте үзүрлүү эмгектенди.

Т.Н.Өмүрбеков 1955-жылы 27-мартта Нарын областынын Ат-Башы районундагы Кара-Суу айылында туулган. Атасы Өмүрбеков Наматбек жаш кезинде Коммунизм колхозунда бухгалтер, апасы Орозобекова Күлүмбүбү колхозчу болуп эмгектенишип, тогуз баланы татыктуу тарбиялап, эрезеге жеткиришкен. Агайыбыз 1962-1972-жж. Кара-Суу орто мектебинде дилгирлик менен окуп, бала кезинен тарыхка кызыгуусу артып, өмүрү өткүчө кыргыз тарыхына кызмат кылып келди. Тилекке каршы, 2019-жылы 30-июлда 64 жашында, акылы толуп-ташып, дарамети ашып, тарых илимине дагы далай изилдөөлөрдү жүргүзүп, илимий куржунду толтураар кезинде Бишкек калаасында акка моюн сунду.

Токторбек агайыбыз орто мектепти аяктагандан кийин эмгек жолун алгач 1972-1973-жылдары Фрунзе шарындагы кондитердик фабрикада жумушчу болуп эмгектенүү менен баштаган экен.

1973-жылдын 1-сентябрдан тартып 1978-жылдын 20-июлга чейин Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетинде окуп, артыкчылык диплому менен окууну аяктаган. Студент кезинде эле факультеттин студенттик илимий конференцияларга жана коомдук иш чараларга активдүү катышып университеттин жана райком комсомолдун грамоталары менен, Кыргыз ССРнин Лениндик коммунисттик жаштар союзунун жана эл агартуу министрлигинин дипломдору менен сыйланган. Ушул жылдары Т.Н.Өмүрбековдун республикалык газеталарга "Советтик Кыргызстан", "Ленинчи жаш" газеталарына бир нече макалалары жарыяланган.

1978-жылы КМУ (КУУ) тарых факультетин артыкчылык диплому менен бүтүрүп, СССР тарыхы кафедрасына окутуучулук кызматына калтырылган.

1978-1987-жылдары аталган кафедрада окутуучу, 1988-1991-жж. ага окутуучу, 1992-2000-жж. доцент болуп эмгектенген. 2000-ж. сентябрдан тартып өмүрүнүн аягына чейин Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын профессору кызматында эмгектенди.

1994-2000-жылдары Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын башчысы кызматында үзүрлүү иштеген.

2001-ж. (январь)-2008-ж (март) КУУ тарых факультетинин деканы болуп ийгиликтүү эмгектенди.

2006-ж. сентябрь – ноябрь айларында КУУнин окуу иштери боюнча проректорунун милдетин аткарган.

2006-ж. июнь – август айларында КУУ нин кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы милдети жүктөлгөн.

2008-ж. апрель – 2009-ж. март айларында КУУнин Ж. Баласагын илимий-билим борборунун директору болуп иштеген (профессор кызматына айкалыштыра) [1].

Ж.Баласагын атындагы КУУнун тарых жана чөлкөм таануу институтунун Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын профессору кызматында кыйла окуу, методикалык, илимий жана тарбиялык иштерди аткарууга олуттуу салым кошкон:

- Декан кезинде ( 2001-2008-жж.) факультеттеги мурдагы 4 кафедраны 7 кафедрага көбөйткөн, студенттердин саны 430 тан 750 ге (күндүзгү бөлүм) жеткен, сырттан окугандарды кошкондо 1000 ден ашкан, окутуучулардын, УВП саны 40 тан 70 ге таяган.
- 2002-2004 - жж. анын жетекчилиги астында ”Тарых” жана “Чөлкөм таануу”, “Архив таануу”, “Музей иши” адистиктери боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик 7 стандарты иштелип чыккан (бакалавр, толук жогорку билим – адис, магистирлиги).
- 2002-ж. КУУда Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн Борбору уюшулган (248 аудит.).
- 2006-ж. КУУнин музейинин илимий концепциясын иштеп чыккан жана заманбап жаңы музей ачылган (144 аудит.).
- 2008-жылдын май-сентябрда Ж. Баласагындын илимий билим борбору ачылган. (348 аудит.) жана ошол жылы сентябрь – ноябрь айында КУУнин бардык факультеттеринин I курсунун студенттери үчүн экскурсиялар жана лекциялар профессор Т.Н. Өмүрбеков тарабынан уюштурулган.
- 2001-2006-жж. демөөрчүлөрдүн каржысына студенттердин археологиялык экспедициялары уюштурулган.
- 2001-2004-ж. (4 ирет 100 миң сомдон = 400 миң сом) А.Салымбеков каржылаган- Кошой-Коргон музейи ачылып, аны агайдын аракети менен 2005-2006-ж. ЮНЕСКО каржылап берген.
- 2007-ж. Саймалы-Ташты изилдөө үчүн Фиаккони – Италиянын ардактуу консулу 5 миң доллар каражат бөлгөн.
- КУУ Жарчысы - Тарых, археология, этнология сериясы – 4 жолу чыгарылды, 1 факультеттин илимий макалаларынын жыйнагы, демөөрчүлөрдүн каражатына басылып чыккан (Салымбеков А.М., Сооронбаев Д.С., ЮНЕСКО ж.б.).
- 2001-2007-жж. демөөрчүлөрдүн эсебинен айына 10 студентке стипендия берилип турган (Салымбеков А.М.).
- 2007-ж. октябрда демөөрчүлөрдүн каражатына Кошой-Коргон, Таш-Рабатка окутуучулар менен студенттердин экспедициясы уюштурулган (Сооронбаев Д.С.).
- 2004-2007-ж. демөөрчүлөрдүн колдоосу менен 2 ири илимий конференция уюшулду. (150 миң сом)
- 2001-2008-жж. Т.Н.Өмүрбековдун демилгеси менен факультеттин профессор – окутуучуларынын 25 окуу – методикалык куралдары басылды.
- 2003-2003-ж. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгынын алкагында 7 Эл аралык симпозиум, конференцияларды уюштурууга активдүү катышкан. Ошондой эле 20 дай китепти редакциялаган, теле-радио берүүлөрдү интервьюлар берилген. Мезгилдүү басма сөздө көптөгөн макалаларды жарыяланган.
- Манас – 1000, Ош – 3000 дин 1916 – ж. көтөрүлүштүн 95 жылдыгы иш чараларына активдүү катышкан.

- 2012-жылы КУУ нин 80 жылдыгына карата басууга даярдалган 5 көлөмдүү жана чакан китептерди ректордун сунушу боюнча редакциялоого жигердүү катышкан.
- КУУ нин базасында өткөн ири илимий конференцияларда ректораттын сунушуна ылайык баяндамаларды жасаган (Курманжан датка, Шабдан баатыр, Атаке баатыр ж.б.)
- КР Президентине караштуу тарых илимин өнүктүрүү боюнча комиссиянын мүчөсү катары Т.Н. Өмүрбеков тарабынан кыйла коомдук иштер уюштурулган жана ишке ашкан.

Агайыбыздын илимий ишмердүүлүгү тууралуу айта кетсем, 1986-ж. сентябрда "Участие нородностей Семиречья в национально-освободительном движении в начале XX века (1900-1917гг.)" деген темада кандидаттык диссертациясын Казакстан мамлекеттик университетинин атайын кенешинде ийгиликтүү жактаган.

2004-жылы Кыргыз Республикасынын УИА, ТИ «Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX кылымдын ортосу - XX кылымдын башы)» - деп аталган доктордук диссертациясын ийгиликтүү жактап, Кыргызстандын тарыхындагы инсантаануу багытына чыйыр салган алгачкы окумуштуу болуп калды.

Албетте, агайыбыздын чыгармачыл эмгеги текке кеткен жок. Башкасын айтпаганда да профессор Т.Н. Өмүрбеков дээрлик 40 жылдан ашык созулган илимий-педагогдук ишмердигинин алкагында кафедранын, факультеттин окутуу, окуу-методикалык, илимий жана тарбиялык иштери туура нукка түшүп, барган сайын мазмуну мезгил талабына шайкеш байып отурду. Республиканын, коомдун муктаждыгына ылайык миңдеген жогорку билимдүү кесипкөй тарыхчыларды даярдоодо Т.Н. Өмүрбеков ат көтөргүс жүк көтөргөнү да шексиз.

Дал ушул максатта эң зарыл окуу китептерин, усулдук колдонмолорду, жогорку квалификациялуу адистерди камдоого, кафедранын профессордук-окутуучулар курамын чыңдоого, сапатын жакшыртууга айрыкча басым жасап келгени белгилүү. Алсак, агайдын жетекчилиги астында ондогон аспиранттар тарбияланып, анын ичинен 10 кандидаттык диссертация проф. Т.Н. Өмүрбековдун илимий жетекчилиги астында корголгон:

- Шейшеканов Т.Б. 1916-жылдагы Ысык-Көл өрөөнүндөгү улуттук- боштондук көтөрүлүш: өбөлгөлөрү, өзгөчөлүктөрү жана жол башчылары., 2004-ж.,
- Асантурова Т.А. "История формирования, деятельность и эволюция общественных организаций и политических партий современном Кыргызстане (1991-2005-гг), 2008-жыл;
- Жусупова М. "Төрөкул Айтматов-коомдук, саясий жана мамлекеттик ишмер", 2010-жыл;
- Токобаева Г. "Ички Теңир-Тоолук кыргыздардын коомдук-саясий турмушундагы жана көз каранды эместик үчүн күрөшүндөгү чыгаан инсандардын ролу XIX к.орто чени-XX к. башы", 2010-жыл;
- Жумалиева С.Ч. "Кыргызстандагы улуттук-маданий борборлордун тарыхы жана ишмердүүлүгү", 2012-жыл;
- Асипбаева М.Б. "XIX кылымдын аягы- XX кылымдын башындагы Түндүк Кыргызстандагы агартуунун абалы ", 2013-жыл;
- Каулбекова Р.А. XIX кылымда Кыргызстандагы коомдук-саясий ой-пикирдин өнүгүшүндөгү Арстанбек Буйлаш уулунун ээлеген орду, 2015-жыл;
- Шатилов О.П. "История города Талас и русских селений Таласской долины (вторая половина XIX в.конец XX в.", 2016-жыл;
- Эрдолотова Н.Н. «Султан Ибраимов - мамлекеттик жана саясий ишмер.2019-жыл;
- Алымкожоев О.Ж. "Орусиялык археолог Ю. С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы", 2022-жыл.

Агайыбыз илим чөйрөсүнө баш багып келген ар бир жаш окумуштуу менен убактысын, күчүн, көз майын аябай иштеп, караңгыдагы жол чырак сыяктуу, болгон акылын айтып, жол көрсөтүп, тажрыйбасы менен бөлүшүп келген.

Профессор Т.Н. Өмүрбеков окуу процессинин сапатын арттырууга да айрыкча басым жасаган, өзү бул өңүттө өзгөлөргө үлгү болууга умтулган. Маселен, Борбордук Азия ээлдеринин тарыхы, Байыркы Чыгыштын тарыхы боюнча окуган дарстары мазмунунун тереңдиги, уккулуктуулугу менен кескин өзгөчөлөнүп угуучуну өзүнө тартып тураар эле. Адатта аалымдын сабактары ой толгоолорунун оригиналдуулугу, кенендиги, тыянактарынын тактыгы менен кызыгууну арттыра алчу. Анан калса агай аспиранттарына, студенттерге ар дайым камкордук көрүп, ак дилден чын пейили менен көмөк көрсөтчү, аларга абдан аяр мамиле кылчу. Андай астейдил мамилени кафедрасында жаңыдан иштей баштаган жаш окутуучулардан, улгайган курактагы кесиптештеринен да талап кылганына далай жолу өзүбүз күбө болгон элек.

КУУнун калайыкка жакшы таанымал окумуштуусу, профессору Т.Н. Өмүрбеков Кыргызстан эгемендик алгандан кийинки тарых илиминин калыптанышына, инсан таануу багытынын өсүп-өнүгүшүнө бараандуу салым кошту [2]. Агайдын кыргыз тарыхнаамсында алгачкы жолу Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду комплекстүү изилденген. Архивдик жана башка жазуу булактарын, элдик оозеки тарых-санжыранын маалыматтарын объективдүү анализдөө аркылуу тарыхий инсандарга илимий баа берген. Мында, бай тарыхый так даректердин негизинде Ормон хандын өз алдынча кыргыз хандыгын түзүү боюнча мамлекеттик ишмердиги ачылган, Ажыбек баатырдын Кыргызстандын чек арасын коргоо үчүн күрөштөгү ролу такталып даана көрсөтүлгөн. Логикалык жактан ырааттуу түрдө Боромбай, Жантай, Жангарач бийдин аймак Россияга кошулаардын алдындагы жана кошуулуу учурундагы көп кырдуу коомдук-саясий ишмердигин иликтеген. Алымбек датка, Алымкул аталыктын Кокон хандыгынын саясий турмушуна, орчундуу окуяларга катышуусун анализдеген. Өз элинин улуттук кызыкчылыктарын коргоо боюнча Курманжан датканын үзүрлүү эмгегине сереп салган. Шабдан баатырдын дooруна, ар тараптуу ишмердигинин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө, дипломатиялык өнөрүнө өзгөчө көңүл бөлгөн [3]. Кийинки эмгектеринде чыгаан инсандар: Мухаммед Кыргыз, Кубат бий, Эсенгул баатыр, Атаке баатыр [4], Бердике баатыр, Садыр баатыр, Жайыл баатыр ж.б. өтөлгөлүү өмүрүнө, эрдиктерине басым жасаган [5]. Ал эми кандидаттык диссертациясында 1916-жылкы көтөрүлүшкө Жети – Суу элдеринин катышуусу ар тараптан иликтенген [6]. Кыргыздардын улуттук-боштондук кыймылын мезгилдин талабына ылайык жаңыча изилдеп бир топ эмгектерди жарыялаган [7].

Профессор Т.Н. Өмүрбеков айрым бир маселени гана изилдөө менен чектелбеген көп кырдуу окумуштуу болчу. Алсак анын илимий иликтөө иши көп багытты өз ичине камтыганы илимий коомчулукка жакшы дайын. Агайдын 200дөн ашуун илимий, окуу-усулдук иштери бар, анын ичинде 10 монография, 20дан ашуун окуу китептери менен окуу-усулдук куралдарын жазган, алардын үчөө орто мектептердин 6,7,8 класстары үчүн «Кыргызстан тарыхы» кыргыз, орус, өзбек тилдеринде [8], бирөө ЖОЖ үчүн окуу [9] китептери. Ошондой эле орто мектептердин 6,7,8 класстары үчүн «Кыргызстан тарыхы» сабагынын, ошондой эле «Байыркы Дүйнө тарыхынын» типтүү программаларын иштеп чыккан. «Тарых», «Архив таануу», «Чөлкөм таануу» адистиктери, багыттары боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн, магистратуранын Мамлекеттик стандарттарын даярдаган жумушчу топту 2002 – 2003-жж. жетектеген.

Жогорудагы сиңирген эмгектери үчүн көрүнүктүү устатыбыз, 1995-жылы "Манас эпосуна 1000 жыл" медалы, 1999-жылы “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн

мыктысы" төш белгиси, 2011-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери, 2016-жылы "Даңк" медалы менен сыйланган. 1995-жылы "Кыргыз Тарых Коому" эл аралык коомдук бирикмесинин (мурдагы Кыргызстан Тарыхчылар Жамаатынын) Белек Солтоноев наамындагы сыйлыгынын ээси, Талас мамлекеттик университетинин ардактуу профессору (2011-ж.), С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ардактуу профессору (2018-ж.) наамдарына ээ болгон. Мындай ийгиликтерге агайыбыз талыкпаган ак эмгеги, маңдай тери, элде жок иштермандыгы менен жетти деп сыймык менен баса белгилемекчимин.

Тарых илиминин калыптанышында жана өсүп-өнүгүүсүндө окумуштуу Т.Н. Өмүрбековдун эмгеги зор. Устатыбыздын педагогикалык ишмердүүлүгү, талыкпаган эмгеги, кыргыз тарых илимине кошкон көп кырдуу салымы өтө чоң экендиги талашсыз.

**Т И Р К Е М Е**

1. Ж.Баласагын атындагы КУУ архиви. Т.Н.Өмүрбековдун өздүк делосу. Ф.869.опись № 3.

2. Өмүрбеков Т.Н. «Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX кылымдын ортосу - XX кылымдын башы)». Адистиги: 07.00.02.- Ата мекендин тарыхы. Тарых илимдеринин доктору окмуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын авторефераты. Бишкек, 2004.

3. Өмүрбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX к. ортосу - XX к. башы).- Б.: Бийиктик, 2003. -288 бет.

4. Өмүрбеков Т.Н. Атаке баатыр баяны. – Б.: Бийиктик, 2005. -160 бет.

5. Өмүрбеков Т.Н. Кыргыз тарыхы: улуу инсандары. Бишкек, «Турар» басмасы, 2018. - 446 бет; Эл башылар, эрендер жана эл тарыхы. – Б.: Макспринт, 2014. 227-бет;

6. Өмүрбеков Т.Н. Участие народностей Семиречья в национально-освободительном движении в начале XX в.:(1900-1917 гг.) Дисс.на соиск.уч.ст.канд.ист.наук. – Алма-Ата, 1986. – 218 с.

7. Өмүрбеков Т.Н. Кыргызстандагы 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүш. Бишкек, 2016. -198 бет.

8. Кыргызстандын тарыхы. ОМ. 7-классы үчүн окуу китеби. Экинчи басылышы. Б., 2002; Кыргызстан тарыхы. ОМ 8-классы үчүн окуу китеби. Кайра иштелип, толукталып, экинчи басылышы. Б., 2003., Киргизлар ва Киргизистон тарихи. Өзбек тилинде. Орто мектептин 6-классы үчүн окуу китеби. - Б., 2004.; Киргизистон тарихи. Өзбек тилинде. Орто мектептин 7-классы үчүн окуу китеби. - Б., 2004.; Киргизистон тарихи. Өзбек тилинде. Орто мектептин 8-классы үчүн окуу китеби. - Б., 2004; История кыргызов и Кыргызстана (с древн. вр. до нач. IX в.н.э.): Нач. курс: Учеб. для 6 кл. сред. шк. Б.: Учкун, 2004; История Кыргызстана. Учебник для 7 класса средней школы. Издание дополненное. – Б., 2005; История Кыргызстана. Учебник для 8 класса средней школы. Издание дополненное. Б., 2005.

9. Кыргызстан тарыхы. ЖОЖ үчүн окуу китеби.- Б.: Макспринт, 2011. - 330 бет.

**Молдокасымов Кыяс Сатарович**
КР Маданиятына эмгек сиңирген ишмер,
КР Президенттик Аппаратына караштуу “Мурас” Фондунун төрагасы

## АГАЙЫМ ТУУРАЛУУ АЛГЫ СӨЗ

Эң жакын адамың, жашоондо өзгөчө таасир эткен агайың тууралуу эскерүү азаптын-азабы экен. Агайыбыздан айрылганыбызга алты жыл болду. Ар убак кеңешин айткан, жолукканда чер жазыша баарлашкан, тарыхка байланыштуубу же жеке турмуш тууралуубу акыл-насаатын айтып турчу агайыбыз алты жылдан бери арабызда жок. Анын элеси, берген тарбиясы, адамдык улуу сапаты биз үчүн түбөлүк сабак болуп, элеси жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн түбөлүк орун алып жашай бермекчи.

Биз сыймыктануу менен эскерип жаткан агайыбыз - Өмүрбеков Токторбек Наматбекович менин жашоомо өзгөчө таасир эткен, керек болсо бурулуш жасоого жол көргөзгөн мыкты адам эле. Балким ошондон уламбы, дүйнөдөн көзү өтөөргө саналуу күндөр калганда, ага көзү жетип, жүрөгү алдын-ала сезгендей, каза болуп калса алгачкы кабарды кимдерге айтаарды алдын-ала тизмелеп, анын баш сабына менин ысмымды да жазып, телефонумду да белгилеп, ал турсун акыркы сапарга узатууда жыйынды алып барчулардын, сүйлөй тургандардын бири катары да атайын баракка жазып калтырыптыр. Эсил кайран агайым, эстүү жан элеңиз, жаныңыз ооруп, кыйналып турган учуруңузда акыркы сапарга узатуу кандай болоорунан бери ойлонуп, ага алдын-ала камданганыңызды алакандай кагаздан окуп, жакын адамдарыңыз бир эңшерилип алдык.

Мына эми 27-март туулган күнүңүзгө карата, болгондо да 70 жылдык маарекеңизди белгилеп, Сиз өмүр бою эмгектенген, катардагы мугалимден илимдин доктору, профессор, факультеттин деканы, Улуттук университетинин окуу иштери боюнча проректорлугуна чейин чыйыр жолду басып өткөн Тарых жана чөлкөм таануу институтунун жамааты, бирге иштеген кесиптештериңиз, пикирлештериңиз, шакирттериңиз сиз тууралуу алгачкы эскерүү илимий жыйынын өткөрүп, китеп даярдап чыгарганы жатабыз. Бирок ал жыйында сиз болбойсуз, жаркын элесиңиз гана болмокчу. Ал жыйында сиздин көзүңүз барда айтылбаган, сиз укпай калган жылуу сөздөр, мактоолор айтылат. Көрсө аралашып жүргөндө сараңдык кылып айтылбаган жакшы сөздөр адамдын көзү өткөндө гана айтылганы кандай өкүнүчтүү экенине дагы бир ирет аргасыз күбө болгону турабыз.

Токторбек агай, сиз 1978-жылы КМУнун (азыркы КУУ) Тарых факультетин артыкчылык дипломду менен аяктап, факультетке жаш мугалим болуп эмгек жолуңузду жаңы баштаган кездери, 1980-жылы биз 1-курска кабыл алынып, СССРдин тарыхы боюнча семинардык сабакты сиз бере баштадыңыз. Сиздин жаштарга, өзгөчө айылдык балдарга жакшы мамиле жасап, насаатыңызды айтып, сабакты өтө кызыктуу жана жандуу өтүшүңүз менен биздин эң жакын агайыбызга айландыңыз. Семинардык сабакка кандай даярдануу керектигин түшүндүрүп, түшүнбөй калган жерлерибизди өзүңүз айтып берип, сабакка болгон кызыгуубузду арттырдыңыз. “Орус правдасынан” башталган орошон темалар аркылуу биз тарыхты тереңдеп окуп, ой-чабытыбыз кеңейди. Жакшы жоопторубузду мактап шыктандырдыңыз, көңүлүбүздү көтөрдүңүз. Орто мугалим өз сабагын жакшы өтөт. Жакшы мугалим өз сабагын мыкты түшүндүрөт. Эң мыкты мугалим студенттерди шыктандырып, келечегине туура багыт берээри айтылып келет. Сиз сабакты жакшы гана түшүндүрбөй, ар дайым бизди шыктандырып тургандыгыңыз менен өзгөлөрдөн айырмаланып турчусуз. Көп агай-эжекелерден сабак алдык, бирок арасынан мыктылыгы менен айырмаланган саналуу эле агайларыбыз болду. Ошондой мыкты агайлардын сап башында сиз турасыз. Сиздин

адамдык, мугалимдик мыкты сапаттарыңызды көрүп, сиздей болууга умтулдук. Ошол өткөн кылымдын 80-жылы башталган сый-урматыбыз сизди арабыздан шум ажал алып кеткенге чейин дээрлик 40 жылга жакын уланды. Сабактан сырткары жатаканага келип, бөлмөбүздө комузду колго алып төккөн ырларыңыз, айткан насааттарыңызды угуп тарбияландык, адам катары калыптандык.

Маркум Токторбек Наматбековичтин баалуу кеңеши менин турмушумду жаңы нукка бурганын ар дайым айтып келем. Бул эскерүү макаламда да аны баса белгилегим келет. 1985-жылы аталган университеттин Тарых факультетин артыкчылык диплому менен аяктап, Эл агартуу министрлигинин жолдомосу менен КМУнун КПСС тарыхы кафедрасында стажер-окутуучу болуп эмгек жолумду баштадым. Бир жылдан соң бул кафедрада Коммунисттик партиянын тарыхы боюнча тема алып, мугалим болуп калмакмын. Бирок бир күнү Токторбек агай кафедрасына чакырып: “Ташкентте Өзбекстандын көрүнүктүү тарыхчысы, профессор Хамид Зияев кыргыздан шакирт даярдап берсем деп бизге кайрылып жатат. КПССтин тарыхына караганда Ата Мекендин тарыхы кызыктуу эмеспи, сен биздин кафедра аркылуу аспирантурага тапшыр да Хамид Зияевичти жетекчи кылып, Ташкенттин, Алматынын, Москва, Ленинграддын архивдеринде иштеп, жаңы багыттагы изилдөөңдү баштабайсыңбы” – деген кеңешин айтты. Агайдын бул кеңеши менин турмушумдагы өтө баалуу кеңеш болуп, жашоомдо бурулуш жасады. Эгер агайдын мындай кеңеши болбогондо анда мен “КПСС тарыхы жаштарды коммунисттик тарбиялоодогу орду жана ролу” деген темада изилдөө ишимди бекиттирип, жашоомду андан ары кылдыратмакмын. 1986-жылы аспирантурага орун болбой, Токторбек агайдын жардамы менен Тарых факультетиндеги Совет дооруна чейинки СССР тарыхы кафедрасында ага-лаборант болуп бир жыл иштеп, кийинки жылы аспирантурага тапшырууга туура келди. Алган маянам да аз. Агайым бул маяна менен кыйналасың деп кечки даярдоо бөлүмүндө өзү өтчү сабагын мага берип, ал жерден да кошумча айлык алып, шаардагы жашоомо өп-чап жетип иштеп жүрдүм.

1987-жылы аспирантурага өтүп, Ташкенге илимий сапарым башталды. Илимий жетекчим, профессор Хамид Зияевич кыргыздарга өзгөчө жан тарткан, кыргызстандык белгилүү окумуштуулар Анварбек Хасанов, келечектеги устатым Кушбек Үсөнбаев, Курмангалый Каракеев, Өмүркул Караевдер менен жакшы мамиледеги абройлуу окумуштуулардын бири эле. Ал ар дайым 2-Дүйнөлүк согушта өз өмүрүн сактап калган кыргыздын чыгаан кызы, профессор Рафа Айдарбекованы көп эскерээр эле. Анткени кан күйгөн майданда оор жаракат алып, ага Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун Ревкомунун төрагасы Иманаалы Айдарбековдун кызы Рафа Айдарбекова эки жолу татаал операция жасап өмүрүн сактап калганын ар убак эстеп, Бишкекке келгенде ага жолугууга көп жолу аракет кылып, бирок жолуга албай калганына өкүнөөр эле. Токторбек агайым тааныштырган Хамид Зияевич Өзбекстандын Мамлекеттик борбордук архивинде кыргыздар тууралуу, элибизден чыккан чыгаан инсандар Алымбек датка, Курманжан датка, Алымкул аталык, Молдо Исхак (Полот хан), Байтик, Шабдан баатырлар жана башкалар тууралуу архивдик документтер көп экенин, алар тууралуу Кыргызстанда кеңири изилдөө болбогонун айтып, архивге болгон кызыгуумду арттырган. Ошондой эле кыргыздар баатыр эл болгонун, отурукташкан өзбек, тажик элдерин сырткы душмандардан коргоп калууга өзгөчө салым кошконун, керек болсо Кокон хандыгын кыргыздар сактап калып, башкарганын кулагыма куйар эле. Тарых факультетинде укпаган, окубаган маалыматтарды айтып, багыт берчү. Мына ошондон тартып Ташкенттин архивинде эргүү менен эмгектенип, көптөгөн жаңы маалыматтарга туш боло баштадым. Тапкан маалыматтарым тууралуу Ташкенттеги Чыгыш таануу институтунда аспирантурада окуп, Аспиранттар үйүндө бирге жашаган кесиптешим Тынчтыкбек

Чоротегин менен бөлүшүп, баарлашчумун. Ал жаңы тапкан маалыматтарың тууралуу жазып, гезит-журналдарга жарыяла деген кеңешин айтаар эле. Же оңдуу макала жазганды билбейм. Акырындап макала жазганды үйрөнүүгө туура келди. Жазган макалаларым “Ленинчил жаш”, Кыргыз маданияты”, Советтик Кыргызстан гезиттерине, Ала-Too журналдарына байма-бай басыла баштады. Ал учурда аталган гезиттердин нускасы 200-300 миңге, Ала-Тоо журналы 70 миңге жетчү. Ошентип тарыхчылык кесипке кызыгуум артып, ал менен кошо жазганды үйрөнүп журналисттик кесип да өзүнө тарта баштады. Ар бир жарык көргөн макаламды Токторбек агай калтырбай окуп, баалуу кеңештерин берип, багыттап турчу. Ал учурда тарыхчылардын көпчүлүгү жакшы макала жазгандан аксачу. Саналуу гана тарыхчылар гезит-журналдарга жазып, окурмандардын кадыр-баркына ээ болушкан мезгил эле. Москвадан башталган Кайра куруунун илеби тарыхчыларды да өзүнө тартып, демократиялык багытка жетелей баштады.

Кыргыз тарыхын жаңы көз карашта изилдейли, актай жерлерин толуктайлы, мектептер менен ЖОЖдордо Ата Мекен тарыхын окуталы деген аракеттин тегерегинде Кыргызстан Жаш тарыхчылар жамаатын түзөлү деген демилге менен чыгууга туура келди. Анын башатында Тынчтыкбек Чоротегин, Адыл Кожобаев, Айдарбек Көчкүнов, Дөөлөтбек Сапаралиев сыяктуу тарыхчылар менен бирге туруп, ага Токторбек агайыбыз да активдүү аралашты. Кушбек Үсөнбаев, Өмүркул Караев агайларыбыз баалуу кеңештерин беришип, тарыхты жаңыча жазууга активдүү киришти. Мектептерде, ЖОЖдордо Кыргыз тарыхы окутулсун деп атайын программа даярдап, Билим жана Илим министрлигин макулдатып, буйругун чыгартууга жетиштик. Жаңы программа менен тарыхты окутууга киришкенде окуу китептер да жок эле. Ошентип окуу китептерди жазуу маселеси курч коюлуп, ага Токторбек Өмүрбеков агай менен Тынчтыкбек Чоротегин авторлош болуп батыл киришти. Биз улам-улам коштоп, жаңы окуу китептер жазылып жатат деп айтып, басылмаларга да жазып турдук. Кийин Токторбек агай: “Сен улам бизди окуу китептерин жазып жатат деп гезиттерге жаза берип, уят болуп калбайлык деп чымыркана отуруп, окуу китептерин жазууну эртелетүүгө аргасыз болдук” – деп көп айтаар эле. Натыйжада 6-8-класстар үчүн окуу китептери тездик менен жазылып, миңдеген нускада басылып, башка тилдерге да которулуп, көп нускада улам-улам басылып жатты. Өлкөдөгү ар бир окуучу агайдын авторлошо жазган окуу китептери аркылуу тарыхты терең үйрөнүп, мекенчилдикке тарбияланып келет. Бул иште да агайдын эмгеги өтө зор болду.

Токторбек агайдын дагы бир артыкчылыгы ал мыкты уюштуруучу эле. 1995-жылы “Манас” эпосунун 1000 жылдыгын белгилөөнүн алдында илимий-пропагандалык ишти жүргүзүү үчүн “Мурас” фонду түзүлдү. Анын жетекчилигине кыргыздын дагы бир мыкты окумуштуусу Аблабек Асанканов дайындалып, Токторбек агай орун басарлыкка бекиди. Эки агайыбыз эриш-аркак эмгектенишип көптөгөн илимий, илимий-популярлуу китептерди даярдатып, басмадан чыгарышты. Республикалык, эларалык эчендеген илимий-практикалык конференцияларды жогорку деңгээлде өткөрүштү. Ага катышуу үчүн көптөгөн окумуштуулар дүйнөнүн төрт тарабынан келишип, кыргыз окумуштуулар алар менен баарлашып, ар кыл темаларды талкуулашып, деңгээли артты. Мындай иш-чараларды өткөрүүдө агайдын уюштуруучулук жөндөмүн, эмгекчилдигин Аблабек агай да оозунан түшүрбөй ар дайым айтып келет. Токторбек агайдын уюштуруучулугу, мыкты жетекчилик сапаты 2001-2008-жылдарда КУУнун Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин деканы кызматында иштеп турган учурунда да көрүндү. Таңкы саат 7ден кечки 7-8дерге чейин агай өз ордунда отурчу. Факультеттеги ар бир студенттин аты-жөнүнө чейин билип, ар бирине аяр мамиле жасап, акыл-насааттарын айтканга да жетишчү. Ошондуктан агайдын колунан тарбия

алган ар бир студент өтө сыймыктануу менен эстешет, каза болгонун уккандар каңырыгы түтөп эскеришет.

Агайдын Тарых илимине кошкон эмгеги өзгөчө бааланып, 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер ардактуу наам берилсе, 2016-жылы "Даңк" медалы менен сыйланды. Токторбек Наматбекович илим жолун алгач 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн тарыхын изилдөө менен баштап, кийинчерээк тарыхый инсандардын тарыхтагы ээлеген ордун, ишмердигин терең изилдөөгө алып, бул багытта көптөгөн жаңылыктарды киргизип, ийгиликтерге жетишти. 2004-жылы докторлук диссертациясын да инсандардын тарыхын изилдеген эмгеги менен коргоду. Бул багытта агайдын изилдеген эмгектеринин бардыгын чогултуп, Кыргыз Республикасынын Президенттик Аппаратына караштуу "Мурас" Фонду 2018-жылы "Кыргыз тарыхы: Улуу инсандары" аттуу көлөмдүү монографиясын чыгарып бердик. Агай бул эмгеги жарык көргөндөн баштап чечекейи чеч, көңүлү куунак болуп, жолуккан жерден ыраазычылыгын билдирип жүрдү. Көрсө бул китеби агайдын көзү тирүүсүндө көргөн соңку эмгеги, соңку кубанычы болгонун анда кайдан билели. Бирок биз бул китебин чыгаруу менен агайдын алдындагы карызыбыздан кутула алган жокпуз деп эсептейм. Анткени агайдын бизге берген билими, тарбиясы, кеңеши, өрнөгү эч нерсе менен өлчөнгүс, баа жеткис!

Андыктан агайдын жаркын элеси ар дайым жүрөгүбүздө түбөлүк сактала бермекчи. Агайга болгон сый-урматыбыз жыл өткөн сайын күчөп улана берет. Агай тууралуу алдыда далай-далай сөз кылып, эскерип жаза бермекчибиз!

УДК: 001:004.3(575.2) (04)

**Алимова Б.М., Эсенбаева А.С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Алимова Б.М., Эсенбаева А.С.**
КНУ имени Ж.Баласагына
**Alimova, B.M., Esenbaeva, A.S.**
KNU J. Balasagyn

# СССРДЕГИ ИЛИМ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯ ТАРМАГЫНДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР (1930-1950-ЖЫЛДАР)
# ДОСТИЖЕНИЯ В ОБЛАСТИ НАУКИ И ТЕХНОЛОГИЙ В СССР (1930–1950-Е ГОДЫ)
# ACHIEVEMENTS IN SCIENCE AND TECHNOLOGY IN THE USSR (1930–1950)

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул илимий макалада 1930–1950-жылдар аралыгындагы СССРдеги илим менен технологиянын өнүгүүсү кеңири баяндалат. Макалада атом энергетикасынын түзүлүшү, суутек бомбасын жаратуу, космоско карай жасалган алгачкы кадамдар, ошондой эле аскердик жана тынчтык максаттагы илимий-техникалык жетишкендиктер баяндалат. Советтик илим бул мезгилде дүйнөлүк лидерликке чыгып, мамлекеттин күч-кубатын арттырууда чоң роль ойногон.

**Аннотация:** В статье подробно рассматривается развитие науки и технологий в СССР в 1930–1950-х годах. Особое внимание уделено созданию атомной энергетики, разработке водородной бомбы, началу освоения космоса, а также военно-промышленным и гражданским научно-техническим достижениям. Советская наука в этот период сыграла ключевую роль в укреплении могущества государства и заняла лидирующие позиции в мире.

**Abstract:** This scientific article explores the development of science and technology in the USSR during the 1930s–1950s. The paper focuses on the creation of atomic energy, the development of the hydrogen bomb, the first steps toward space exploration, and major scientific and technical achievements in both military and civilian fields. During this period, Soviet science reached global leadership and played a crucial role in strengthening the country's power.

**Негизги сөздөр:** атом энергетикасы; суутек бомбасы; космоско чыгуу; советтик илим; технологиялык жетишкендиктер; Улуу Ата Мекендик согуш; индустриализация; ракета куруу; илимий өнүгүү; СССР.

**Ключевые слова:** атомная энергетика; водородная бомба; освоение космоса; советская наука; технологические достижения; Великая Отечественная война; индустриализация; ракетостроение; научное развитие; СССР.

**Keywords:** atomic energy; hydrogen bomb; space exploration; soviet science; technological achievements; Great Patriotic war; industrialization; rocket engineering; scientific development; USSR.

1930–1950-жылдар аралыгы Советтер Союзунун өнүгүү тарыхында илим менен техниканын өтө тездик менен өсүп-өнүккөн мезгили болуп калды. Бул жылдарда ССРС дүйнөнүн алдыңкы индустриалдык жана илимий мамлекеттеринин катарына чыгып, өзүн дүйнөлүк держава катары көрсөтө алды. Өлкөнүн экономикасын, коргонуу күчүн жана социалдык чөйрөнү толугу менен өзгөрткөн ири илимий жана технологиялык жетишкендиктер жаралды.

Бул илимий макалада дал ушул жылдары Советтер Союзундагы билим берүү, фундаменталдык илим, өндүрүштүк технологиялар, атом энергетикасы, космостук жана аскердик изилдөөлөрдүн өнүгүүсү кеңири каралат.

Биринчи кезекте 1930-ж. мектептерде билим алуунун мамлекеттик каржылоосу 1925/26 –жж. караганда 10 эсе өскөн. Жаңы мектептер курулуп, башталгыч класстардын окуучулары кийим, бут кийим, тамак аш, китептер, окуу куралдары менен бекер камсыз кылынган. Жаңы кагаз чыгаруу өнөр жайын, басмаканаларды куруу маселесин да тез арада чечүү зарылчылыгы болгон.

Жалпы билим алууга өтүүдө мугалимдердин жетишсиздик көйгөйүн чечүү үчүн жети жылдык мектепти бүтүргөндөргө башталгыч класстарда иштөөгө укук берилген. Désinституттарды жана училищаларды бүтүрүү тездетилген. 1930-1932 -жж. Комсомол үч жолу комсомолдорго педагогикалык ишмердикке бүткүл союздук мобилизация жарыялаган. Бул биринчи беш жылдыктын аягында 8 жаштан 11 жашка чейинки балдардын 98% башталгыч мектептерге тартууга мүмкүнчүлүк берген. ( 1927/ 28-ж.- 51,4%). Ошол эле убакытта сабатсыздарды жана чала сабаттууларды окутуу иштери жүргүзүлгөн. Сабатсыздарды жана чала сабаттууларды окутуунун планы биринчи беш жылдыкта ССРСте 2,5 эсе ашык ( 18,5 млн) аткарылган. 1932-ж. агартуу иштерине 1927/28-ж. караганда 6 эсе көп каражат сарп кылынган.

Индустриалаштыруу өнөр жай үчүн квалификациялуу кадрларды даярдоону тездетүүнү талап кылган. Жумушчуларды окутуу стационардык окуу жайларда өндүрүштөн ажыратылып, да ажыратпай да жүргүзүлгөн. ФЗОлор даярдоону массалык түрдө кылган.

Индустриалаштырууга өтүү менен орто техникалык жана жогорку билим берүү кайра уюштурулуган. Жумушчу-дыйкандардан техникалык интеллигенцияны даярдоо үчүн 2-3 жылда алардын санын 4 эсе өстүрүү керек болгон. Ошондуктан техникалык жогорку окуу жайларда (ЖОЖ) окутуу 5 жылдан 3 жылга кыскартылган. Жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстары техникумга, көп тармактуу техникумдар ЖОЖго айланган, кээ бир политехникалык институттардын жана ЖОЖдордун факульттеринен жана бөлүмдөрүнөн өз бетинче окуу жайлары түзүлгөн. Натыйжада, биринчи беш жылдыктын аягында техникалык ЖОЖдорду бүтүрүүчүлөрдүн саны 4 эсе, техникумдарды аяктагандар 6,5 эсе көбөйгөн. 1929-1932-жж. ЖОЖдордо 170 миң, 1933-1937-жж. 370 миң адис даярдалган. 1928-1937-жж. ЖОЖдорду жана техникумдарды 2 млн. адис бүтүргөн.

Жогорку квалифициядагы адис чарбалык жетекчилерди даярдоо үчүн Москвада Бүткүл союздук өнөр жай академиясы ачылган. Мындай окуу жайлары башка өнөр жай шаарларында да уюштурулган. Техникалык адистерди даярдоону жакшыртуу жана аларды өндүрүшкө жакындатуу максатында айрым техникалык окуу жайлары Эл агартуу элдик комиссариатынан тармактык элдик комиссариаттардын карамагына өткөрүлүп берилген.

Экинчи беш жылдыкта ССРСде негизинен жалпы сабаттуулукка жетишүүнүн программасын ишке ашырууга материалдык база түзүлгөн: 20 миң жаңы мектептер пайда болгон. Жалпы билим берүү мектептери үч типтен турган: башталгыч (1-4 класстар), толук эмес орто (1-7), жана орто (1-10).

Ошол беш жылда башталгыч жана орто мектептерде окуучулардын саны 29,4 млн.го өскөн. Мамлекеттин маданий курулушка (мектептер, адистер, илим, басма сөз ж.б.) сарптоосу биринчи беш жылдыкка салыштырганда 5 эсе жогору болгон. 1934-1938-жж. окуу китептерин басып чыгаруу эки эсеге өскөн.

1936-ж. эки жылдын ичинде 50 жашка чейинки адамдардын сабатсыздыгын жана чала сабаттуулугун толук жоюуга жетишүү жөнүндө чечим кабыл алынат. Аларды жалпы билим

берүү мектептеринде окутуу кеңейтилет. Бийликтин бул аракеттери эмгекчи массанын маанайын жогору көтөргөн.

Илимдин өнүгүүсү эл чарбасына көмөктөшүүгө максатталган. 12 институту менен 1929-ж. түзүлгөн Бүткүл союздук айыл чарбалык академиясы жер иштетүү элдик комиссариаттарына баш ийген жана бардык айыл чарбалык өндүрүштү камтыган илимий-изилдөө институттарынын тутумунда болгон. Индустриалдык илимий – изилдөө институттарынын ишмердигин эл чарбасын кайра куруу менен тыгыз байланыштуу кылган. 1928-1931-жж. алардын саны 30дан 205 ке көбөйгөн. Экинчи беш жылдыктын аягында өлкөдө 38 миң илимий кызматкерлер иштеген 867 илимий-изилдөө институттары жана алардын 283 филиалдары болгон.[1]

1918-ж. баштап бардык окумуштуу адис үчүн бир эле наам боло турган болсо, 1934-ж. 13-январда өзгөрүүлөр киргизилет: илимдин кандидаты жана доктору (биринчи даража кандидаттык, экинчиси - доктордук диссертация жактагандан кийин берилген) деген илимий даражалар, ассистенттин, кенже илимий кызматкердин, доценттин, профессордун, илимий мекеменин анык мүчөсү деген илимий наамдар аныкталган. Наамдар аткарган педагогигалык жана илимий-изилдөө иштери үчүн берилген. 1936-ж. ССРСте 2500 профессорлор, 3800 доценттер,1800 докторлор жана 3 миң илимдердин кандидаттары болгон.

1937-ж. ЖОЖдордун кызматкерлеринин эмгегинин өтө жогору коомдук маанилүүлүгүнөн, алардын штаттык-маянасы 30% көтөрүлгөн. Окутуучулар - илимий даражасы жок жардамчылар (ассистенттер) - 500, профессор, илимдин доктору, кафедра башчысы 1500 сом алышкан.

ЖОЖдордун кээ бир учурда, доценттер үчүн 1500 сом, профессорлор үчүн 2000 сом персоналдык маяна чектөө өтүнүчү менен кайрылуусун канааттандыруу мүмкүнчүлүгү болгон. Студенттердин стипендиясы ЖОЖдордо 173 сомдон 183 сомго чейин болуп, аны бардык студенттердин 60 - 70% алган. (1937-ж. эң төмөнкү маяна 110 сом, 1939-ж. ССРСтин эл чарбасынын жумушчуларынын жана кызматкерлеринин орто маянасы 328 сомду түзгөн).

1933-ж. Академия ССРСтин Эл комиссариаттарынын карамагына өткөрүлүп, 1934-ж. Ленинграддан Москвага көчүрүлөт. 1929-ж. ССРСте 1227 илимий мекемелер (анын ичинен 7 академия жана ассоциация, 789 институт, 35 борбордук архив) болгон. Аларда 25 миң илимий кызматкерлер иштеген (1917-ж. - 12 миң), алардын ар бир үчүнчүсү советтик ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү. Биринчи беш жылдыктын маалында жаны институттар: Геология ( 1930), Энергетика (1930), Физикалык химиянын институту уюштурулган.

Академиянын Москвага көчүрүлүүсү менен жаңы академиялык илимий-изилдөө: Математикалык, Физикалык, Жалпы жана органикалык эмес химия, Физикалык маселелердин институттары ачылат. 1930-жж. Азербайжан, Грузия, Ыраакы Чыгыш, Казак, Урал филиалдары; Академия Илимдеринин Коль,Түндүк жана Тажик базалары өзүнүн изилдөө иштерин башташат.

Аскер-техникалык билимдерди жана согуштук техниканы өздөштүрүүгө жаңы атайын аскер академиялары: Кызыл Армияны механизациялоо жана моторлоштуруу, Артиллериялык, Аскер-инженердик, Аскер-химиялык, Аскер-электротехникалык, Аскер-унаалык - чоң салым кошушкан. 1940-жылга карата ССРСде 1230 илимий мекеме иштеп, 7 академия, 870 илимий-изилдөө институту жана 280 филиал түзүлгөнү илимий өнүгүүнүн масштабы чоң болгонун көрсөтөт. [2]

Өзгөчө илимий жетишкендиктери үчүн окумуштууларга 1925-1934-жж. Ленин атындагы сыйлыктар берилген. 1934-ж. баштап ССРСтин Илимдер Академия Совет мамлекетинин белгилүү окумуштууларынын атынан сыйлык уюштурган.

1920-жж. аягында - 1930-жж. советик окумуштуулар өтө маанилүү илимий ачууларга жетишкен. Мандельштам жана Ландсберг, Тамм, Скобельцын, ж.б. Черенков аркылуу гамма - нурунун таасири алдында таза суюктуктардын өзгөчө нурлануусу табылган, анын толук таасирин Тамм жана Франк (1937) көрсөткөн. Кийин бул үчүн (1958) алар Нобелдин сыйлыгына татыктуу болушкан. Семенов "Химиялык кинетика жана чынжыр реакциялары" деген китебинде бир топ маанилүү ачууларды жасап, кийинчерээк окуучулары менен аларды тактап, Нобелдин химия боюнча сыйлыгына ээ болгон. Профессор Бакаевдин реактивдүү снаряддар үчүн ок дарынын рецептурасын ачып, ал кийин "катюшалардын" снаряддарына пайдаланылган.

1930-жж. ССРСте атомдук ядронун физикасы өнүгө баштаган. Анын биринчи ийгиликтери теориялык иштер менен байланыштуу болгон: ядронун протон-нейтрондук модели (Иваненко), алмашуу күчтөрү (Тамм жана Иваненко). Ландау 1932-ж. нейтрондун ачылышынан кийин, заттардын нейтрондук абалын алдын ала айткан. ССРСтин ядерлик изилдөөлөрдө алдыңкы позициялары, чет элдик окумуштуулар катышкан атомдук ядронун физикасы боюнча бүткүл союздук конференцияларында (1933,1937) көрүнгөн. Курчатов 1934-жылы ядерлик реакциянын таралышынын көрүнүшүн ачкан. 1937-ж. Радий институтунда ССРСте жана Европада биринчи болуп циклотрон - атомдук ядрону бөлүүчү аппарат жасалган.

Тихомиров - Артемьев баштаган инженерлердин тобунун иштеринин негизинде советтик ракеталык долбоор башталат. 1928-ж. 3-мартта алар түзгөн ракета түтүнсүз ок-дары менен 1,3 км. аралыкта учат.

1933-ж. 17-августта Королевдун жетекчилиги алдында реактивдүү кыймылды изилдөөчү Топтун кызматкерлери түзгөн биринчи суюктук ракета учурулат. Ал учууда 18 секунд болуп, 400 м бийиктикке көтөрүлөт, ал космостук аймакты изилдеген советтик ракеталардын башталгычы болот. Ошол эле жылы Реактивдик Илимий-изилдөө институту ачылат.

1934-ж. биринчи радиолокаторлор сыноодон өтөт. (Ощепков ж.б.) 1937-ж. кемелер жана суу алдындагы кемелер үчүн радиопеленгаторлор түзүлөт. Чижевский дүйнөдө биринчи болуп электрбоегунун ыкмасын ачат. Андан сырткары ал гелиобиологияны да негиздеген.

Чаплыгин жетектөөчү советтик окумуштуу-механиктердин ийгиликтүү мектеби түзүлөт. 1930-ж. алардын институту авиациянын, гидромашина - кеме куруунун жана башка өнөр жайдын тармактарынын көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшкөн жана гидроаэродинамиканын тармагындагы теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн уникалдуу илимий борбору болуп калган. Бул тармактарда илимий-изилдөөлөрдү тереңдетүү үчүн Бүткүл союздук авиациялык материалдардын институту жана Авиациялык мотор куруу борбордук институту түзүлөт. 1934-ж.туполевчилер дүйнөдө эң чоң сегиз моторлуу АНТ-20 транспорттук учак курат. 1930-ж. Черемухин курган биринчи советтик вертолет учурулат. Советтик авиация алыска учуу, бийиктикке көтөрүлүшү, жүк көтөрүүчү жана башка көрсөткүчтөрү боюнча дүйнөлүк лидерликке чыгат. Советтик окумуштуулардын конструкциясындагы учактар Советтер Союзун даңазалаган учууларды жасашат. 1937-ж. июнда жана июлда, андан кийин 1939-ж. Москвадан АКШны көздөй Түндүк уюл аркылуу эч жерде кондурулбаган учуулар болот.

1930-жж. экинчи жарымында бир катар илимий жетишкендиктер болгон. Математика, физика, авиация тармактарында да уникалдуу ачылыштар болду. Мисалы, 1937-жылы дүйнөдөгү биринчи циклотрон курулганы советтик физиктердин жетишкендигин далилдейт. [3] П.Капица газдарды суюлтуучу техниканын өнүгүүсүнө бөтөнчө салым кошот: дүйнөдө

биринчи гелий суюлткучун жаратат (1934), төмөнкү басымдын циклин колдонуп, газдарды суюлтуу ыкмасын сунуштады (1939), гелийдин өтө куюлчактыгын ачты (1938). Кийин Ландау экөө бул эмгектери үчүн Нобель сыйлыгынын лауреаты болушту. 1938-ж. А.Иоффенин илимий жетекчилиги алдында аспиранттар Ю.Масловец жана Г.Коломиец күн энергиясын электр энергиясына айлантуунун коэффициентин ойлоп чыгарышкан. Бул «күн чатыры» аркылуу энергия менен камсыз кылуу проблемасынын келечекте чечилишине жол салган. 1940-ж. Г.Флеров жана К.Петржак (Курчатовдун лабораториясы) урандын башаламан бөлүнүшүнүн көрүнүшүн ачышкан.

1930-жж. ортосунда советтик геологдор жана географтар чоң иштерди жасашты. 1939-жылга карата өлкөнүн аймагынын 46% геологиялык сүрөткө түшүрүлгөн (1929-ж. – 18%). ССРС 1930-жж., аягында мунайдын, гидроэнергиянын, чым-көңдүн, темир жана марганец рудасынын, цинктин, коргошундун, апатиттин, калий туздарынын табылган запастары боюнча дүйнөдө биринчи орунду ээлеген. Арктиканы, аба ырайын божомолдоодо жана Түндүк деңиз жолу менен сүзүүнүн муздагы шарттарын изилдөөлөрдө жана өздөштүрүүдө Түндүк Муз океанында калкып жылып жүрүүчү муздарында уюштурулган илимий обсерваториялардын эмгектери чоң мааниге ээ болгон. Алгач обсерватория – «Түндүк уюл 1» уюлдук станция – И.Папаниндин жетекчилиги алдында 1937-1938-жж. иштеген.

Советтик ядерчилердин жана космос шооласынын адистеринин III-чү (1938), IV-чү (1939) жана V-чи (1940) Бүткүл союздук конференциялары атомдук ядронун физикасын изилдөөдө маанилүү тажрыйбаны топтогондоруна күбө болгон. Советтик окумуштуулар Улуу Ата Мекендик согуштун алдында эле атомдук энергияны пайдалануунун маселелерин чечүүгө жакындап калышкан. 1941-ж. октябрда П.Капица: «Теориялык эсептөөлөр атомдук бомба, кенедей эле өлчөмдө, жеңил эле бир нече миллиондогон калкы бар борбордук ири шаарды жок кылып жибере аларын көрсөтүп жатат», - деген. [4]

Советтик химиктердин жаңы ийгиликтери атайын иштеги каучуктарды синтездөөгө жана жасалма алмаздарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Физик-химик И.Петрянов - Соколов 1933-1939-жж. аэрозолдорду изилдөөнүн ыкмаларын иштеп чыгып, өтө таасирдүү жука булалуу фильтрлерди жасоонун технологиясын сунуштады жана ишке киргизди (Петряновдун фильтры).

1930-ж. аягында – 1940-ж. башында ССРСте чет өлкөлөрдө чыгарылгандардан артыкчылыгы бар болгон согуштук техниканын жаңы түрлөрүн: танк -34 (конструкторлор М.Кошкин, А.Морозов, Н.Кучеренко), «Клим Ворошилов» оор танкы (Ж.Котин), реактивдүү миномет БМ-13 (А.Костиков ж.б.), штурмовик Ил-2 (С.Ильюшин) чыгарып баштаган. Сериялык өндүрүшкө согуш маалында өзүн мыкты көрсөткөн ЯК-1 (А.Яковлев), МиГ-№ (А.Микоян, М.Гуревич), ЛаГГ-3 (С.Лавочкин ж.б.), тез ылдамдыктагы найзадай сайылуучу (пикирующий) бомбалоочу учак Пе-2 (В.Петляков) берилген.

Кызыл Армиянын куралдануусуна учактарды радио менен табуу жана аларга чейинки аралыкты аныктоочу системалар (Ю.Кобзарев - РУС-1) жана А.Слепушкин РУС-2) кабыл алынган. 1940-ж. биринчи советтик гидролокатор «Тамир» жасалган. 1940-ж. 28-февралда С.Королевдун конструкциясы менен түзүлгөн суюк ракеталык кыймылдаткычтуу эксперименталдык бир орундуу ракетоплandдын биринчи учуусу (учкуч-сынагыч В.Федоров), ССРСтин окумуштууларынын жана техниктеринин ракета куруудагы ийгиликтеринин мисалы болгон.

Илим жана техника согуштук өнөр жай тармагында да зор ийгиликтерди камсыздады. Согуш жылдарында иштелип чыккан Т-34 танкы, Катюша ракеталык системасы, Ил-2 учагы дүйнөлүк деңгээлдеги аскердик техниканын үлгүсү болду. [5]

1945-ж. карата Т-34 танкасын даярдоодогу жумуштун түйшүгү, согушка чейинки жылдар менен салыштырганда, 2,4 эсе төмөндөп, танк курулушунда эмгектин өндүрүмдүүлүгү 2 эсе өсөт. Советтик согуштук техниканын сапаты – А.Яковлевдин, С. Лавочкиндин истребителдери, С.Ильюшиндин штурмовиктери; А.Туполевдин Н.Поликарповдун, М.Петляковдун бомбардировщиктери; М.Кошкин А.Морозов, Ж.Котиндин орто жана оор танкалары; В.Грабиндин, Ф.Петровдун, И. Ивановдун артиллериялык куралы – ага окшош германдык армиянын үлгүлөрүнөн артык болгон.

Танкаларга каршы В.Дегятрев жана С.Смирновдун куралынын жаңы үлгүлөрү өздөштүрүлгөн. Артиллерия-миномёттун жалпырт атуусунун салмагы 1941-ж. 548 кг, болсо 1944-ж. декабрда 1589 кг жеткен.

Ошентип фашизмди жеңүүгө окумуштуулар чоң салым кошкон. Физиктер куралдын жаңы түрлөрүн түзүү үчүн теориялык жана эксперименталдык негиздерди даярдашкан; математиктер артиллерия, авиация жана согуштук кемелер үчүн тез эсептөөлөрдүн ыкмаларын иштеп чыгышкан; химиктер жардыруучу заттарды, кошундуларды, дары-дармекти өндүрүүнүн жаңы жолдорун табышкан; биологдор Кызыл Армиянын азыктануусунун ресурстарын издеп табышкан. Окмуштуулар чыгыш райондорундагы ресурстарды мобилизациялоо жана өндүрүш күчтөрүн өнүктүрүүгө көп иштерди кылышкан. Мисалга, геологдордун изденүүсүнүн аркасында ири Волга-Урал мунай газдуу облусту иштетүү башталат. Душмандан техникалык жактан артыкчылыкка жетишүү - өтө татаал көйгөйлөр, (электромагниттик миналарды зыянсыздандыруу, жаңы оптикалык аспаптарды ойлоп чыгаруу, автоматикалык электр ширетүүсүн, багытталган жарылуунун технологиясын пайдалануу ж.б.) ийгиликтүү чечилген. Армияны дүйнөдө эң мыкты куралдардын жана согуштук техниканын үлгүсү менен камсыз кылууда баа жеткис ролду көрүнүктүү окумуштуулар И.Бардин, А.Берг, А.Благонравов, С.Вавилов (ССРСтин ИА 1945-1951-жж. президенти), А.Колмогоров, М.Лаврентьев, Е.Патон ойношкон. М.Калашников 1942-ж. өзүнүн биринчи пистолет-пулеметун жасаган. Анын андан аркы иликтөөсү, атактуу АК-47 жаратууга алып келген.

Согуш маалында бут кийимдин өтө курч жетишсиздигинен, терини алмаштырган кирзанын ойлоп табуу чечкен. Жаш химик И.Плотников бул көйгөйдү чечүүдө биринчи натыйжаларга согуштун алдында жеткен, бирок аягына чыга элек болгон. 1941-жылы августта ал өз ыктыяры менен фронтко кеткен. Аскерлерди камсыздоо маселелери талкууланып жатканда, аны эстешет да, фронттон чакырып, лабораториянын жана «Кожимит» заводунун жетекчиси кылып дайындашат. Ал көп кабаттуу пахтадан токулган кездемелер сиңире ала турган химиялык курамды ойлоп таба алган да, суу өткөрбөгөн кирзаны жасаган. Элде аны «шайтандын териси» деп аташкан. 1941-ж. ноябрда кирза өтүктөрү массалык түрдө чыгарылып баштайт. Анын экономикалык таасири бир жылда 30 млн сом болгон. Армия кепич жана чүпүрөк менен оролгон жөкө чокойду кийүүдөн кутулган. 1942-ж. кирзаны ойлоп табуу Сталиндик сыйлык менен белгиленген. 1943-ж. Сталиндик сыйлыкты И.Ястребов жана Лысьвендик металлургиялык заводдун адистери алган. Өлкөдө ал армиялык каска чыгарган жалгыз завод болгон. Сыйлык болоттун өзгөчө ийилчээк жана бышык маркасын ойлоп чыгаргандары үчүн алышкан. Андан жасалган каскаларды 25 м аралыкта атылган ок тешип өтө албаган. Согуш жылдарында ал жүз миңдеген солдаттардын жанын сактап калган.

Согуштун эң оор мезгилинде ССРС ядерлик куралды ойлоп чыгууга киришкен (АКШда мындай иштер 1939-ж. октябрда башталган). Изилдөөлөрдүн башталышы Мамлекеттик Коргоо Комитетинин «Уран боюнча иштөөнү уюштуруу» (1942-ж. сентябрь) жана «Уран

боюнча иштөөнү уюштуруудагы кошумча иш чаралар жөнүндө» (1943-ж. февраль) буюртмаралары менен жөнгө салынган. Бул чечимдерге ылайык Москвада ССРС ИА нын №2 Лабораториясы түзүлгөн (1943-ж.апрель). Атомдук долбоорго илимий жетекчиликтин башында Ленинграддык физика-техникалык институттун 39-жаштагы профессору И.Курчатов турган. Ийгиликке биринчи кадамдарды ал иниси Б.Курчатов, В.Давиденко жана Г.Флеров, физик-теориячыл Ю.Харитон, Б.Зельдович, И.Померанчук менен бирге жасаган.

1946-ж. апрелде Биринчи Башкы Башкармалыгынын тутумунда П.Зернов менен Ю.Харитон башында турган (конструктордук бюро) КБ-11 (Арзамас -19 «почта ящиги»), атомдук бомбаны жасоо – даана максаты менен уюштурулган. Алгач плутоний бомбасын сыноодон өткөрүү январдан, ал эми уран бомбасын – 1948-ж. июлдан кеч эмес болжолдолгон. Бирок 1948-ж. февралда бул мөөнөттөр 1949-ж. март-декабрга жылдырылган. 1948-ж. ортосунан теориячыл – физиктердин эки тобу (бири Химиялык физика институтунда, Я.Зельдовичтин, экинчиси ССРСтин ИА физика институтунда И.Таммдын жетекчиликтери алдында) термоядерлик жарылуунун көйгөйүнүн үстүндө иштешкен.

1946-ж. апрелде Кремлде советтик авициянын келечектеги өнүгүүсүнө арналган кеңешме чакырылган. Анда реактивдүү кыймылдаткыч куруунун жана учак куруунун өнүгүүлөрүнүн динамикасы каралып бекитилет. Натыйжада ССРСте бир нече конструктордук бюролор курулган, жана августта аскердик-аба күчтөрүнүн күнүндө МИГ-9 жана Як-15 реактивдүү истребителдеринин сынактык үлгүлөрү "Тушино" аэродромунда учурулуп, жакын арада алардын сериялык өндүрүүлүсү башталган. Ошол эле убакытта ракета куруу кеңири жайылтылган. 1946-ж. апрелде ал коргоо өнөр жайынын өз бетинче тармагына бөлүнүп, кийинки айда реактивдүү техника боюнча №2 Атайын комитет уюштурулган (Г.Маленков, андан кийин Н.Булганин – төрагалары). Жакын эле арада 1947-ж. 18-октябрда ошол жылы курулган Капустин Яр машыгуу майданында, немисттик Фау-2 ракетасынын көчүрмөсү пайда болгон, С.Королевдун жетекчилиги менен жасалган, орто радиуста иштеген советтик ракета сыноодон өткөн. Ракета куруудагы ийгиликтерге Ракеталык техника боюнча башкы конструкторлордун совети көмөк болгон. Советке С.Королев (төрагасы), В.Глушко, Н.Пилюгин, В.Бармин ж.б. кирген.

1950-ж. куралданууга Р-1 ракетасы менен биринчи советтик ракеталык топтому кабыл алынган ( ракетанын учууну баштагандагы (старттагы) массасы – 13,4 т, алыска учуусу – 270 км, 785 кг, кадимки жарылуучу заттын жабдыгы – 785 кг). Р-2 ракеталык топтомунун (1951-ж.) старттагы массасы – 20 т, алыстыгы – 600 км, күжүрмөн дүрмөтүнүн массасы – 1008 кг. Р-5 ракеталык топтому (1955-ж.) - күжүрмөн дүрмөттү 1200 км жеткирген. Анын жаңыланганы (Р-5М), 1955-ж. куралданууга алынган, ал аскердик техниканын тарыхында биринчи ядерлик дүрмөттү ташуучу ракета болгон. 1954-ж. майда Р-7, ядерлик күжүрмөн дүрмөттү душмандын аймагында, каалаган точкасына жеткире ала турган, эки тепкичтүү баллистикалык ракетасын иштеп чыгуу чечими кабыл алынган.

1950-ж. июлда Н.Доллежалдын жетекчилиги алдында атомдук электрстанция үчүн реакторду иштеп чыгарууга багытталган Атайын конструктордук бюро түзүлөт. 1952-ж. ноябрда ССРСтин Совмининин атомдук суу алдындагы кайыкты долборлоо жөнүндө токтому чыгат. Долбоордун илимий жетекчиси болуп А.Александров, атомдук орнотмонун башкы конструктору – Н.Доллежаль, суу алдындагы кайыктын башкы конструктору – В.Перегудов дайындалышат.

Бул доор советтик илимдин ири ийгилиги болуп, дүйнөдө алдыңкы держава катары позициясын чыңдады. Ошол эле учурда тынчтык максатындагы атом энергетикасын ишке

киргизүү иштери башталды. 1954-жылы Обнинск шаарында дүйнөдөгү биринчи атомдук электр станциясы ишке берилди [6].

Атомдук, ракеталык жана башка коргонуу көйгөйлөрдү чечүү, бөтөнчө ишканалары, лабораториялары, конструктордук бюролору менен, калктын көпчүлүгү үчүн жабык болгон, ондогон шаарларда жүргүзүлгөн. Кийин ал өндүрүш борборлор Саров (Арзамас-16), Озерск (Челябинск-40), Снежинск (Челябинск-70), Новоуральск (Свердловск-44), Лесной (Свердловск-45), Трехгорный (Златоуст-36), Заречный (Пенза-19), Приозерск (Балхаш көлүнүн жээги) , Шиханы (Саратов облусу), Камбарка (Удмуртия), Капустин Яр (Астрахань облусу) ж.б. болгон.

1948-ж. карата өлкөнүн аймактарында урандын ири кени табылып, ал атомдук долбоорлордун керектөөсүн толук канааттандырган масштабда казып чыгарылган. ССРСте уран рудасын казып чыгуу жана аны тазалоо боюнча эң башкы ишканасы Тажикстандагы 7 рудник жана 5 заводу менен №156-чы комбинаты болгон.

1946-ж. 25-декабрда И.Курчатов Москвада уран-графиттик тажрыйбалуу реакторду ишке киргизген жана анда бөлүнүүнүн тизмектик ядерлик реакциясын ишке ашырган. Бул плутонийди алуунун биринчи өнөр жай реакторун куруунун негизги этабы катарында, фундаменталдык илимий жана практикалык маанидеги чоң окуя болгон. Тажрыйбалуу реакторду куруу иштери 1943-ж. марттан башталган, аны ишке киргизүүдө олжолук уран чоң роль ойногон. ССРСте металлдык уранды жана андан жумушчу блокторду даярдоо, аны реакторго жүктөө, кийинчерээк, АЭСтерге, атомдук муз жаргычтарга жана суу алдындагы кайыктарга ядерлик отунду өндүрүүнүн лидери болгон Электросталь шаарындагы №12 заводунда аткарылган.

Өнөр жай реакторун уюштуруу жумуштары 1945-ж. 1-декабрда өнөр жай реактору жана радиохимиялык (реактордо нурланган урандан плутонийди бөлүп алуу боюнча) менен металлургиялык (плутоний менен плутонийдин тетиктерин жасоочу) эки заводду курамына алган №817 комбинатын (Челябинск-40), куруу чечими менен башталган. Өнөр жай реактору жана плутонийди чыгаруучу завод 1948-ж. июнда ишке киргизилген. Биринчи ядерлик дүрмөт үчүн продукция чогултулуп баштаган. Кийинчерээк Челябинск-40, Томск-7, Красноярск-26 жаңы курулган реакторлор эксплуатацияга берилген.

Биринчи советтик атомдук бомбанын ийгиликтүү сыноосу (РДС-1, кубаттулугу 22 тротилге барабар килотонна) 1949-ж. 29-августта Семипалатинскинин батышынан 170 км турган машыгуу майданында өткөн [7]. Бул бомба америкалык схеманын негизинде жасалган. Өзгөчө конструкциядагы өз бомбасы 1948-ж. жазынан иштелип чыга баштаган. Анын биринчиси (РДС-2, кубаттуулугу 38,3 килотонна) 1951-ж. сентябрда, экинчиси (РДС-3, кубаттуулугу 41,2 килотонна) 1951-ж. октябрда сыналган [8]. Алар америкалык көчүрмөгө караганда 2 эсе жеңил жана 2 эсе кубаттуу болгон. «Сталин доорунун» аягында ССРСте 120 ядерлик бомба бар эле (АКШда – 1436).

1953-ж. 12-августта ССРСте кубаттуулугу 400 килотонна болгон, водороддук бомба сыналган. Анын көлөмү жана салмагы Хиросимага ташталган бомбаныкындай болгон, бирок кубаттуулугу боюнча 20 эсе ашкан. 1955-ж. 22-ноябрда заманбап термоядерлик куралды жасоого негиз болгон РДС-37 бомбасы сыналган. АКШда биринчи транспорт ташыган 15 мегатонна кубаттуулугу менен термоядерлик бомбаны сыноо 1954-ж. мартта өткөн. (Бир мегатонналык кадимки жардыргычты ташуу үчүн узундугу 200 миль болгон поезд керек, ал эми, бул – миллион тонна тринитротолуол). Советтер Союзунда водороддук бомбанын «атасы» А.Сахаров деп эсептелет. Атомдук жана водороддук бомбаларды ойлоп

чыгаруучулардын биринчи катарында И.Курчатов (ядерлик программалардын илимий жетекчиси), И.Тамм, Ю.Харитон, Я.Зельдович, К.Щелкин, Е.Забабахин турушат.

ССРСте ядерлик куралды ташуучунун биринчиси жана негизгиси, А.Туполевдин конструкциясындагы алыска учуучу бомбардировщик ТУ-14 болгон.

Ушул мезгилде космос мейкиндигин өздөштүрүү максаты да коюлуп, 1955-жылы Байконур космодромунун курулушу башталды [9]. Совет авиациясынын жетишкендиктери дүйнөгө таанылып, МиГ-9, МиГ-15 сыяктуу реактивдүү учактар 1950-жылдары түзүлдү [10].

Бул доор советтик илимдин ири ийгилиги болуп, дүйнөдө алдыңкы держава катары позициясын чыңдады.

**Колдонулган адабияттар**

1. Барсенков А.С.,Вдовин А.И. История России. 1917-2009/ М.: Аспект Пресс, 2010. 235 б.
2. История СССР. Учебник для вузов / Под ред. А.Н. Сахарова. — М.: Высшая школа, 1988.
3. Большая Российская энциклопедия. Физика и техника СССР. — М., 2003.
4. История создания АЭС «К истории мирного использования атомной энергии СССР. 1944-1951. Документы и материалы) Обнинск, 1994 Сборник подготовлен Л.И.Кудиновой и А.В.Щегольским. Капица П.Л. «Новое время» (1956. №39. 10-б) Капица «Ядерная энергия» Б.Рассел, П.Л.Капица и ЦК КПСС /Исторический архив. 1995. №1 Новое время №39. с.10 «Задача всего передового человечества (Полемика с Б.Расселом)
5. Великая Отечественная война 1941–1945 гг.: Энциклопедия. — М.: Большая Российская Энциклопедия, 2005.
6. Росатом. История первой атомной электростанции в Обнинске. URL: https://rosatom.ru
7. Российский государственный архив. История создания атомного оружия в СССР. URL: https://rg.ru/atom-rds1
8. Коваль К. Советская термоядерная программа // Наука и жизнь. — 2003.
9. Черток Б.Е. Ракеты и люди. — М.: Машиностроение, 1999.
10. Широкорад А.Б. История авиации СССР. — М.: Эксмо, 2010.

**Рецензент: т.и.к., доцент Чодолдоева Г.Ж.**

УДК: 001.2+355.124.4+008

**Амирбек кызы Г., Мамытова А.Б., Толобаева Э.А., Сатимкулова М.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Амирбек кызы Г., Мамытова А.Б., Толобаева Э.А., Сатимкулова М.А.**
КНУ имени Ж.Баласагына
**Amirbek kyzy G., Mamytova A.B., Tolobaeva E.A, Satimkulova M.A**
KNU J. Balasagyn

# КЫРГЫЗСТАНДЫН МАДАНИЯТЫ УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА
# КУЛЬТУРА КЫРГЫЗСТАНА В ГОДЫ ВЕЛИКОЙ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ ВОЙНЫ
# CULTURE OF KYRGYZSTAN DURING THE GREAT PATRIOTIC WAR

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Кыргызстандагы маданияттын элдин патриоттук сезимин, духун көтөрүүдөгү ролу, массалык-агитациялык иштерди уюштурууда, идеологиялык пропаганданы жүргүзүүдө маданий мекемелердин жана чыгармачыл инсандардын кошкон салымы комплекстүү түрдө каралды. Согуштун оор шарттарында театрлар, адабият, музыка, сүрөт өнөрү жана башка маданий мекемелер өз ишин улантткан, фронттогу жоокерлерди, тылдагы элдин моралдык жактан колдоодо аларды жеңишке карай шыктандыруудагы мааниси чагылдырылды. Маданий ишмерлердин эрдиктери, фронттогу жана тылдагы ишмердүүлүгү, алар тарабынан жаратылган көркөм чыгармалардын идеологиялык жана тарбиялык маанисине өзгөчө көңүл бурулду.

**Аннотация:** В данной статье всесторонне рассматривается роль культуры Кыргызстана в годы Великой Отечественной войны в поднятии патриотических чувств и морального духа народа, а также её значение в организации массово-агитационной работы и проведении идеологической пропаганды. Несмотря на тяжёлые военные условия, театры, литература, музыка, изобразительное искусство и другие культурные учреждения продолжали свою деятельность, внося значительный вклад в моральную поддержку фронтовиков и тыла, вдохновляя их на победу. Особое внимание уделяется подвигам деятелей культуры, их деятельности на фронте и в тылу, а также идеологическому и воспитательному значению созданных ими произведений.

**Abstract:** This article provides a comprehensive analysis of the role of Kyrgyzstan’s culture during the Great Patriotic War in fostering patriotic feelings and uplifting the moral spirit of the people. It also examines the importance of cultural institutions and creative individuals in organizing mass agitation and conducting ideological propaganda. Despite the harsh wartime conditions, theaters, literature, music, visual arts, and other cultural establishments continued their activities, making a significant contribution to the moral support of both soldiers at the front and civilians in the rear, inspiring them toward victory. Special attention is given to the heroic efforts of cultural figures, their contributions on the frontlines and in the rear, as well as the ideological and educational value of the works they created.

**Негизги сөздөр:** Улуу Ата Мекендик согуш; маданият; театр; адабият; акын; жазуучу; артист; сүрөтчү; фронт жана тыл; патриот; искусство; фашизм; аңгеме; пьеса; ыр; поэма.

**Ключевые слова:** Великая Отечественная война; культура; театр; литература; поэт; писатель; артист; художник; фронт и тыл; патриот; искусство; фашизм; рассказ; пьеса; песня; поэма.

**Keywords:** Great Patriotic War; culture; theatre; literature; poet; writer; artist; painter; front and rear; patriot; art; fascism; story; play; song; poem.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы Кыргызстандын маданиятын изилдөө актуалдуу маселелердин бири. Согуш мезгилинде маданият элдин эрдигин даңазалап, жеңишке болгон ишенимин арттырып, элдин башынан өткөргөн кыйынчылыктарын чагылдырууга жана ошол эле учурда маданияттын өнүгүшүнө зор салым кошкон. Маданият фашизмди жеңүүнүн ачкычы катары кызмат өтөгөн. Кыргызстандын жазуучулары жана искусство ишмерлери советтик жоокерлердин эрдигин даңазалаган чыгармаларды жаратуу менен элди жеңишке шыктандырган.

Россиянын борборунан чыгармачыл инсандардын, жазуучулар менен акындардын эвакуацияланып келиши менен Кыргызстандын маданияты бир кыйла тепкичке жогорулаган

жана кадрдык түзүмү чыңдалган. Москва, Ленинград, Украина, Закавказье жана фронтко жакын райондордон ондогон жазуучулар келишкен (Пасынков, Берков, Виктор Винников, Фадеев, Кайсын Кулиев ж.б.). Алар кыргыз жазуучуларынын чыгармачыл жактан өнүгүшүнө, мыкты чыгармаларды элге жайылтууга, котормо ишин жакшыртууга чоң салым кошушкан [9,105-106-бб.]. Адабий чыгармалар – аңгемелер, пьесалар, ырлар жана поэмалар, согуш темасындагы сүрөттөр жаралып, жоокерлерди Ата Мекенди коргоого үндөгөн.

Согуш жылдарындагы маданияттын жеңишке кошкон салымын бир нече негизги аспектилерде:–адабият, музыка, көркөм өнөр жана кино багыттарында кароого болот.

Кыргызстандын акын-жазуучулары, чыгармачылыгы ташкындап турган Мукай Элебаев, Джекшен Ашубаев, Узакбай Абдукаимов, Жусуп Турусбеков, Николай Чекменев, Темиркул Үмөталиев жана Ясыр Шиваза [7, 556-б.] ж.б. мекен алдындагы милдеттерин аткарып, согуштун фронтторунда каармандык менен салгылашышкан.

Алар фронттогуларды колдоо, жардам көрсөтүү максатында дем берген чыгармаларды жаратышып, массалык-агитациялык иштерди жүргүзүшкөн. 1941-1942-жж. филармониянын кызматкерлери менен чогуу А.Осмонов, Ж.Бөкөнбаев, К.Маликов, А.Токомбаев жана Т.Үмөталиевдер "Тылдагы баатырдык" жана "Фронт сүйлөйт" аттуу прозалар жыйнагын даярдашкан жана гастролдорду уюштурушкан [6, л.245-246.].

Согуш жылдарында 9 аңгемелер жана ырлар жыйнагы, 30га жакын пьесалар жана 50дөн ашык прозалык чыгармалар менен поэмалар жарык көргөн. Элдик акындар 150дөн ашуун патриоттук ырларды жана поэмаларды жаратышкан.

Адабият согуш каармандарын пропагандалоонун, колдоонун жана согуш жылдарында кыргыз адабиятынын негизи темасы совет элинин фронттогу жана тылдагы эрдигин даңазалоонун. кубаттуу куралы болгон. Көркөм чыгармалар Ата Мекенди коргоого, кыйраган шаар менен айылдарды калыбына келтирүүгө, фашизмди талкалоого арналган.

Адабият элди баатырдык, эрдиктерге шыктандырып гана тим болбостон, коркуу, кайгы, үмүт сезимдерин чагылдарып, эмне болуп жатканын түшүнүүгө жардам берген. Улуу Ата Мекендик согуштун баатыры: Ч.Түлөбердиевдин эрдиги К.Жантөшевдин "Чолпонбай", А.Токомбаевдин "Ашырбай", Ж.Бөкөнбаевдин, А.Осмоновдун "Бул ким?", Т.Үмөталиевдин "Кубат Жуматаев" аттуу чыгармалары кыргыз жоокерлеринин эрдиктерин чагылдырган [3, 165-б.].

А.Осмоновдун "Ант", А.Токомбаевдин "Алга", "Бара кой уулум", Ж.Бөкөнбаевдин "Мекен үчүн согушка", М.Элебаевдин "Улуу марш", К.Акыевдин "Биз жеңип чыгабыз" деген ырларында душмандан өч алууга, элдин күчүн бириктирүүчү чакырыктарга жык толгон.

Эмгекчилердин тылдагы баатырдыктарды, аялдардын жана карылардын мекенчилдиги республиканын эл акындары Осмонкул Бөлөбалаевдин "Жеңиш биздики болот", Калык Акиевдин "Үч маршал", Ж.Бөкөнбаевдин "Достук-бакыт-таалайдын сереси", К.Маликовдун "Менин Кавказым", Т.Үмөталиевдин "Үчөө" [7, 556-б.] деген ырларында таасын чагылдырылып, элди массалык тарбиялоодо чоң роль ойногон.

Согуштук кыйынчылыктарга карабастан, опера жана балет театры, кыргыз жана орус драма театрлары, Кыргыз мамлекеттик филармониясы, Элдик чыгармачылык үйлөрү, эвакуацияланган СССРдин симфониялык оркестры жана мамлекеттик хору ийгиликтүү иштеп, өлкөнүн маданий потенциалы бир кыйла өскөн. Репертуарда негизинен патриоттук жана антифашисттик темадагы спектаклдар коюлган. 1941-жылы ноябрь айында Кыргыз музыкалык драма театрында эки актылуу "Патриоттор" операсынын премьерасы (музыкасы В.Власов, А.Малдыбаев, жана Б.Фере, либреттосу К.Маликов, А. Куттубаевдики) болгон. Бул Кыргызстанда Улуу Ата Мекендик согушка арналган биринчи опера эле. 1942-жылы августта

Кыргыз музыкалык драма театры Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театры деп кайра түзүлгөн [11, 22-б.]. Анын сахнасында А. Крейнанын “Лауренсия”, М. Раухвергеранын “Чолпон” балети, П.И. Чайковскийдин “Евгений Онегин” [9, 161-б.], М.Раухвергеранын “Көкүл”, К.Маликов жана А.Токомбаевдин “Манас”операсы жана К.Жантөшевдин (музыкасы А.Малдыбаев, А.Абдыраев, жана А.Тулеева) “Ким кантти” музыкалык комедиясы, жазуучу-драматург А.Токомбаевдин “Ант” жана К.Жантөшевдин “Курманбек” [9, 107-б.] пьесалары коюлган.

Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында “Көкүл” операсынын премьерасынын коюлушу кыргыз элинин эркиндик үчүн күрөшүнүн, бактылуу жашоого умтулуусунун жаркын үлгүсү болгон. Мына ушулардын бардыгы оор согуш жылдарында Кыргызстанды чыныгы маданий жана чыгармачыл борборго айландырды. Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында 1942-жылдын күз айларында О.Сарбагышевдин либреттосу жана М.Раухвергердин музыкасына жазылып, кыргыздын элдик күүлөрү негизин түзгөн “Көкүл” операсынын премьерасында кыргыз элинин эркиндик үчүн күрөшү, бактылуу жашоо жөнүндөгү кыялы баяндаган.

Эвакуацияланган СССРдин симфониялык оркестри жана мамлекеттик хору да жеңишке өз салымын кошуу менен кыргыз искусствосунун өнүгүшүнө салым кошкон.

1943-жылы декабрь айында К.Жантөшевдин (музыкасы А.Малдыбаев, А.Абдыраев, жана А.Тулеева) “Ким кантти” музыкалык комедиясында согуш мезгилиндеги айылдардагы колхоздун күнүмдүк иштерин чагылдырган.

1943-жылдын 6-февралында В.Власов жана В.Ференин “Селкинчек” аттуу улуттук балетинин премьерасы (либретто, драматург К.Жантөшевдики) болгон. Балет лирикалык-күнүмдүк жанрда жана кыргыз элинин улуттук оюндарынын негизинде жазылган. Анда жаштардын турмушу, кызыктуу оюндары, көңүл ачуулары жөнүндө баяндалат жана Т.Сатылгановдун, М.Куренкеевдин, Ш.Термечиковдун, К.Орозовдун ырлары жана күүлөрү кенен колдонулган [1, 166-б.].

1944 -жылы декабрда коюлган М.Раухвергердин “Чолпон” (“Таң жылдыз”) балетинин премьерасы кыргыз искусствосундагы маанилүү окуя болгон.

1941-жылы июль айында Москвадагы Мамлекеттик театр искусствосу институтунун (ГИТИС) кыргыз студиясынын бүтүрүүчүлөрүнөн республикада драма бөлүмү түзүлгөн. Бул бөлүм алгач Кыргыз музыкалык драма театрынын курамында иштеп, кийин опера жана балет театрынын курамына кирген. А.Токомбаевдин “Ант” пьесасы 1942-жылдын октябрь айында драмалык актёрлор тарабынан коюлса, 1944-жылы январь айында К.Жантөшевдин “Курманбек” пьесасы жаңыдан уюшулган Кыргыз мамлекеттик драма театрында коюлган [2, 168-б.].

Согуш жылдарындагы обондуу ырлар жоокерлердин жана адамдардын чыныгы гимнине айланган.

Композиторлор, А.Малдыбаев, А.Тулеев, М.Абдраев, Д.Шералиев, И.Туманов, М.Раухвергер, В.Власов, П.Щубин ж.б. согуш мезилинде СССР элдерин достукка жана моралдык биримдикке чакырган, баатырдык-патриоттук ырларды, музыкаларды, опералык жана драмалык чыгармаларды жаратышкан.

СССРдин Эл артисти, композитор А.Малдыбаев тарабынан 20дан ашык патриоттук жана лирикалык ырлар жазылган. Ж.Шералиевдин “Жибек чач”, “Ак толкун”, А.Огонбаевдин “Сагынам”, А.Малдыбаевдин “Келсеңчи”, “Кечирип кой”, А.Түлеевдин “Акижан”, М.Абдраевдин “Бешик ыры”, А.Аманбаевдин “Жаштык ыры” деген лирикалык ырлары кеңири тараган.

Элдик мотивдин негизинде бир катар музыкалык чыгармаларды Кыргыз ССРнин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер П.Шубин жараткан. Композитор В.Фере 1944-жылы Ата Мекендик согуш күндөрүндөгү эмгекчилердин патриоттук сезимин көтөрүүгө арналган "Кыргызстан" симфониясын жазган [7, 559-б.].

1945-жылы кыргыз композиторлору, комузчулары жана ырчылары Ы.Туманов "Жеңиш", Б.Эгинчиев "Сайран күү", А.Аманбаев "Үлпөт ыры", Ж.Шералиев "Жеңген эл", А.Үсөнбаев "Улуу марш", М.Баетов "Кызыл баатырларга" аттуу ырларын жеңиштин урматына жаратышкан [9, 108-б.].

Н. Мясковский, Ю. Шапорин, Я. Рак, Н Рахлин, А. Свешников, В Захаров, Н. Казмина сыяктуу көрүнүктүү советтик композиторлордун жана музыканттардын Кыргызстанга келиши, ошондой эле СССРдин мамлекеттик симфониялык оркестринин, Пятницкий атындагы орус мамлекеттик хорунун, Одесса театрынын жана башка коллективдердин гастролдору республикада профессионалдык музыкалык искусствонун мындан ары да өнүгүшүнө зор таасир тийгизген. Аскердик пункттарда, ооруканаларда, аскер бөлүктөрүндө, заводдордо жана колхоздордо концерттер уюштурулган. Опера жана балет театры эле согуш жылдарында 750дөн ашык концерт коюшкан [3, 69-б.]. 1941-1945-жылдар аралыгында өлкөдөгү концерттик коллективдер 5 миңге жакын концерттерди уюштурушкан. Кызыл Армиянын активдүү бөлүктөрүндө 7 концерттик жана театралдык коллектив иштеген, анын ичинде М.Баетов, А.Огонбаев, А.Үсөнбаев, А.Яковлева, Р.Занкина, М.Өмүрканов, Ш.Шеркулов С.Бекмуратов, А.Ешмамбетов, С.Кийизбаева, А.Куттубаев, А.Боталиев жана башка көптөгөн мыкты, чыгаан артисттер болгон. Бул коллективдер 1942-1944-жылдары майданда 2500 концерт беришкен [1, 169-б.].

СССРдин Эл артисти А.Малдыбаев жана республиканын эл артисти Куттубаеванын топтору жоокерлерге концерттерди коюшуп, алар жогорку деңгээлде өтүп турган [6, л.162].

Артисттер А.Исмаилова, К.Алиева, К.Эралиева жана С.Аймамбетовалар И.В. Панфилов атындагы 8-гвардиялык дивизияга ыр-күүлөрүн ойношуп, жоокерлердин маанайын көтөрүшкөн. Алар согуш талаасынан жарадарларды ташып, медайым болуп да кызмат кылышкан (2 жылда 1250дөн ашык концерт коюшкан) [10, 108-б.].

Сүрөтчүлөр советтик жоокерлердин эрдигин, тылдагы жан аябаган эмгегин, карапайым калктын азап-тозогун чагылдырган көркөм образдарын жаратышып, согушка арналган плакаттарды түзүшкөн.

Адабият, маданият кызматкерлери чыгарган "Кыргыз ТАГдын терезеси" берүүсү ири ийгиликке жеткен. Биринчи саны 1941-жылы июлда чыккан. Сатиралык "Терезелерде" орус жана дүйнөлүк маданияттын эстеликтерин талкалаган фашисттик наадандарды ашкерелеген фельетондор, карикатуралар жана ырлар орун алган. Плакаттар жана "Кыргыз ТАГдын терезелери" республиканын борбор шаарынын көрүнүктүү жерлерине илинген.

С.А.Чуйковдун "Уруш талаасында", "Мекен үчүн", "Медайым", "Азатка чыгарылган туугандарга", Г.Айтиевдин "Фроттон кат", "Эне менен жолугушуу" деген сүрөттөрү фронттогу жана тылдагы эрдиктерди даңазалаган.

Скульпторлор А.Мануйлов, О. Мануйлова, И.Г. Фрих-Хар жана М.И. Эпштейн генерал И.В.Панфиловго арналган скульптуралык эстеликти республиканын борборуна тургузушкан [9, 110-б.]. О.М. Мануйлова "Фронтко жардам", "Чоң Чүй каналын куруучу аял" ж.б. скульптуралык чыгармаларын жараткан.

Кыргыз сүрөтчүлөрүнүн чыгармалары Москвадагы "Баатыр фронт жана тыл" деген Бүткүл союздук көргөзмөгө (1943-ж.) союздук республикалардын жана РСФСР областтарынын көргөзмөсүнө коюлган (1944-ж.).

Кыргызстан сүрөтчүлөр союзу тарабынан аскердик темадагы 15 көргөзмө өтүп, бир нече чеберлердин жеке көргөзмөлөрү уюштурулган [9, 109-б.].

1941-ж. Фрунзеде биринчи жолу "Фашизм-адам баласынын каардуу душманы" аталышында көргөзмө ачылып, 1942-жылы "Кыргызстан-фронтко", 1943-жылы "Кызыл Армияга 25 жыл", 1944-жылы "Колхоздук Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуштун күндөрүндө" аттуу көргөзмөлөр уюштурулган. Госпиталдарда, колхоздордо, Кызыл Армиянын үйлөрүндө да көчмөн көргөзмөлөр уюштурулган [7, 561-б.]. Бул эмгектер тарыхый окуяларды документтештирип гана тим болбостон, жаштарга дем берүүчү булак катары кызмат кылган.

Согуш мезгилиндеги тасмалар патриоттук, эрдик жана жан аябастык, баатырдык темаларга арналган. 1942-жылы Фрунзе шаарында Республикалык кинохроникалык киностудиясы түзүлүп, анда эки кино тобу иштей баштаган. Согуш жылдарында студияда "Советтик Кыргызстан" деген жалпы аталыштагы 100дөн ашык кинохроникаларды ("Кызыл Армияга кужүрмөн резервдерди даярдоо", "Улуу Чүй каналынын курулушу", "Сымап–фронтко", "Жүн, нан, эт–фронтко", "Жогорку сыйлык", "Кант өрөөнү" [1, 189-б.], "Кыргызстан Ата Мекендик согуштун күндөрүндө" ж.б. чыгарышкан. Аларда республиканын эмгекчилеринин тылдагы кажыбас патриотизми жана фронттогу Советтик Кыргызстандын мыкты уулдарынын эрдиктери чагылдырылган.

Эмгекчилердин руханий суроо-талаптарын канааттандырууда китепканалар, музейлер, клубдар, эл чыгармачылык үйлөрү сыяктуу маданий-агартуу мекемелери зор роль ойногон. Согуш жылдарында маданий-агартуу мекемелери, анын ичинде китепканалар, музейлер, клубдар жана эл чыгармачылык үйлөрү эмгекчилердин руханий муктаждыктарын канааттандырууда чечүүчү роль ойногон. Республиканын борборунда 21 клуб, 20 кинотеатр, 44 коомдук китепкана, 4 кинотеатр жана 4 музей болгон. Советтик Кыргызстан кыргыз жана орус тилдеринде гезит-журналдарды, жыйнактарды жана бюллетендерди чыгаруу менен адабий өндүрүштүн жана басма сөздүн борборуна айланган.

Г.Н. Чернышевский атындагы республикалык коомдук китепкана калктын руханий керектөөлөрүн канааттандырууда чоң роль ойногон. Анын китеп фондусу 1943-жылы СССР элдеринин 85 тилиндеги жана чет мамлекеттердин 10 тилиндеги 808 миң адабияттан турган. Окурмандардын саны 128 миң адамдан ашып, бул 1940-жылга караганда эки эсе дээрлик көп болгон [3, 69-б.].

Согуштук оор сыноо элге билим берүүнүн абалына таасирин тийгизбей койгон эмес. Тылдагы балдар үчүн да абдан оор мезгил болгон. Алардын көбүнүн аталары, агалары фронтко кеткен. Майданга кеткен уулдарынын, ага-инилеринин ордунда иштеген энелер, аялдар 8-10 саат завод-фабрикаларда иштеп, балдар ата-энесинин көзөмөлүсүз калган [8, 98-б.].

Басма сөз агитациянын жана пропаганданын кубаттуу каражаты катары кызмат өтөгөн. Согуш мезгилинде республикада 5 газета, 13 журнал чыгып турган.

Согуш жылдарында областтык жана райондук газеталарды үзгүлтүксүз чыгаруу улантылып, калктын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн 16 жаңы райондук басылмалар ишке киргизилген. Мезгилдүү басылмалардын жалпы саны 1940-жылдагы 67ден 1945-жылы 84кө чейин өскөн.

Областтык жана райондук газеталардын үзгүлтүксүз чыгышы, ошондой эле жаңы басылмалардын жана "Агитатордун блокноту" журналынын чыгышы Кыргызстандын калкынын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруунун маанилүү куралы болуп калган.

Бул жигердүү жана кеңейтилген журнал учурдагы окуяларга кеңири орун берүү менен калктын патриоттуулук сезимин жогорулатууга кызмат кылган.

Кеңейтилген маалымат инфраструктурасы улуттук биримдикти сактоонун, моралдык маанайды чыңдоонун жана фронттогу аскерлерди колдоонун куралы болуп калган.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында калктын арасында агитациялык-массалык жумушту жайылтуу боюнча иштер үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн. Согуштук-тарыхый жана согуштук-экономикалык темалардагы лекциялар жана докладдар, аскердик билимдерди пропагандалоо күчөгөн.

Негизги темалар Улуу Ата Мекендик согущ, совет элинин немецтик фашизмге каршы чыгышы жөнүндө болгон. Фрунзе шаардык агитпункту 1941-жылдын июль айынан 1942-жылдын январына чейин жалпы 373 лекция уюштурушкан. Шаардык агитпунктта 16 адамдан турган (3 штат) баяндамачылардын тобу иштеген. Андан сырткары Куйбышев атындагы аскердик-инженердик академияда да 20-25тей баяндамачылар иштеген [5, л.43-44]. Согуштун алдында республикада 10137 агитатор болсо, 1943-ж. алардын саны 16440 жеткен [7, 562-б.].

Согуштун шартында Кыргызстандын маданияты өзүнүн маанисин жоготпостон, коомду моралдык жактан колдоонун негизги фактору катары кызмат өтөгөн. Элдин руханий жактан колдоодо, фронттогу жоокерлердин күжүрмөн духун көтөрүүдө чоң роль ойногон.

Ошентип, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында маданияттын жеңишке кошкон салымы көп кырдуу жана олуттуу болгон. Элдин духун гана көтөрүп тим болбостон, жалпы душманга каршы күрөштө улуттук биримдикти калыптандырууга зор салым кошкон. Маданий жетишкендиктер биздин тарыхыбыздын маанилүү бөлүгү катары жаш муундарды тынчтык жана эркиндикти сактоо үчүн эрдиктерге шыктандырып тынч жашоонун баалуулугун даңазалайт.

**Колдонулган адабияттар**

1. История Киргизского искусства.- Фрунзе, 1971.
2. История Киргизской ССР. Т. 4. – Фрунзе, 1990.
3. Керимбаев С. К. Всенародный подвиг: На материале Киргизской ССР периода Великой Отечественной войны 1941—1945 гг. — Фрунзе, 1970.
4. Керимбаев С.К. Советский Киргизстан в Великой Отечественной войне 1941-1945 гг. -Ф., 1980.
5. КРнын БМ КСДнын архиви. ф.539, оп. 1, д. 1015.
6. КРнын БМ КСДнын архиви. ф.539, оп. 1, д. 911.
7. Кыргыз ССР тарыхы. Т. 2. – Фрунзе, 1973.
8. Львов Н. Киргизский театр в годы Великой Отечественной войны // Киргизский театр. – М., 1953.
9. Нурмамбетов Б.Н. Трудящиеся города Фрунзе в годы Великой Отечественной войны (1941-1945 гг.). – Фрунзе, 1990.
10. Татыбекова Ж.С. Женщины Советского Киргизстана в борьбе за социализм и комунизм. Фрунзе, «Илим», 1967.
11. Токтогонов С.А. Социалистическая культура Советской Киргизии в годы Великой Отечественной войны. – Фрунзе, 1971.

**Рецензент: т.и.к., доцент Асипбаева М.Б.**

УДК: 94(574.56):631.3

**Арстанов С.А., Жаамбай уулу Б.**
Ош мамлекеттик университети
**Арстанов С.А., Жаамбай уулу Б.**
Ошский государственный университет
**Arslanov S.A., Zhambai uulu B.**
Osh State University

# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙЫЛ КООМУНУН ТРАНСФОРМАЦИЯСЫ (1920–30-жж.)
# ТРАНСФОРМАЦИЯ СЕЛЬСКОГО ОБЩЕСТВА КЫРГЫЗСТАНА (1920–1930-гг.)
# TRANSFORMATION OF RURAL SOCIETY IN KYRGYZSTAN (1920S–1930-s)

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада 1920–30-жылдардагы Совет бийлигинин социалдык-экономикалык реформаларынын алкагында Кыргызстандын айыл коомунда болгон терең өзгөрүүлөр изилденет. Айрыкча жер-суу реформалары, жеке чарбаларды коллективдештирүү, кулак чарбалардын мал-мүлкүн конфискациялоо, көчмөндөрдү отурукташтыруу багыттарындагы иш аракеттердин жүрүшү жана жергиликтүү коомго тийгизген таасири талданат. Ошондой эле бул реформалардын репрессивдүү мүнөзү, зордук-зомбулук элементтери жана анын натыйжасында айыл коомундагы социалдык структуранын өзгөрүшү баяндалат. Макалада архивдик булактарга жана илимий изилдөөлөргө таянып, айыл коомунун трансформациясын комплекстүү түрдө ачып берүү аракет кылынат.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются глубокие изменения, произошедшие в сельском обществе Кыргызстана в рамках социально-экономических реформ Советской власти в 1920–30-е годы. Особое внимание уделяется ходу земельно-водных реформ, коллективизации частных хозяйств, конфискации имущества кулацких хозяйств, а также мероприятиям по оседлости кочевого населения и их влиянию на местное сообщество. Анализируется репрессивный характер данных реформ, элементы насилия, а также изменения в социальной структуре сельского общества в результате этих процессов. Статья основывается на архивных источниках и научных исследованиях, стремясь дать комплексное представление о трансформации сельского общества.

**Abstract:** This article explores the profound transformations that took place in the rural society of Kyrgyzstan within the framework of the Soviet Union’s socio-economic reforms during the 1920s–1930s. It focuses particularly on the implementation of land and water reforms, the collectivization of private farms, the confiscation of property from kulak households, and the sedentarization of nomadic populations, as well as their impact on local communities. The study also examines the repressive nature of these reforms, the use of violence, and the resulting changes in the social structure of rural society. Drawing on archival sources and academic research, the article aims to provide a comprehensive analysis of the transformation of rural society.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан; айыл коому; трансформация; коллективдештирүү; социалисттик реформалар; 1920–1930-жылдар; репрессиялар; отурукташуу; конфискация.

**Ключевые слова:** Кыргызстан; сельское общество; трансформация; коллективизация; социалистические реформы; 1920–1930-е годы; репрессии; оседание; конфискация.

**Keywords:** Kyrgyzstan; rural society; transformation; collectivization; socialist reforms; 1920s–1930s; repression; sedentarization; confiscation.

**Киришүү.** 1920-30-жылдар Кыргызстандын тарыхында өзгөчө орунду ээлейт, бул мезгил масштабдуу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр менен бирге башкаруунун күч колдонуу ыкмалары менен коштолгон. Совет бийлигинин орношу шартында айыл коому салттуу чарба жүргүзүү жана социалдык түзүлүштү демонтаждоого багытталган радикалдуу реформалардын объектисине айланган.

Бул теманын актуалдуулугу Кыргызстандын агрардык секторунун азыркы көйгөйлөрүнүн тамырын терең талдоо жана айылдык идентүүлүктүн калыптануусунун тарыхый негиздерин түшүнүү зарылчылыгы менен шартталат. Чынында эле биз караган мезгилде тамыры терең жайылган адаттар жана каада-салттар бузулуп, миңдеген көчмөн кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тагдырына узак мөөнөттүү таасирин тийгизген.

1920-30-жылдардагы Кыргызстандын айыл коому агрардык мамилелер системасында негизги сегмент болуп саналган: калктын басымдуу бөлүгү айылдарда жашап, салттуу дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектенишкен. Ошол мезгилдеги реформалар жана күч колдонуу аракеттери экономикалык моделди гана өзгөртпөстөн, айылдыктардын күнүмдүк жашоосуна, маданиятына жана дүйнө таанымына да таасир эткен.

Макаланын негизги максаты – Совет бийлигинин 1920-30-жылдардагы социалдык-экономикалык реформалары жана күч колдонуу саясаты Кыргызстандын айыл коомунун трансформациясына кандай таасир эткендигин талдоо. Изилдөөдө кыргыз айылынын контекстинде модернизация процесстери менен репрессивдүү чаралардын ортосундагы өз ара байланыштарын аныктоо да маанилүү деп ойлойбуз.

Макалада реформалардын тарыхый контексти, алардын мазмуну, ишке ашыруу механизмдери, каршылык көрсөтүүнүн формалары жана социалдык структура үчүн кесепеттери каралат. Ошондой эле трансформациянын ийгиликтүү жана ийгиликсиз аспектилерине анализ жүргүзүлүп, бул мезгилдин азыркы учур үчүн мааниси белгиленет.

**Негизги бөлүк.** 1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин советтик бийликтин түзүлүшү жана орношу менен өлкөнүн, анын ичинде Кыргызстандын аймагында жаңы саясий жана экономикалык система түптөлө баштаган. 1918-жылы Түркстан АССР Эл комиссарлар кеңеши жеке менчиктин жоюлгандыгын, жерди сатууга жана сатып алууга тыюу салынгандыгын жарыялады [1, 55-б.]. Ага ылайык, мусулман билим берүүчү, диний жана кайрымдуулук уюмдарына караштуу жерлер улутташтырыла баштаган.

Совет Өкмөтүнүн саясаты эски бийлик системасын кыйратуу, ресурстарды кайра бөлүштүрүү жана жаңы башкаруу механизмдерин киргизүү менен коштолгон. 1920-жылы сентябрда РКП (б) нын V съезди жана Түркстан Советтеринин IX съезди аймактагы агрардык маселени чечүүнүн программасын иштеп чыгышкан. Мында советтик бийликтин агрардык маселелерди чечүүдөгү максаттары катары төмөнкүлөр белгиленген:

- феодалдык жана уруулук мамилелерди жоюу;
- коллективдештирүү аркылуу социалисттик айыл чарбасын түзүү;
- коммунисттик идеологияга берилген жаңы «советтик» дыйканды калыптандыруу;
- мамлекеттин азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу.

Ошол учурдагы Кыргызстандын айылдык коомунда күчтүү салттуу түзүм, уруулук байланыштардын үстөмдүгү, калктын сабатсыздыгы, көчмөн жана жарым көчмөн калктын олуттуу үлүшү мүнөздүү болгон. Мунун баары белгиленген реформаларды өзгөчө татаалдаштырып, каршылык көрсөтүүнүн ыктымалдыгын жогорулатуучу факторлор эле.

Кыргызстанда жер-суу реформасы 2 этапта ишке ашырылып (1921–1922 жана 1927-1928), советтик бийликтин айыл чарбасынын түзүлүшүн өзгөртүү боюнча биринчи кадамы болуп калды. 1921-жылдын 4-февралында Жети-Суу областтык революциячыл комитети

областын аймагында жер-суу реформасын баштоо чечимин кабыл алган [1, 57-58-б.]. 1921-22 жылдардагы реформанын 1-этабы негизинен Кыргызстандын түндүгүндө Чүй, Талас, Ысык-Көл жана Кочкор өрөөнүндө, түштүктө Базар-Коргон жана Жалал-Абад райондорунда жүргүзүлгөн. Анын максаты сырттан көчүп келген орус кулактарынан, жергиликтүү байлардан жана ири жер ээлеринен жер жана суу ресурстарын жери аз же жери жок чарбаларга кайра бөлүштүрүү болгон. Реформанын жүрүшүндө айрыкча башка аймактардан көчүп келген дыйкандар ээлеп алган жерлерди кыргыздарга кайтарууга басым жасалган.

Реформанын 1-этабында жерге жайгаштыруу фондуна кулактардан жана өзүм билемдик менен жер ээлеп алгандардан 198 миң теше (десятина) ыңгайлуу жерлер, 200 миң теше чабык жана жайыт жерлер өткөрүлүп берилген. Аларга 11 миң көчмөн жана жарым көчмөн чарба жайгаштырылып, 5970 жерсиз жана кедей чарбалар жер менен камсыз кылынган. Ал эми 1927-1928-жж. Кыргызстандын түштүгүндө ишке ашырылган реформанын 2-этабында ири деп эсептелген жер ээлеринен бардыгы болуп 45777 га сугат, 22831 га кайрак жер конфискацияланып, 18600 чарбаларга бөлүштүрүлүп берилген.

Бул жер-суу реформасынын алгачкы таасири бир беткей болгон эмес. Бир жагынан, ал бир катар кедей дыйкандарга жер алууга мүмкүндүк берген. Экинчи жагынан, ал чыр-чатактар, күч менен басып алуу жана улуттар аралык мамилелердин начарлашы менен коштолгон. Сугат үчүн өтө маанилүү болгон суу ресурстары да талаш-тартыштардын жана чыңалуунун булагына айланган. Россиядан көчүп келгендерден куралган кыштактардын дээрлик баардык жашоочулары кулак, колонизатор катары айыпталган учурлар да болгон. Ошондуктан кулактарга каршы жүргүзүлгөн репрессиялардан орто чарбалар, кыргыздар эле эмес орустар да запкы тартышкан [5, 119-124-бб.]. Бул жер-суу реформаларында Кыргызстанда кулак катмарын жоюу каралган эмес, бирок кандайдыр бир деңгээлде алардын экономикалык кудурети чектөөгө алына баштаган.

Коллективдештирүү саясаты 1920-жылдардын аягында башталып, бир нече этапта жүргүзүлгөн. 1927-жылы декабрда болуп өткөн партиянын XV съезди айыл чарбасын коллективдештирүү чакырыгын жарыялаган болчу. Анын негизги максаттары өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчикти жоюу, жеке чарбаларды колхоздорго жана совхоздорго бириктирүү, ошондой эле айыл чарба өндүрүшүн борборлоштуруу болгон. Майда дыйкан жана көчмөн чарбалары үстөмдүк кылган Кыргызстанда бул процесс тездетилген жана күч колдонуу мүнөзүндө ишке ашырылган.

ВКП(б) БКнын 1930-жылы 5-январдагы «Коллективдештирүүнүн темпи жана мамлекеттин колхоз курулушуна жардам берүү чаралары жөнүндө» токтомуна ылайык, Кыргызстан коллективдештирүү акырын темп менен жүргүзүлүүгө тийиш болгон үчүнчү группадагы райондорго кошулган. Мында Кыргызстанда коллективдештирүү 1932-1933 жылдары бүткөрүлүүгө тийиш болгон. Бирок жергиликтүү жетекчилер коллективдештирүүнүн темпи боюнча алдыңкы райондорду «кууп жетип, озуп кетүү» чакырыгынын астында кампаниянын убактысын кыскартышып, коллективдештирүүнү 1932-жыл ичинде бүткөрүү пландаштырылган.

Бул эрежеге таянып, Кыргыз АССРинде адегенде 6 райондо (түштүктө Ош округунда Базар-Коргон, Араван-Бура, түндүктө Каракол кантонунда – Приозерный, Фрунзе кантонунда – Беловодский, Калинин, Талас кантонунда –Кировский) жапырт коллективдештирүүнү жүргүзүү белгиленген [8, 56-б.]. Бул райондордо 1930-жылдын аралыгында чарбалардын 30%ын коллективдештирүү каралган. Бирок бул пландар башынан эле бузулган. Өлкөнүн башка аймактары сыяктуу эле Кыргызстанда да Сталиндин демилгеси менен үстүртөн жасалган кысымдын астында жогорку көрсөткүчтөр үчүн атаандашуулар башталган. Орой

каталарга жана өтө олуттуу кесепеттерге алып келген бурмалоолорго жол берилген. Республиканын айрым райондорунун өзгөчөлүктөрү эске алынган эмес. Мисалы, мал чарбасы басымдуулук кылган Талас кантонунда 38,2% чарбаны, ал эми айыл чарбасына таянган Ош округунда 32,7% чарбаны коллективдештирүү талап кылынган. Колхоздорго кирбеген орто чарбаларга бай-кулактар менен бирдей жеке түрдө салык салынган [6, 406-407-б.].

Көптөгөн дыйкандар жеке менчигин жана эркиндигин жоготуп алуудан коркуп, колхоздорго кирүүнү каалашкан эмес. Мамлекеттин жообу басым көрсөтүү ыкмалары болгон: агитация, коркутуу, конфискациялар жана кулакка тартуу (репрессиялар). Кулактарды тап катары жоюу саясаты мыйзамдуу түрдө СССР Борбордук Аткаруу Комитети жана Эл Комиссарлар Кеңешинин 1930-жылдын 1-февралындагы «Жапырт коллективдештирүү райондорунда айыл чарбасын социалисттик кайра түзүүнү жана кулактар менен күрөшүүнү бекемдөө чаралары» жөнүндө токтомун жарыяланган. Бул токтомдун негизинде жапырт коллективдештирүү райондорунда жеке дыйкан чарбаларына жерди арендага алууга, жалданма эмгектен пайдаланууга тыюу салынган [4, 25-38-б.]. Натыйжада, күч колдонуу менен басылган каршылык толкундары пайда болгон. Айылдык экономика терең кризисти башынан өткөргөн: салттуу чарба жүргүзүү формалары бузулган, өндүрүмдүүлүк төмөндөгөн, ачарчылык жана массалык түрдө көчүү болгон.

Кыргызстанда айыл чарбасын коллективдештирүү жараяны менен бир эле убакта көчмөн жана жарым көчмөндөрдү массалык түрдө отурукташтыруу жүргүзүлгөн. Отурукташтыруу саясаты массалык мүнөзгө 1931-жылдан баштап өткөрүлө баштады. Жергиликтүү бийлик 1932-жылы 30000 чарбаны, 1933-жылы калган 38 000 чарбаны отурукташтырууну пландаган [9, 187-б.]. Бул пландарды ишке ашыруу да көчмөн мал чарба райондорунда 85 миң көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз чарбалары отурукташтырылган. Чарбалардын үй-бүлө мүчөлөрүн кошкондо 1932-жылы 213,5 миң көчмөн кыргыздар отурукташтырылган [2, 60-б.].

Ошондой эле 1920-1930-жылдарда ишке ашырылган маданий тармактагы реформалар да айыл коомунун трансформацияланышынын дагы бир багыты болуп калды. Совет бийлиги сабатсыздыкты жоюуга, жаңы идеологиялык жактан туура айылдык интеллигенцияны түзүүгө, аялдарды коомдук турмушка тартууга умтулган. Айылдарда мектептер, сабатсыздыкты жоюу курстары, клубдар ачылган. Аялдардын коомдук ролун өзгөртүүгө өзгөчө көңүл бурулганын белгилеп кетсек болот. Натыйжада кыргыз аялдарына өндүрүштө жана саясатта тиешелүү мүмкүнчүлүктөр бериле баштаган, бул патриархалдык салттарга карама-каршы келген. Жогоруда белгиленген чаралар бир жагынан коомду модернизациялоого көмөктөшсө, экинчи жагынан коомчулукта маданий шок, ички чыр-чатак жана обочолонууну жараткан. Тарбиянын жана социалдык нормалардын салттык системасы сынга алынып, четке сүрүлө баштаган.

Реформаларды ишке ашыруу кеңири спектрдеги күч колдонуу чаралары менен коштолгон. Эң репрессивдүү элементтердин бири кулактарды тап катары жоюу боюнча кампания болгон. «Кулактар» категориясына көбүнчө бир аз көбүрөөк мүлкү бар же колхозго кирүүдөн баш тарткан бай дыйкандар киргизилген. Алардын мүлкү конфискацияланып, өздөрү жана алардын үй-бүлөлөрү СССРдин башка аймактарына депортацияланган. СССРде 1930-1931-жж депортацияланган кулактардын жалпы саны 356,544 үй-бүлөдөн (1,679,528 киши) 381,026 үй-бүлөгө (1, 803, 392 киши ) чейин деп белгиленет [1, 122-б.].

Чындыгында, салык каттоонун маалыматы боюнча 1928-29-жж. Кыргызстанда 3406 кулак чарбасы катталып, жалпы дыйкан чарбаларынын 1.8%ын гана түзгөн. Жеке

капиталисттик түзүлүштүн үлүшүнө Кыргызстандагы баардык дыйкан чарбаларынын 3.6 % гана туура келген. Ал эми директивалык документтерге ылайык Кыргызстандагы бардык дыйкан чарбаларынын 3-5%ын, б. а. иш жүзүндө республикадагы кулак чарбаларынан да көп сандагы чарбаларды кулакка тартуу талап кылынган. Албетте мындай абалда жергиликтүү жетекчилердин тапшырманы ашыкча аткаруу аракетинен улам орто чарбалар кулакка тартылып, жапа чеккен [3, 78-б.].

Реформаларга каршылык көрсөтүүнүн формалары ар түрдүү болгон – пассивдүү саботаждан куралдуу көтөрүлүштөргө чейин. Мисалы, калк арасында малдарды союп жок кылуу массалык түрдө жайылтылган, натыйжада малдардын саны кескин түрдө азайган. Бир эле 1930-жылдын ичинде Кыргызстанда ири мүйүздүү мал 24,4%, жылкы 18,5 %, кой-эчкилердин саны 15,5% кыскарган [7, 426-б.]. Эгер 1928-жылы Кыргызстанда малдардын жалпы саны 7715 миң баш болсо 1934-жылдын башына карай бул сан 2100 миңге чейин, тагыраак айтканда 73%га кыскарган [2, 88-б.].

Мындан тышкары Кыргызстандын айрым райондорунда козголоңдор, стихиялуу демонстрациялар, калктын тоолуу райондорго же коңшу өлкөлөргө качуусу катталган. Мисалы, 1930-жылдын башында Алай өрөөнүнөн 300 көчмөн чарба чет өлкөгө көчүп кетишкен. Ал эми Ат-Башы районундагы Туюк жана Богачты айылдарынын жашоочуларынын бир бөлүгү 30 миң кой жана 15 миң ири мүйүздүү малын кошо Кытайга айдап өтүшкөн. [2, 88-89-б.]. Мындай көрүнүштөргө бийликтин жообу ого бетер катаал репрессиялар болгон.

Күч колдонуунун психологиялык таасири өтө чоң болгон. Калк бийликке болгон ишенимин жоготуп, коркуу жана ишенбөөчүлүк атмосферасы күчөгөн, салттуу тилектештик формалары бузулган. Узак мөөнөттүү кесепеттер мамлекеттен обочолонууну, дыйкан эмгек этикасынын бузулушун, коллективдүү эс тутумдун жаракат алышын камтыган. Күч колдонуу массалык репрессияларда, камакка алууларда, физикалык коркутууларда да көрүнгөн. Кыргызстанда репрессиялар кулактарга гана эмес, айылдык интеллигенцияга, мусулман дин кызматкерлерине жана коомчулуктун салттуу лидерлерине да жайылган.

**Талкуу жана анализ.** Реформалар менен күч колдонуунун ортосундагы өз ара байланышты талдоо Кыргызстандагы айыл коомунун трансформациясы, мажбурлоону колдонуу менен тыгыз байланышта болгонун көрсөтөт. Социалдык-экономикалык максаттарга азыраак кыйратуучу каражаттар менен жетүүгө мүмкүн болмок, бирок бийликтин идеологиялык максимализми жана калкка болгон ишенбөөчүлүгү күч колдонуу ыкмаларына алып келген.

Трансформациянын ийгиликтүү аспектилердин арасында төмөндөгүдөй жарым-жартылай модернизацияны белгилесе болот: билим берүү системасынын кеңейиши, аялдардын коомдук турмушка тартылышы, инфраструктуралык өзгөрүүлөр. Бирок бул жетишкендиктердин баасы өтө жогору болгон: социалдык туруктуулуктун жоголушу, салттардын бузулушу, массалык азап чегүүлөр.

Социалдык-экономикалык планда жеке чарбадан коллективдүү чарбага өтүү ишке ашырылды. Бирок бул реформалар тийиштүү даярдыксыз жана күч колдонуу менен аткарылган. Бул коомчулукта натыйжасыздыкка, жогорку бийликтен көз карандылыкка жана эң негизгиси дыйкандардын эмгекке болгон мотивациясынын бузулушуна алып келген.

**Корутунду.** Бир беткей бааланбаса да 1920-30-жылдар Кыргызстандын айыл коомунун терең трансформациясынын мезгили болуп калды. Социалдык-экономикалык реформалардын жана күч колдонуу саясатынын таасири астында айылдык коомдун структурасы, жашоонун салттуу ыргагы, баалуулуктар системасы түп-тамырынан бери

өзгөртүлгөн. Бул трансформациянын жыйынтыктары позитивдүү өзгөрүүлөрдү (сабатсыздыкты жоюу, айылдык инфраструктураны түзүү) жана трагедиялуу кесепеттерди (ачарчылык, депортациялар, маданий ажырым) да камтыйт.

Ошол окуялар жөнүндөгү тарыхый эс тутум азыркыга чейин өлкөдөгү бийликке, реформаларга жана адилеттик түшүнүгүнө болгон мамилеге таасирин тийгизип келет. Келечекте бул реформалардын локалдык көрүнүштөрүн, каршылык көрсөтүүнүн жеке тарыхын, ошондой эле репрессиялардан кийинки коомдук бүтүндүктү калыбына келтирүү механизмдерин деталдуу изилденет деген ойдобуз. Өткөндүн сабактарын түшүнүү келечекте адилеттүү жана гумандуу коомду куруу үчүн зарыл.

**Колдонулган адабияттар**

1. Алтымышова З.А. Совет бийлигинин Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын ишке ашырылышы (1920 - 30-жж.): тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертация. - Бишкек, 2022.
2. Бактыгулов, Дж. Из истории перехода киргизского крестьянства к оседлости и социалистическим способам хозяйствования. - Фрунзе: Кыргызстан, 1971.
3. Бактыгулов, Дж. Организационно-хозяйственное укрепление колхозов Киргизии (1929-1937 гг.). - Фрунзе: Илим, 1991.
4. Данилов, В.П. Ленинский кооперативный план и его осуществление в СССР // в кн. Очерки истории коллективизации сельского хозяйства в союзных республиках. - Москва: Госполитиздат, 1963.
5. Джунушалиев, Дж. Время созидания и трагедий 20-30- годы XX в. - Бишкек: Илим, 2003.
6. Ильясов, С.И. Коренное преобразование сельского хозяйства в Киргизии // в кн. Очерки истории коллективизации сельского хозяйства в союзных республиках. Под редакцией В.П.Данилова. - Москва: Госполитиздат, 1963.
7. История Киргизской ССР. С древнейших времен до наших дней в 5-т. / том 3. -Фрунзе: Кыргызстан, 1986.
8. Переписка с ЦК Средазбюро райкомами, политписьма о весенней посевной кампании, политическом состоянии Ошского округа. КР БМ КСДА, ф.10, оп.1, д.281, б.56.
9. КР БМ КСДА, ф.10, оп.1, д.305.

**Рецензент: т.и.к., доцент Осмонова С.К.**

УДК 94 (575.2)

**А.Бедельбаев**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**А.Бедельбаев**
КНУ имени Ж.Баласагына
**A.Bedelbaev**
KNU J. Balasagyn

**КЫРГЫЗСТАНДА ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН ЖАРАЛЫШЫНЫН ТАРЫХНААМАСЫНА ПРОФЕССОР Т.КЕНЕНСАРИЕВДИН КОШКОН САЛЫМЫ**
**ВКЛАД ПРОФЕССОРА Т. КЕНЕНСАРИЕВА В ИСТОРИОГРАФИЮ СТАНОВЛЕНИЯ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА В КЫРГЫЗСТАНЕ**
**CONTRIBUTION OF PROFESSOR T. KENENSARIEV TO THE HISTORIOGRAPHY OF THE FORMATION OF ENTREPRENEURSHIP IN KYRGYZSTAN**

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада профессор Т. Кененсариевдин «Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане во 2-й половине XIX-начала XX вв.» (Б., 2009) деген эмгегинде Кыргызстанда ишкердүүлүктүн жаралышын жана өнүгүүсүн чагылдырылышы илимий талдоого алынган. Посоветтик мезгилге чейин «ишкердүүлүк» жана «ишкер» терминдери илимий изилдөөлөрдө дээрлик колдонулган эмес. Т.Кененсариевдин эмгегинде бул орчундуу маселе белгилүү деңгээлде чагылдырылган. Андыктан келечекте ишмердүүлүк маселесин изилдөөдө автордун эмгеги тарыхнаамалык база катары кызмат кылаары шексиз.

**Аннотация:** В статье проведен научный анализ зарождению и развитию предпринимательства в Кыргызстане, отраженный в труде профессора Т.Кененсариева «Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане во 2-й половине XIX-начала XX вв.» (Б.,2009). До постсоветского периода термины «предпринимательство» и «предприниматель» в научных исследованиях почти не использовались. В труде Т.Кененсариева данная важная проблема отражена в известной степени. Следовательно, при изучении вопросы предпринимательства в будущем, труд автора послужить историографической базой.

**Abstract:** The article provides a scientific analysis of the origin and development of entrepreneurship in Kyrgyzstan, reflected in the work of Professor T. Kenensariev “Economic policy of the tsarist government in Kyrgyzstan in the 2nd half of the 19th and early 20th centuries.” (B., 2009). Before the post-Soviet period, the terms “entrepreneurship” and “entrepreneur” were almost not used in scientific research. This important problem is reflected to a certain extent in the work of T. Kenensariev. Consequently, when studying entrepreneurship issues in the future, the author’s work will serve as a historiographical basis.

**Негизги сөздөр:** ишкер; ишкердүүлүк; капитализм; соодагер; капитал; ишкана; соода түйүнү.

**Ключевые слова:** предприниматель; предпринимательство; капитализм; продавец; капитал; предприятие; торговая точка.

**Keywords:** entrepreneur; entrepreneurship; capitalism; seller; capital; enterprise; retail outlet.

XX кылымдын 90-жылдары советтик империянын ыдырашы жана анын ордуна ондогон эгемен мамлекеттердин түзүлүшү, алардын жеке менчик менен рынок экономикасына негизделген демократиялык коомду курууга багыт алышы ишкердүүлүктүн жана ишкерлердин өткөн тарыхын изилдөө зарылдыгын жаратты. Анткени, акыркы мезгилде дүйнөлүк экономиканын өнүгүүсүндө ишкердүүлүк негизги ролду ойной баштады. Бул өз кезегинде өткөн тажрыйбанын оң жактарына таянуу үчүн ишкердүүлүктүн жаралуу, өнүгүү этаптарын изилдөө актуалдуу маселелердин бири экендигин көрсөттү.

Совет доорунда “ишкердүүлүк” жана “ишкер” түшүнүгү социализмдин принциптерине ылайык келбегендиктен, расмий тарыхый-экономикалык изилдөөлөрдө колдонулган эмес.

Бул маселени кароодо бир жактуулукка жол берилген жана негизги максат жумушчу табынын буржуазияга карата көз карашын ачууга багытталып, идеологиялык мүнөздө каралган.

Кыргызстандын тарыхчылары менен экономисттеринин изилдөөлөрү да ушул багытта жүргүзүлүп, айыл чарбасындагы өзгөрүүлөр, акча-товар мамилелеринин өнүгүшү, майда жана орто ишканалардын, тоо-кен өнөр жайларынын ачылышы таптык көз караштан изилденген. Ошентсе да ал эмгектер Кыргызстандагы ишмердүүлүктүн негизги документалдык-маалыматтык базасын түзөт.

Постсоветтик мезгилде профессор Т.Кененсариевдин 2009-жылы жарык көргөн "Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане во 2-й половине XIX- начала XXвв." деген мазмундуу эмгегинде ишкердүүлүк маселелери алгачкылардан болуп белгилүү деңгээлде иликтенген.

Эмгекте бай тарыхый-документалдык булактардын негизинде падышачылыктын Кыргызстандагы жер жана сырттан көчүп келгендерди жайгаштыруу саясатын, соода-өнөр жай саясатын жана алардын натыйжаларын ачып берүүгө негизги көңүл бурулган. Заманбап методологиянын жетишкендиктерине таянуу менен автор таптык көз караштан чыгып, Кыргызстан Россиянын курамына каратылгандан кийин аймакта жүргөн социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү объективдүү ачып берген.

Автор кириш сөзүндө эле ишкердүүлүк маселесине көңүл буруп, "рынок мамилелеринин капиталисттик формада туурасынан кеңири өнүгүү процесси дүйнөлүк капитализмдин мыйзамы катары ар түрдүү жолдор менен жүргөндүгүн" жана "соода, товарларды, кийинчерээк капиталды чыгаруу аркылуу таркатылгандыгын" белгилейт. Ошондой эле биринчилерден болуп "ишкерлер" жана "ишкердүүлүк" терминдерин колдонот. (Кененсариев Т., 7, 164,181 б.)

Эмгектин үч баптан турган биринчи бөлүмүндө падышачылыктын 1867-1886-жылдардагы, андан кийин 1886-1914-жылдардагы жер саясаты жана падышачылык бийликтин келгиндерди көчүрүп келүү саясаты менен жер маселеси хронологиялык жана логикалык жактан ырааттуу чагылдырылган.

Бул бөлүктө Кыргызстанда ишкердүүлүктүн пайда болушу европалык келгиндердин көчүп келиши менен байланыштуу экендиги көрсөтүлгөн. Алгачкылардан болуп кыргыз манаптары жерсиз орус дыйкандарына жерди ижарага бере баштаса, көчүп келгендердин бир бөлүгү шаарларда кол өнөрчүлүк кыла башташкан. 1891-жылы кабыл алынган Талаа жобосунун 126-беренесине ылайык кыргыздар кыштоосунун чегиндеги жерлерди 30 жылга ижарага берүү укугуна ээ болушкан. Бул ишкердүүлүктүн алгачкы формасы болгон. (Кененсариев Т., 100, 116,121 б.)

Профессор Т.Кененсариевдин эки баптан турган экинчи бөлүгү падышачылыктын соода-сатык саясатын жана Россиянын колониалдык системасына кирген Кыргызстандын өнөр жайынын абалы менен өнүгүшүн изилдөөгө арналган.

Автор ишкердүүлүктүн кийинки этабын соода-сатык мамилелеринин өнүгүшү менен тыгыз байланышта карайт. Бул мамилелер үч этаптан: натуралдык алмашуу, мезгилдүү ярмаркалык жана туруктуу соода жүргүзүүдөн турган (Кененсариев Т. 138 б.) Биринчи этапта Россиялык көпөстөр менен Орто Азиялык соодагерлер кыргыз көчмөндөрүнө өз товарларын сүткорлук менен мал-жанга алмаштырса, экинчисинде жер-жерлерде мезгилдүү соода түйүндөрү ачылып, нак алмашуу менен бирге, акча-товар мамилелери кире баштаса, акыркы этапта шаарлар менен көчүп келген калк кыштактарында соода түйүндөрү туруктуу иштей баштаган. 1867-жана 1868-жылдары кабыл алынган Убактылуу Жоболордо сооданы

өнүктүрүү үчүн орус жана жергиликтүү соодагерлер соода күбөлүгүн алууга милдеттүү болушкан. Ал эми орус көпөстөрү 15 жылга гилдиялык салыктан, мамлекеттик жана аскердик иштерге тартылуудан бошотулган. (Кененсариев Т., 145 б.)

Сооданын өнүгүшү менен ал багытта кесиптенген ишкерлердин саны өскөн. Алардын ичинде "алып-сатар", "кызыл-кулак" деп аталган жергиликтүү соодагерлер да болгон. Алар Ат-Башы, Каркыра, Олуя-Атада, кийинчерээк Пржевальскийде күзүндө (1898ж.), Пишпекте жазында (1905-ж.), Токмокто жайында (1906-ж.) өткөрүлгөн ярмаркаларда айыл чарба азык-түлүктөрү менен мал-жанды акчага сатышкан. (Кененсариев Т. 155, 150-152 б.)

Автор туура белгилегендей, XX к. башында Пишпек, Пржевальск, Токмок, Ош, Өзгөн негизги соода борборлоруна айланган. 1907-ж. Кыргызстанда 3900 соода түйүнү иштеп, алардын жылдык акча жүгүртүүсү 10 млн.рублдин айланасында болгон. Соода жүргүзүүгө жергиликтүү калк кыйла деңгээлде тартыла баштаган. П.П.Румянцевдин жетекчилиги алдында Пишпек жана Пржевальский уезддерин 1912-1913-жылдары изилдеген материалдарда бул уезддердеги соодагерлердин саны 2118 адамды түзсө, алардын 775 кыргыз болгондугу көрсөтүлгөн. (Кененсариев Т., 154-156 б.)

Жер иштетүүчүлүктүн өнүгүшү менен дан азыктарын сатуу өскөн. Падыша өкмөтү жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрү аймактагы сооданын өнүгүшүн колдоого алган. Натыйжада айыл чарба тармагында соода менен кесиптенген ишкерлердин катмары пайда болгон. (Кененсариев Т., 159 б.)

Т.Кененсариев кыргыздар орус букаралыгына өткөнгө чейин эле белгилүү деңгээлде жашоо-тиричиликке зарыл чарба жана үй чарба буюмдарын жасоону, тоо-кен байлыктарын зарылчылыгына жараша иштетүүнү билгендигин белгилөө менен бирге, алардын айрымдары майда товардык мүнөзгө өтүп, буюмдар рынок менен керектөөчүнүн талаптары боюнча даярдалганын белгилейт. Аларды алгачкы ишкерлердин катарына кошууга болот. 1890-жылы Пишпек уездинде ар түрдүү улуттагы 720, ал эми Пржевальск уездинде 1542 кол өнөрчүлөр болгон. (Кененсариев Т., 161-163 бб.) Алардын саны жылдан жылга өсө бергендиги автор тарабынан документалдык булактардын негизинде ынанымдуу көрсөтүлгөн. Падыша өкмөтү тарабынан 1899-жылы соода жана кол өнөрчүлүк боюнча Жобо иштелип чыгып, соода жана өнөр жай ишканаларына салык салынган. Ал эми ишкерлер атайын күбөлүк менен билеттерди алууга милдеттендирилген. Жобо боюнча жумушчуларынын саны 16га жетпеген, буу кыймылдаткычтары, жел жана суу тегирмендери жок майда товардык ишканалар салык төлөөдөн бошотулган. (Кененсариев Т., 164 б.)

XIX к. 80-90-жылдары шаарларда жана ири орус кыштактарында айыл чарбасынын чийки заттарын иштеткен майда ишканалар ачыла баштаган. Автор алардын демилгечилери киреше табууга шыктуу жергиликтүү төбөлдөр, байыган дыйкандар, ошондой эле жергиликтүү жана орус көпөстөрү болгондугун белгилейт. Мындай ишканалардын саны 30 жылдын аралыгында (1883-1903) 165тен 569га өскөн (Кененсариев Т., 166 б). Бул сан ишкерлердин да көбөйгөнүн күбөлөп турат.

XX к. башында салыштырмалуу түрдө ири капиталисттик ишканалардын пайда болушу менен тоо-кен иштетүү өнөр жай тармактарына орус жана чет элдик капитал киргизиле баштаган. (Кененсариев Т., 167 б)

Автордун оюн уласак, натыйжада аймакта ири ишкерлер пайда болгондугу көрүнүп турат.

Капитализмдин колониялык аймактарга туурасынан кеңейиши менен аскердик-феодалдык империализм (падышачылык) менен заманбап эл аралык капитализмдин (россиялык жана чет элдик капиталдын бирикмеси) ортосунда карама-каршылык

жаралгандыгы тууралуу изилдөөчүнүн пикири колдоого татыктуу. Падышачылык Борбордук Азиядагы экономикалык рычагдарды чет элдик капиталга тарттырып жиберүүдөн чочулаган, бирок, өзү өнөр жайды өнүктүрүүгө ири каражат бөлүүгө алсыз болгон. Ошентсе да 1886-жылдагы Жобонун 207-жана 262 беренелери менен Туркестандын экономикасына чет элдик капиталды киргизүүгө олуттуу чектөө коюлган. Падышачылыктын 1893-жылдагы мыйзам менен чет элдик ишкерлердин демилгелерине бөгөт коюусуна Финансы министрлиги каршы болгон жана Россиянын өнөр жайдагы жетишкендиктери чет элдик капиталдын натыйжасы экендигин көрсөткөн. Өкмөт бул көз карашты колдогон эмес. (Кененсариев Т., 167-169 б.)

Бул маселе боюнча талаш-тартыш токтогон эмес. Падыша өкмөтү Туркестандын жерин жана кен байлыктарын мамлекеттин менчиги деп жарыялап, мындай чечим мамлекет жана ишкер үчүн пайдалуу деп эсептеген. (Кененсариев Т.,178 б.)

Автор падышачылыктын бөгөттөрүнө карабастан Туркестанга белгилүү өлчөмдө чет элдик капитал киргендигин, анын ичинде Кыргызстанда "ферганалык нефть жана тоо-кен иштетүүчү "Чимион" акционердик коому, "Кызыл-Кыя" акционердик коому ж.б.фирмалар иштей баштагандыгын көрсөтөт. Мындай абал падышачылыктын тынчсызданууусуна жана орус ишканалары менен капиталына орун калбай калат деген негизсиз тыянак чыгаруусуна алып келген. Натыйжада 1917-жылга чейин Туркестан расмий түрдө чет элдик капиталды тартууга тыюу салынган аймак болгон. (Кененсариев Т.,179 б.)

Автордун пикири боюнча ар түрдүү бөгөттөргө карабастан, ишкерлердин демилгеси менен 1913-жылга карата Кыргызстанда 32 ишкана иштеп турган. Алардын ичинде таш көмүр иштетүүчү 7 ишкана (1 миңдей жумушчу), нефть иштетүүчү-2, пахта тазалоочу-2, жүн тазалоочу-7, тери иштетүүчү-2, май чыгаруучу-2, пиво бышыруучу-2 заводдор жана 5 тегирмен болгон. Аларды иштетүүгө Москва жана Санкт-Петербург шаарларындагы акционердик коомдордун банктардагы капиталы жана белгилүү деңгээлде чет элдик капитал тартылган. (Кененсариев Т., 182, 192 б.)

Ошентип, профессор Т.Кененсариевдин падыша өкмөтүнүн Кыргызстандагы экономикалык саясатын изилдөөгө арналган жаңычыл мүнөздөгү китебинде ишкердик маселеси да белгилүү деңгээлде камтылган. Соода-сатык, айыл чарба азыктарын иштетүү, фабрика-заводдорду куруу жана тоо-кен өнөр жай тармактарын өнүктүрүү багытында ишкерлердин жасаган аракеттеринин натыйжасында аймакта ишкердүүлүктүн XIX кылымдын аягынан эле калыптана баштагандыгын автор ынанымдуу чагылдырган.

Биздин пикирибизде, профессор Т.Кененсариевдин эмгеги Кыргызстандагы ишкердүүлүктүн тарыхнаамасына белгилүү салым кошот жана бул багыттагы атайын изилдөөлөрдү жүргүзүүдө негизги теориялык жана булактык база катары кызмат кылат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Погорельский П. и Батраков В. Экономика кочевого аула Кыргызстана.-М., 1930; Ильясов С.И. Земельные отношения в Киргизии в конце XIX-нач. XX вв.-Ф., 1963; Джунушев К. Развитие товарно-денежных отношений в дореволюционной Киргизии.-Ф.,1965; Джаманкараев А.Б. Развитие торговли в Киргизии в конце XIX-нач. XX вв.-Ф., 1965; Усенбаев К. Общественно-экономические отношения киргизов. Вторая половина XIX-начало XX вв.-Ф.,1980.

2. Кененсариев Т. Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане во 2-й половине XIX-начала XX вв.-Б., 2009

3. Шилтемелер автордун эмгегинен алынып, беттери тиешелүү жерлерде көрсөтүлдү.

**Рецензент: т.и.д., доцент Карыева А.К.**

УДК: 930.85+821.512.161.09(575)

**Boобек уулу Б., Токтосунов Т.Ж.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**Boобек уулу Б., Токтосунов Т.Ж**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**Boobek uulu B, Toktosunov T. Zh.**
KNU Jusup Balasagyn

# ОРТО ТҮРК АДАБИЯТЫНЫН ИРИ ӨКҮЛҮ КУЛ КОЖО АХМАТ ЯССАВИ ЖАНА АНЫН XIX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ ЗАМАНАЧЫЛ АКЫНДАРЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ
# ПРЕДСТАВИТЕЛЬ СРЕДНЕТЮРКСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ КУЛ ХОДЖА АХМАД ЯССАВИ И ЕГО ВЛИЯНИЕ НА КЫРГЫЗСКИХ ПОЭТОВ-СОВРЕМЕННИКОВ XIX ВЕКА
# THE PROMINENT REPRESENTATIVE OF MIDDLE TURKIC LITERATURE KUL KHOJA AHMAD YASSAWI AND HIS INFLUENCE ON 19TH-CENTURY KYRGYZ CONTEMPORARY POETS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада орто түрк адабиятында Кул Кожо Ахмат Яссавинин орду, чыгармачылыгы жана анын Орто Азиядагы таасири ошондой эле кыргыздардын XIX кылымдагы заманачыл акындары: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтын поэзиялык көз караштары салыштырылып талдоого алынат.

**Аннотация:** В статье рассматривается место Кул Кожо Ахмата Яссави в средне-тюркской литературе, его произведения и влияние в Средней Азии, а также проводится сравнительный анализ поэтических взглядов кыргызских поэтов-заманистов XIX века: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч.

**Abstract:** This article examines the role of Kul Khoja Ahmad Yassawi in Middle Turkic literature, his works, and his influence in Central Asia. It also compares and analyzes the poetic views of 19th-century Kyrgyz "Zamanist" poets such as Kalygul, Arstanbek, and Moldo Kylych.

**Негизги сөздөр:** орто түрк адабияты; Кул Кожо Ахмат Яссави; XIX кылымдагы кыргыз заманчыл акындар жана чыгармалары.

**Ключевые слова:** средне-тюркская литература; Кул Кожо Ахмат Яссави; кыргызские поэты заманисты XIX века и их произведения.

**Keywords:** middle turkic literature; Kul Khoja Ahmad Yassawi; 19th-century kyrgyz zamanist poets and their works.

Байыркы орто кылымдарда калыптанган адабий мурастарыбыз муундан-муунга ташкындап аккан суудай бирде кемип, бирде оргуштап төгүлүп-чачылып, оозеки жана жазма түрүндө биздин күндөргө чейин сакталып келип отурат. Ар бир доордон өзүнүн даанышман ойчулдары чыкты. Алардын руханий, адептик жана дидактикалык мүнөздөгү акыл-наасаттык чыгармалары жалпы элди рухий жактан тарбиялоодо негизги азык гана болбостон, баа жеткис тарыхый булак катары да маанилүү орунду ээлеп келет. Орто Азияда ислам дининин таралышы менен жалпы адамзатты ыйманга, адеп-ахлакка үндөө вазипасы мына ушул ойчул акындарга да милдеттендирилгендей.

Мына ошол орто түрк адабятында суфизим агымынын негиздөөчүлөрүнүн сап башында Кулкожо Ахмат Ясави турат. Алисламдагы суфий агымынан болуп, материалдык дүйнөнүн чындыгынан кечүүгө, бул дүйнөнүн беш күндүгүн, аркы дүйнөдө гана мусулман адамы түбөлүк бейкуттукка бөлөнөт деген идеяны даңазалаган. “Дивани Хикмет” “Даанышмандыктын жыйнагы” китебин кийинки муундарга мураска калтырган. Ал (1105-1166) жж. XII кылымдын башында Яссы (Казакстандагы азыркы Түркстан) шаарында дин кызматкери Ибраим шейхтин үй-бүлөсүндө туулган. Акын атасынан эрте ажырап, башка бир шейхтин кол алдында өскөн. Бухара медресесинде окуп, руханий насаатчысы шейх о дүйнө кеткен соң анын ордун ээлеп калган. Кийин такшалган суфий акын катары өзү туулуп өскөн жерине кайтып, өзүнүн айланасына топтогон талибдерине үгүт-насаат иштерин жүргүзгөн [1, 218-224]. Акындын чыгармасы диний-мистикалык көз караш менен лирикалык сезимдин синтезинен турат. Ал алла тааланы, Мукамбет пайгамбардын үлгүлүү жактарын бийик эмоция менен жан дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү лирикалык маанай менен санат-насыят формасында ырга салат. Анын “Санат-насыяты” түрк адабий тилинин калыптанышына өз салымын кошкон. “Насыяттар жыйнагында” ойчул акын түбөлүктүү темага айланган “кыямат кайым” темасын өөрчүтөт. Көрсө, Ясавиден мурунку олуялар, улуу даанышмандар да ушул теманын үстүндө баш катырышкан экен. Учурда өткөн чактын улуулугу, тазалыгы, ыймандуулугу жана кайрымдуулугу кол жеткис бийиктей, көз көрбөс алыстай болуп узап кеткендей таасир калтырган көрүнөт:

Олуялар айткан кеп келген белем,
Кыяматтын күнү жуук тартты достор.
Эстүү кулдар не болоорун билген белем,
Калайыктан мээр-шапкат качты достор.

Улам мезгил өткөн сайын мурунку муундун адеп ахлак, ыйманы бийик жана жогору болгондой ички туюм акындардын санат-насаат ырларында орун алган:

Улуу, кичүү жарандардан адеп кетти,
Кыз, зайыптан, жубандардан уят кетти,
“Алхыйа мин ал ыйман” деп расул айтты
Уят кеткен эл көбөйдү улам достор [2, 221-222].

Ислам динине ак кызмат аткаргандыгы үчүн кадыр-баркы артып, олуя, даанышман катары сый-урматка бөлөнөт. Акындын бийик аброюна таянып кийин Аксак Темир өзүнүн саясий идеологиясы үчүн анын Түркстандагы күмбөзүн эң жакшы пайдаланган. Эл арасында “Мединада Мукамбет, Түркстанда Акмат”деген сөз тараган. Мекке менен Мединага барып сыйынууга калайык-калктын мүмкүнчүлүгү жете бербегендиктен, жакын турган акындын мечитине барып сыйынып, аны экинчи Мекке катары санашкан [3, 86-92].

Кыргыздар Кул Кожокматты касиетүү адам катары санаган. Кыяматта чоң сурак болгондо, Кул Кожо Акмат калыс киши катары, күнөө менен соопту таразалаганда, таразанын түбүндө болот деп ишенишкен. Бул тууралуу кыргыздын белгилүү төкмө акыны Токтогул Сатылганов мындай деп ырга салган экен:

Кошумча жыйган эшендер,
Азезилдин жанында,
Кокуйга калат деп уктум.
Акчасын алып алмакка,
Айтат жалган деп уктум,
Кожо Акматтын алдында,
Алдап алган аттарын,

Кайтарып берет деп уктум.

Мусулманчылыктын кыргыздарга таралышы менен ал кыргыздар арасында Сопу Алдаяр деген атка ээ болгон. Сопучулук идеяны жайылткан акын чыгармаларын чагатай тилинде жазган. Анын "Хихмет" аттуу чыгармасы кыргыздардын арасында да кеңири тараган. "Аталган чыгарманы молдолор жогорку сыныптагы балдарга окута турган", – деп эскерет мудирис Кусеин Карасаев [4, 20-21]. Айтылгандарга улай дагы бир кызыктуу маалыматты бизге тарых изилдөөчү К. Жумабаев айтып берди. Ал 1980-жылдары Кочкор районунун имамы Жапар молдого жолукканымда: "Бул — Кул Кожо Ахмат Ясавинин "Өкүмат" ("Хикмат") деген китеби. Муну мен дайыма окуганда ыйлап, абдан маани берип окуйм", — деп айтканын эскерет. Мындан улам акындын аталган китеби кыргыз коомчулугуна кеңири белгилүү болгондугун баамдасак болот (Жумабаев К., оозеки маалымат).

Акындын чыгармаларында кыямат заман темасы өтө кеңири орун алган жана аны замана агымынын эң баштоочусу, негиздөөчүсү катары бааласак туура болот. Ага таасирленип Орто Азия чөлкөмүндө бир катар заманчыл акындар өсүп чыккан. Ага мисал катары: Махтумкули, Дулат, Майлыкожо, Медилкожо, Майкөт, Шортоңбай, Абубакир, Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычты айтсак жаңылышпайбыз. XIX кылымдагы башталган кыргыз заманчыл акындарынын "Акыр заман", "Тар заман", "Зар замандарынын" генезисин байыркы орто кылымдагы мурастан баштап кароого туура болоор.

XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап кыргыз акындар чыгармачылыгында «Замана» деп аталган багыт пайда болду. Анын көрүнүктүү өкүлдөрү: Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1840-1917), Арстанбек Буйлаш уулу (1840-1882), Калыгул Бай уулу (1785-1855) Молдо Ныяз (1823-1896) болушкан. Эл арасында Молдо Кылычтын «Зар заманы», Арстанбектин «Тар заманы», Калыгулдун «Акыр заманы» кеңири тараган. Акындардын чыгармаларында адамдын милдети, туура жашоо жөнүндөгү элдик түшүнүктөр чагылдырылган. Алар мурунку адамдарга мүнөздүү болгон адептүүлүктү, маданиятты ырга салышып жаштарды салт-санааларды билген адам кылып тарбиялоону белгилешкен. Бул кыргыз элинин жакшы маданиятынын сакталышына таасирин тийгизет деген ойлорду айтышкан. [6, 187]

Кыргыздардагы "Замана" поэзиясынын эң алгачкы бир көрүнүшү Калыгулдан башталат. Чынында Калыгулга чейин аты белгилүү жана чыгармалары биздин күндөргө жеткен акын да болгон эмес. Мына ошондон тартып ал традициялуу темага айланган. Калыгул бай уулу (1785-1855) жылдары жашап өткөн заманачы акын. Анын санаат-насааттары, "Акыр заман", "Кыямат Кайым" аттуу мистикалык-философиялык ырлары эл оозунда кеңири айтылып калган. Ал өз заманында келечекти көрө билген олуя аталган, калыс, кадыр барктуу адам болгон. Калыгулдун "Замана" жөнүндөгү ырларында мындай деп айтылат:

Орой киши баатыр болоор,
От чыкпай жериң такыр болоор,
Ошол заман жакын болоор.
Токой токол болоор,
Талаа тоодой болоор.
Уй пул болоор,
Кул бай болоор.
Тегиз жерден тегирмен жүрөөр,
Тексиз жерден бий чыгаар.

Алка жака салынган кийим чыгаар
Акча кагаз пул болуп тыйын чыгар.
Айылын жоодой аңдыган бирөө чыгаар,
Атасынан баласы тапан чыгар[7, 25].

Кыргыздын дагы бир даанышманы Арстанбек Буйлаш уулу (1824–1878) – ойчул, төкмө, заманачы акын. Калыгул, Молдо Кылыч ж. б. менен бир катарда турат. XIX кылымдын орто ченинде, орус падышачылыгы Түндүк Кыргызстанды өзүнө карата баштаган мезгилде бирдиктүү кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгү жок болуп, ошондон улам кыргыз улуттук саясаты уруулук кызыкчылыктарга көз каранды эле. Айрым кыргыз уруулары орус аскерлеринин жардамы менен экинчи кыргыз урууларынан «өч алууга» да үлгүрүшкөн. Арстанбек өз учурунун түрүн байкап, “азуулуга бар заман, кедейлерге тар заман”– деп, бирок түбү жакшылык болоор деп, келечектен үмүт кылган [8, 41].

Кылымдарды карытып, келе жаткан түптүү моралдык эреже-нормалар, адеп-ахлак мыйзамдары адамдар тарабынан сакталбай, баркталбай бузула турган болсо, коомдо кандай натыйжа келип тууларын жана бул эмненин белгиси экендигин Арстанбек мындайча эскерткен:

Урматы кетсе уулунун,
Кадыры кетсе карынын,
Азаматтын курбалы –
Зайыптын кетсе ыйманы,
Кыздын кетсе кылыгы,
Келиндин кетсе келбети,
Ата-эненин кымбаты –
Уулдун кетсе уяты,
Журт бузулуп нарк кетсе,
Каадасы кетсе ырчынын –
Бул акыр заман белгиси
Арстанбектин келбейт көргүсү [9].

Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1868–1917) – кыргыздын алгачкы жазгыч акындарынын бири. Кочкор өрүүнүндө туулган. Анын 1911-ж. Казан шаарында араб ариби менен “Зилзала” эмгеги кыргыз элинин тарыхында басмага жарыяланган алгачкы чыгармалардан болуп эсептелет. Молдо Кылычтын “Чүй баяны”, “Керме тоо”, “Канаттуулар”, “Зилзала”, “Кол казал”, «Кара Кочкор», “Кыз жигит”, “Уй казал”, “Жатакчылар”, “Чүй канаттуулары”, сыяктуу ырларында жана поэмаларында табият, турмуш-тиричилик, жүрүм-турум, саясат жөнүндө баяндаган.

Адабий сынчы К. Асаналиев акындын “Зилзала” аттуу чыгармасына мындайча мүнөздөмө берген: «Жаратылышта болуп өткөн мындай кырсыктарды түшүндүрүүдө Молдо Кылыч өзүнүн диний көз караштарынын алкагынан чыга алган эмес. Ал тургай “Зар заманда” байкала баштаган динге карата сынчыл поэзиянын чегинен да четтеп, жер титирөө окуясы акынга абдан зор таасир тийгизген. Ошонун натыйжасында Молдо Кылыч мистикага карай дагы бир кадам шилтегендиги айкын көрүнүп турат», — деп баяндайт. Адам пейили бузулса, өзүбүздөн көрөлүк деп келип, акын мындай саптарды айтат:

Дин мусулман агайын,
Сактануучу кудайым.
Акыр заман белгиси,
Сизге баян кылайын.
Китептерде сөзү бар,
Ынанбасаң табайын.
Заман кандай болмогу,
Жерге бузук толмогу.
Ар сонундан иш чыгар,
Мына ушул болжолу.
Шумдугунан пенденин,
Алалдыкка арзыбай.
Сүткө кылаар сооданы,
Ырыскыга мал чачып,
Журтуна кылар кооганы.
[10,99].

Кыргыздардагы диний суфий багытында ой жүгүрткөн акындары Ахмет Яссави жана анын чыгармалары менен тааныш болгондугу алардын өздөрү калтырып кеткен ырларында айдан ачык көрүнүп турат.

Түркстанда мазары
Хикмет сөзү жыйылып,
Бизге калды казалы – деп Молдо Кылыч ыр жазса, Алдаш Молдо мындай дейт:
Ошол заман баары өттү,
Нечен кыйын эр өттү.
Кожо Ахмед Яссави
Коусул Агзам пир өттү

Кожо Акмат өзүнүн өмүрүндө Мухаммад пайгамбардын осуяттарын айтып, даңазалап гана тим болбостон анын жашоосун кандайдыр бир деңгээлде туурагысы келет. Ал 63 жашка келгенде Мукамбет пайгамбардын жашына келгендигин эскертип, колдо бар дүйнөсүн бей-бечараларга таратып берип, жер алдында үңкүрдөн кырк күн чыкпай сырткы айлана чөйрөдөн обочо жашагандыгы айтылат [11, 86-92]. Негизинен мусулман элдеринде 63 жаш пайгамбар жашы катары эсептелип, бул курактагы аксакал адамдар өздөрүн өтө бактылуу сезишет. Ушул жерден дагы бир кызыктуу маалыматты айта кетсек болчудай. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында жашап өткөн кыргыздын залкар манасчысы Сагымбай Орозбаков дал ушул куракта дүйнө салгандыгы белгилүү. Албетте муну менен Сагымбай Кожо Акматтын жолун жолдогон деген ойдон алыспыз, бирок ушул тагдыр насипти Сагымбайга жараткан тарабынан буюргандай. Эки залкардын окшоштук жактарын салыштырып караганда, Сагымбай Орозбак уулунун вариантында диний мазмундагы окуялар кеңири орун алып, элди ислам динине үгүттөө көзгө урунат. Айрым маалыматтарга караганда ал мусулман динине ишенген жана өзү билген эрежелерин так аткарган адам болгондугу белгилүү. Бул абал анын жомокко дин ишенимин башкаларга караганда көбүрөөк киргизүүгө аракеттенишине алып келген [12]. Эки акындын ортосундагы окшоштуктарды салыштырып көрсөк, алардын биринде Мухаммед пайгамбардын жашына жеткен соң өз тагдырына каниет кылып, калган өмүрүн тынч өткөрүүгө умтулуу байкалат, ал эми

экинчисине мындай насип Кудай тарабынан берилген. Ошол эле учурда Кожо Акмат менен Сагымбай экөө тең динди жалпы элге ыр аркылуу жеткирүүгө аракет кылышкан.

Жыйынтыктап айтканда орто түрк доорунан бери калыптанган адабий мурастарыбыздын диний суфийизм багытында ой жүгүрткөн акын, өз мезгилинин даанышман адамы Кул Кожо Акмат Яссавинин чыгармалары жана анын инсандык бийик кадыр-баркы Орто Азиядагы түрк тилдүү мусулман элдерине анын ичинен кыргыздарга, айрыкча заманачыл акындарга өз таасирин тийгизбей койгон эмес деген тыянакка келип отурабыз. Бул ой менен биз "заманачыл" акындардын коомго болгон философиялык көз караштары же чыгармачыл багыты орто түрк доорунда чийилген сызыктан аша алган эмес деген ойду билдиргибиз келбейт. Бир сөз менен айтканда ар бири "заманачыл"мектептин ири өкүлдөрү болуу менен кийинки муундарга элдик педагогиканын бай казынасын калтырып кетишкен.

**Колдонулган адабияттар**


1. Эшиев А. М. Орто түрк доорундагы педагогикалык ойлор. – Б.: 2007. – 218- 224.
2. Эшиев А. М. Орто түрк доорундагы педагогикалык ойлор. – Б.: 2007. – 221-222-б.
3. Акматалиев А. Байыркы орток түрк адабиятынын очерки. – Б.: 2015. – 86-92-б.
4. Политология. Түз / Акунов А, Кангелдиев А, Мамбеталиева В. – Б.: 2015. – 20-21-б.
5. Кабылбек Жумабаев. (Маалымат берүүчү). Кочкор районунун тургуну. Тарых изилдөөчү.
6. Гапаров С. Акындар поэзиясындагы этнопедагогика жана маданият // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – Б.:2011. – 188-б.
7. Үмөталиев Ш. Заман поэзиясынын генезиси жөнүндөгү маселеге карата // Калыгул Бай уулу элге кенен тараган ырлар жыйнагы – Б.: 1992. – 25-б.
8. Акунов А. А. Мамбеталиева Г. С. Адам укуктары жана демократиялык бийлик. Энциклопедиялык сөздүк. – Б.: 2015. – 41-б.
9. Байгазиев С. Кыргыздын ойчулдарынын жана баатырларынын осуяттары – Ата журт тиреги. – Б.: 2013. – 57-58-б.
10. Турдугулов А. Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын чыгармачылыгын окутуу. – Б.: 1996. – 99-б.
11. Акматалиев А. Байыркы орток түрк адабиятынын очерки. – Б.: 2015. – 86-92-б.
12. Улуу манасчы Сагынбай. Түз / Төлөмүшев М, Дүйшеев Ш. – Б.:1992.


**Рецензент: т.и.к., доцент Асипбаева М.Б**

УДК 94(575):339.9

**Жалиева Б.С., Асипбаева М.Б., Чодолдоева Г.Ж.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Жалиева Б.С., Асипбаева М.Б., Чодолдоева Г.Ж.**
КНУ имени Ж.Баласагына
**Zhalieva B.S., Asipbaeva M.B., Chodoldoeva G.Zh.**
KNU J. Balasagyn

# ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРИНИН КЫЗМАТТАШТЫГЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ
# ЭКОНОМИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ СОТРУДНИЧЕСТВА ТЮРКСКИХ ГОСУДАРСТВ
# ECONOMIC ASPECTS OF COOPERATION OF TURKIC STATES

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макала тектеш тарыхый, маданий жана тилдик негиздерде бириккен түрк мамлекеттеринин интеграциялык процесси, экономикалык кызматташтыгын талдоого арналган. Экономикалык өз ара аракеттенүүнүн негизги багыттары – соода, энергетика, транспорт жана институционалдык механизмдер каралган. Айрыкча Түрк мамлекеттеринин уюму жана анын институттарынын ишмердүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулган. Изилдөө комплекстүү ыкмада жүргүзүлүп, салыштырма, системалуу жана тарыхый-аналитикалык методдор колдонулган.

**Аннотация:** Настоящая статья посвящена анализу интеграционных процессов и экономических аспектов сотрудничества между тюркскими государствами, объединёнными культурными, историческими и языковыми связями. Рассматриваются основные направления экономического взаимодействия, включая торговлю, энергетику, транспорт и институциональные механизмы. Особое внимание уделяется деятельности Организации тюркских государств и её институтов. Исследование основывается на комплексном подходе с использованием сравнительного, системного и историко-аналитических методов.

**Abstract:** This article is devoted to the analysis of integration processes and economic aspects of cooperation between Turkic states united by cultural, historical and linguistic ties. The main directions of economic interaction — including trade, energy, transportation, and institutional mechanisms — are examined. Special attention is given to the activities of the Organization of Turkic States and its institutions. The study is based on a comprehensive approach using comparative, systemic, and historical-analytical methods.

**Негизги сөздөр:** түрк мамлекеттери; экономикалык кызматташтык; соода; энергетика; транспорт; интеграция; Түрк мамлекеттеринин уюму.

**Ключевые слова:** тюркские государства; экономическое сотрудничество; торговля; энергетика; транспорт; интеграция; Организация тюркских государств.

**Keywords:** turkic states; economic cooperation; trade; energy; transportation; integration; Organization of Turkic States.

Акыркы он жылдыкта түрк мамлекеттеринин ортосундагы өз ара байланыштар, өзгөчө экономикалык чөйрөдө олуттуу күч алды. Жалпы тилдик, маданий жана тарыхый мурастар менен бириккен мамлекеттер – Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Түркия, Түркмөнстан жана Өзбекстан кызматташуунун көп тараптуу формаларын активдүү өнүктүрүп жатышат. Бул макаланын максаты түрк өлкөлөрүнүн ортосундагы экономикалык өз ара аракеттенүүнүн негизги багыттарын, анын ичинде соода, инвестиция, энергетика, транспорт жана институттук механизмдерин анализдөө болуп саналат.

Түрк мамлекеттеринин ортосундагы экономикалык кызматташтыктын жанданышынын тарыхый өбөлгөлөрү СССР кулагандан кийин 1990-жылдардын башына туура келет. Көз карандысыз түрк тилдүү республикалардын түзүлүшү аймактык кызматташтыктын жаңы формаларын табуу зарылдыгын алдын ала аныктаган. Түркия алгачкы этапта Борбордук Азиянын жана Түштүк Кавказдын жаңы мамлекеттери менен жакындашуу боюнча демилгелерди көтөрүп, негизги ролду ойноду.

Дүйнөдө түрк тектүү улуттар негизги ролду ойногон алты мамлекет бар. Булар Түркия, Азербайжан, Кыргызстан, Түркмөнстан, Казакстан жана Өзбекстан. Мындан тышкары түрк аймагына этникалык жактан айырмаланган мамлекеттердин курамына кирген аймактар, автономиялар жана улуттук республикалар да кирет. Мында сөз Башкортостан Республикасы, Кабардин-Балкар Республикасы, Карачай-Черкес Республикасы, Татарстан Республикасы, Тува Республикасы жана башкалар (Россия), Синьцзян-Уйгур автономиялуу облусу (Кытай), Крым Автономиялуу Республикасы (Украина), Гагаузия (Молдова) жөнүндө болуп жатат.

1992-жылы Түрк тилдүү мамлекеттердин саммитинин түзүлүшү саясий жана экономикалык байланыштарды расмийлештирүүнүн башталышы болгон. 2009-жылы Нахчыван келишимине кол коюу Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңешинин (азыркы Түрк мамлекеттеринин уюму, ТМУ) түзүлүшүнө алып келди, ал кызматташтыкты саясий-экономикалык, маданий чөйрөдө терендетүү үчүн аянтчаны түздү.

Түрк кызматташтыгы проблемасын чечүү интеграциялык биримдиктин жашоого жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн зарыл болгон жана кызыкчылыктардын жалпылыгын алдын ала аныктоочу бир катар факторлорго негизделет. Биринчи кезекте түрк интеграциясынын факторлоруна жана өбөлгөлөрүнө төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- түрк дүйнөсүнүн маданий жана руханий потенциалын сактоо жана өнүктүрүү боюнча биргелешкен аракеттердин зарылдыгы;
- бүткүл дүйнөнү региондоштуруу контекстинде түрк аймактарынын потенциалын консолидациялоо зарылдыгы;
- Евразиянын борборунда эң күчтүү глобалдык оюнчулардын кызыкчылыктарынын кесилишинде жайгашкан түрк дүйнөсүнүн субъекттеринин кызыкчылыктарын борборлоштурулган коргоо зарылдыгы;
- атап айтканда, түрк өлкөлөрүнүн көпчүлүгүнүн континент ичинде жайгашуусу жана ага байланыштуу деңизден обочолонуу, бири-биринен обочолонуу жана деңизге жана кошумча транспорттук жолдорго биргелешип чыгуу зарылчылыгы менен шартталган геоэкономикалык кызыкчылыктардын жалпылыгы [1].

Ошону менен бирге, ТМУнун өнүгүү перспективалары айрым объективдүү факторлор менен чектелгендигине карабастан, ТМУнун пайда болушу Борбордук Азиядагы аймактык тартипти өзгөртөт жана региондогу негизги эл аралык уюмдардын стратегиялык кайра түзүлүшүнө алып келет. СССР кулагандан кийин Борбордук Азиянын жаңы өлкөлөрүнүн аймактык интеграциясы ар кандай себептерден улам жай жүрүп, дал ушул Түрк Кеңешинин түзүлүшү Борбор Азиядагы түрк тилдүү мамлекеттердин ортосундагы диалог жана кызматташтык үчүн жаңы аянтчаны түзүп, кызматташтыктын өсүшүн тездеткен [2].

Экономикалык байланыштарды институтташтыруу Түрк мамлекеттер уюмунун, Түрк соода-өнөр жай палатасынын, Түрк инвестициялык фондунун, ТҮРКСОЙдун жана башка түзүмдөрдүн ишмердүүлүгү аркылуу ишке ашырылат.

ТМУ түзүлгөндөн берки негизги саммиттерин, атап айтканда, Алматыда (2011) экономикалык кызматташуу, Бишкек (2012) - транспорттук интеграция жана Габалада (2013) - энергетика маселелери талкууланды. Астанада (2015-жыл) инфраструктурага, ал эми Чолпон-Атада (2018-жыл) маданий жана туристтик долбоорлорго багытталган маселелер каралган. Бакудагы саммит (2019) экологиялык демилгелер жана санариптештирүү маселелерине токтолду, ал эми Түркестанда (2021) 2040-жылга чейинки стратегияны кабыл алынып, Өзбекстан толук кандуу мүчө болуп кирген. Самарканд саммитинде (2022) экономикалык интеграциянын маанилүүлүгү баса белгиленген, Астана саммити (2023)

ТҮРКТАЙМга жаңы дем берди, ал эми Бишкекте (2024) санариптештирүү долбоорлору жана экологиялык демилгелер, анын ичинде Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жол коридору талкууланды. [3].

2023-жылдын 16-мартында Анкара шаарында өткөн түрк мамлекеттеринин кезексиз саммитинде кол коюлган келишимге ылайык, түрк мамлекеттеринин ичинен биринчи өз ара каржылык мекеме болгон Түрк инвестициялык фонду (ТИФ) түзүлгөн. Жалпы уставдык капиталы 600 миллион АКШ долларын түзгөн ТИФ түрк мамлекеттери тарабынан түзүлгөн биринчи жана негизги биргелешкен каржы мекемеси болуп саналат. Фонддун максаты - Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө мамлекеттердин экономикалык потенциалын, алардын ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыкты чыңдоо жана биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу үчүн мобилизациялоо болуп саналат [4].

Түрк соода-өнөр жай палатасы Түрк мамлекеттер уюмунун алкагында ишке ашырылган жана мүчө мамлекеттердин ортосундагы ички сооданын көрсөткүчтөрүн жогорулатуу үчүн туруктуу бизнес программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн Мамлекет башчыларынын Кеңеши тарабынан ыйгарым укук берилген фундаменталдык экономикалык кызматташтык механизми болуп саналат. Уставга кол коюлгандан кийин 2019-жылы штаб-квартирасы Стамбулда жайгашкан Түрк соода-өнөр жай палатасы расмий түрдө түзүлгөн. Ал ТМУга мүчө жана байкоочу мамлекеттердин соода-өнөр жай палаталарынан жана бизнес чөйрөлөрүнөн турат [4].

Түрк мамлекеттеринин ортосундагы экономикалык кызматташтыктын негизги багыттарын карап көрөлү:

*Соода-экономикалык кызматташтык.* ТМУ маалыматына ылайык, 2023-жылы түрк мамлекеттеринин ортосундагы өз ара сооданын көлөмү 16,4 миллиард АКШ долларын түзүп, мурунку жылга салыштырмалуу 9,3%га өскөн. 2024-жылы, алдын ала маалыматтар боюнча, бул көрсөткүч 17,8 миллиард доллардан ашып, туруктуу оң динамикасын көрсөткөн.

Түркия аймактын эң чоң өнөктөшү бойдон калууда. Алсак, 2024-жылы Түркиянын Борбор Азия өлкөлөрү менен соода жүгүртүүсү 11,5 миллиард доллардан ашып, анын 4,2 миллиард доллары Казакстанга, 2,6 миллиард доллары Өзбекстанга, 1,1 миллиард доллары Кыргызстанга экспорттолгон. Экспорттолуучу товарлардын ичинде машина куруу буюмдары, курулуш материалдары, текстиль басымдуу.

ТМУнун алкагында экономикалык кызматташуунун укуктук негизи бир нече маанилүү документтерге таянат:

- 2011-жылдын 21-октябрында Казакстандын Алматы шаарында кол коюлган Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңешинин Биринчи Саммитинин Декларациясы;
- 2019-жылдын 17-майында Астана шаарында кол коюлган Биргелешкен Түрк соода-өнөр жай палатасынын Уставы;
- 2022-жылдын 11-ноябрында Самарканд шаарында кол коюлган ТМУ мамлекет башчыларынын Кеңешинин “Түрк инвестициялык фондун түзүү жөнүндө” чечими;
- 2023-жылдын 16-мартында Анкара шаарында кол коюлган «Түрк инвестициялык фондун түзүү жөнүндө макулдашуу»;
- 2022-жылдын 11-ноябрында Самарканд шаарында “Түрк мамлекеттеринин соодасын жеңилдетүү стратегиясы” чечими кабыл алынган;
- Казакстан Республикасынын Түркстан облусунда «Туран» өзгөчө статусу бар атайын экономикалык аймакты түзүү демилгеси» - 2022-жылдын 11-ноябрында Самарканд шаарында чечим кабыл алынган;

- Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңешинин мүчө-мамлекеттеринин мамлекеттик органдарынын ортосунда ар кандай типтеги экономикалык зоналар тармагында маалымат жана тажрыйба алмашуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум»;

- 2023-жылдын 3-ноябрында Астана шаарында "Бириккен аймактын мүчө-мамлекеттеринин тиешелүү мекемелеринин ортосунда метрология жаатында кызматташуу жөнүндө Протокол" кабыл алынган [4].

*Энергетикалык кызматташтык.* Казакстан, Азербайжан жана Түркмөнстан мунай менен газдын негизги камсыз кылуучулары болуп саналат. Баку-Тбилиси-Жейхан жана Транс-Анадолу жаратылыш газ куруу (TANAP) сыяктуу долбоорлордун ишке ашырылышы аймактын да, ЕБ өлкөлөрүнүн да энергетикалык коопсуздугун бекемдеди.

2018-жылдан бери иштеп жаткан TANAP менен 2024-жылы 17 миллиард метр куб жаратылыш газы ташылып, анын 6,5 миллиарды Европага жеткирилген. Кошумчалай кетсек, 2024-жылы Казакстан, Өзбекстан жана Түркиянын ортосунда 500 МВтка чейин кубаттуулуктагы күн электр станцияларын биргелешип курууну караган Жашыл энергетиканы өнүктүрүү боюнча Меморандумга кол коюлган [5].

ТМУнун алкагындагы министрлердин жолугушууларынын жүрүшүндө төмөнкү негизги документтер кабыл алынды:

- 2022-жылдын 28-сентябрында Казакстандын Алматы шаарында өткөн ТМУга мүчө мамлекеттердин энергетика министрлеринин 2-жыйынында кабыл алынган ТМУнун энергетикалык кызматташуу программасы жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы;

- 2024-жылдын 16-сентябрында Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында кабыл алынган ТМУнун энергетика министрлеринин 4-кеңешмесинин жыйынтыгы боюнча биргелешкен коммюник. [6].

*Транспорт жана инфраструктура.* Инфраструктураны өнүктүрүү ийгиликтүү экономикалык интеграциянын негизи болуп саналат. Транс-Казак эл аралык транспорт жолу катары да белгилүү болгон Ортоңку коридор Кытай менен Европанын ортосундагы стратегиялык маанилүү транзиттик альтернатива болуп саналат.

2024-жылы Орто коридор боюнча жүк ташуу көлөмү 12,1 миллион тоннага жетти, бул 2023-жылга салыштырмалуу 35%га жогору. Натыйжалуу кызматташуунун мисалы катары Баку-Тбилиси-Карс темир жол участогун модернизациялоону айтсак болот, бул өлкөлөр ортосундагы жүктөрдү жеткирүү мөөнөтүн 13 күнгө чейин кыскартты. [7].

ТМУ алкагында транспорттук кызматташуунун укуктук негизи бир нече маанилүү документтерге негизделген:

- 2022-жылдын 11-ноябрында Самарканд шаарында кол коюлган "Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосундагы эл аралык курама жүк ташуу жөнүндө макулдашуу";

- 2022-жылдын 11-ноябрында Самарканд шаарында кол коюлган "Түрк мамлекеттеринин Уюмунун Транспорттук коммуникациялар программасы";

- 2023-жылдын 3-ноябрында Астана шаарында кабыл алынган "Түрк тилдүү мамлекеттер уюмунун 2023–2027-жылдарга транспорттук өз ара байланыш программасын ишке ашыруу боюнча биргелешкен аракеттер планы ("Жол картасы");

- 2024-жылдын 6-июлунда Шуша шаарында кол коюлган "Түрк мамлекеттеринин Уюмуна мүчө мамлекеттердин ортосундагы кызматташтык жана эл аралык автотранспортто электрондук уруксаттарды колдонуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум" [8].

Бүгүнкү күндө ТМУ мүчө-мамлекеттеринин демилгелери координациянын жогорку деңгээлин жана аймактык кызматташтыкты чындоого умтулуусун көрсөтүп турат. Азербайжан транспорттук жана энергетикалык долбоорлорду активдүү өнүктүрүүдө, Казакстан санариптештирүү жана экологияга, Кыргызстан туруктуу өнүгүүгө жана жаштар саясатына көңүл бурууда, Түркия маданий жана экономикалык интеграцияны бекемдөөдө, Өзбекстан санариптештирүү, экология жана соода жаатындагы демилгелери менен өзгөчөлөнүүдө. Өзбекстан Түрк экологиялык кеңешин түзүү боюнча долбоорлорду жигердүү илгерилетүүдө, бул аймактагы туруктуу мамилелерди өнүктүрүүгө салым кошууда. Бул иш чаралар экономикалык өз ара байланыш үчүн жакшы шарттарды түзөт жана узак мөөнөттүү келечекте туруктуу өнүгүү, бирдиктүү түрк идентификациясын калыптандыруу жана аймактын эл аралык таасирин күчөтүү үчүн аянтчаны түзө алат [3].

Түрк мамлекеттеринин экономикалык өз ара аракеттенүүсү туруктуу өнүгүп, кызматташтыктын формаларын кеңейтүү жана тереңдетүү тенденциясын көрсөтүүдө. Жалпы маданий жана тарыхый тамырлар, стратегиялык кызыкчылыктардын дал келиши жана эффективдүү механизмдердин иштеши бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүүгө өбөлгө түзөт. Мындан ары да түрк мамлекеттери тарабынан биргелешкен соода, энергетика жана инфраструктуралык долбоорлорду ийгиликтүү ишке ашыруу интеграцияны андан ары өнүктүрүүгө жол ачат.

Түрк мамлекеттеринин кызматташтыгы бүгүнкү күндө аймактык гана эмес, глобалдык деңгээлде да өз ордун табууга багыт алган интеграциялык процесстердин бири болуп саналат. Макалада бул кызматташтыктын экономикалык негиздери ар тараптуу каралып, соода-экономикалык байланыштардын динамикасы, транспорттук жана логистикалык мүмкүнчүлүктөр, энергетикалык долбоорлор, инвестиция жана санариптик экономика сыяктуу багыттар өз алдынча иликтенди.

Анализдин негизинде түрк мамлекеттеринин ортосундагы кызматташтыктын бир катар артыкчылыктары аныкталды. Айрыкча, геостратегиялык абал, жалпы маданий-тарыхый байланыштар жана экономикалык потенциал биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууда маанилүү фактор болуп эсептелет. Ошол эле учурда бир катар көйгөйлөр да белгиленди: бажы жана тарифтик чектөөлөр, транспорттук системалардагы бирдиктүү саясаттын жоктугу, инвестициялык жана каржылык механизмдердин жетишсиздиги.

Бул маселелерди чечүү үчүн түрк мамлекеттери ортосунда стратегиялык өнөктөштүктү тереңдетүү, экономикалык саясат жана бирдиктүү инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашыруу зарыл. Өзгөчө транспорттук коридорлорду өнүктүрүү, энергетика тармагында биргелешкен иш-аракеттерди күчөтүү жана инновациялык чөйрөдө интеграциялык платформа түзүү кызматташтыктын мындан ары да өнүгүшүнө шарт түзө алат.

Жыйынтыгында, түрк мамлекеттеринин кызматташтыгынын экономикалык аспектилери аймактык коопсуздукка жана туруктуу өнүгүүгө түздөн-түз таасир этүүчү негизги фактор болуп эсептелет. Экономикалык интеграцияны тереңдетүү менен түрк мамлекеттери дүйнөлүк рынокто атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырып, эл аралык аренада өз позициясын бекемдөөгө жетише алат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Хаджиева, Г. У. Потенциал и противоречия тюркской экономической интеграции / Г. У. Хаджиева // Вестник университета Туран. – 2014. – № 4(64). – С. 51-56. – EDN XCDEDT.

2. Юйянь Чжан. Организация тюркских государств (ОТГ): происхождение, мотивы, особенности и влияние // Вестник Пермского университета. Серия: Политология. 2023. №1.

URL:https://cyberleninka.ru/article/n/organizatsiya-tyurkskih-gosudarstv-otg-proishozhdenie-motivy-osobennosti-i-vliyanie (дата обращения: 17.04.2025).
3. Тагаева Ф. Ключевые инициативы государств-членов Организации тюркских государств: развитие многостороннего сотрудничества и перспективы интеграции (2010–2025) //PROBLEMS AND SOLUTIONS OF SCIENTIFIC AND INNOVATIVE RESEARCH. – 2025. – Т. 2. – №. 1. – С. 52-60.
4. https://www.turkicstates.org/en/areas-of-cooperation-detail/2-economic-cooperation.
5. https://www.tanap.com/sayilarla-tanap.
6. https://www.turkicstates.org/en/areas-of-cooperation-detail/11-energy-cooperation
7. Перевозка грузов железнодорожным транспортом по Казахстану выросла на 2,4%. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://rail-news.kz/ru/cargo-transportation/17197-perevozka-gruzov-zeleznodoroznym-transportom-po-kazaxstanu-vyrosla-na-24.html. Дата обращения:12.04.24.
8. https://www.turkicstates.org/en/areas-of-cooperation-detail/4-transport-cooperation).

**Рецензент: т.и.к., доцент Каулбекова Р.А.**

УДК:94:801.82(575.2)(04)

**Жолдошов Р.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Жолдошов Р.**
КНУ имени Ж.Баласагына
**Zholdoshov R.**
KNU J. Balasagyn

**АДИГИНЕ-ТАГАЙ УРУУЛУК КОНФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН XVIII КЫЛЫМДАГЫ ЖАЗМА БУЛАКТАРДА ЧАГЫЛЫШЫ**
**РОДО-ПЛЕМЕННОЙ КОНФЕДЕРАЦИЯ АДИГИНЕ-ТАГАЙ В ПИСЬМЕННЫХ ИСТОЧНИКАХ XVIII ВЕКА**
**TRIBAL CONFEDERATION OF ADIGINE-TAGAI IN WRITTEN SOURCES OF THE XVIII CENTURY**

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада XVIII кылымдагы кытай жазма булактарында кездешкен, кыргыз элинин Адигине-Тагай деп аталган уруулук бирикмеси тууралуу маалыматтар иликтенет. Кыргыз эли XV кылымдын экинчи жарымында Моголистандын аймагын ээлегенден тартып, элди башкаруу системасын өзгөртүшкөн. Бул тууралуу XVIII кылымда жазылган “Си юй чжи” кытай булагында айтылат. Анда кыргыздардын калкынын өскөндүгүнө байланыштуу алар ээлеген жерлер менен жайыттар тарып, элдин чарба кылуусу оор боло баштаган. Ошондуктан жалпы кыргыз эли чогулуп, элди жерди тең бөлүп, аларга эки башчы шайлашып, бири-бирине тең укуктуу конфедерациялык башкаруу системасын киргизгендиктери айтылат. Бул маалыматтар кыргыз санжыраларында сакталып калган. Анда кыргыз уруулары элди, жерди тең бөлүп башына Адигине жана Тагай деген эки адамды шайлашып, уруулук бирикме изилдөөгө алынат.

**Аннотация:** В данной статье исследуются сведения о родо-племенном объединении кыргызского народа под названием Адигине-Тагай, встречающиеся в китайских письменных источниках XVIII века. Кыргызский народ изменил свою систему управления народом, начиная со вторжения на территорию Моголистана во второй половине XV века. Об этом говорится в китайском источнике "Си юй чжи", написанном в XVIII веке. Тогда в связи с ростом населения кыргызов, занятые ими земли и пастбища стали тесниться, а хозяйство народа стало тяжелым. Поэтому кыргызы провели всеобщее народное собрание и разделили народ поровну, избрали им двух вождей и ввели конфедеративную систему управления, равноправную друг другу. Эти данные сохранились в кыргызских генеалогиях (санжыра). В нем говорится, что кыргызские племена, разделив народ и землю поровну, избрали двух человек, Адигина и Тагая и образовали племенное объединение. В статье будут проанализированы и изучены данные из этих двух источников.

**Abstract:** This article examines information about the tribal association of the Kyrgyz people called Adigine-Tagai, found in Chinese written sources of the XVIII century. The Kyrgyz people changed their system of governing the people, starting with the invasion of the territory of Moghulistan in the second half of the XV century. This is stated in the Chinese source "Xi yu zhi", written in the XVIII century. Then, due to the growth of the Kyrgyz population, the lands and pastures occupied by them began to crowd, and the economy of the people became difficult. Therefore, the Kyrgyz held a general people's assembly and divided the people equally, elected two leaders and introduced a confederate system of government, equal to each other. These data are preserved in the Kyrgyz genealogies (sanzhyra). It says that the Kyrgyz tribes, having divided the people and the land equally, elected two people, Adigen and Takaya, and formed a tribal association. The article will analyze and examine data from these two sources.

**Негизги сөздөр:** уруу; уруулук бирикме; конфедерация; Адигине; Тагай; санжыра; кыргыз; тарыхый булак.

**Ключевые слова:** племя; племенное объединение; конфедерация; Адигине; Тагай; генеалогия; кыргызы; исторический источник.

**Keywords:** tribe; tribal association; confederation; Adigine; Tagai; genealogy; kyrgyz; historical source.

Элдик санжыраларда кыргыз уруулары жалпысынан оң канат, сол канат жана ичкилик деп аталган үч ири уруулук топко ажырайт. Мындай бөлүнүүнү байыркы мезгилдерден бери келе жаткан көчмөндөрдүн салттуу традициясына негизделген, туугандык аймактык тектештиктерди камтыган коомдук, социалдык уюмдашуу десек болот. Кыргыз эли тарыхый даректерде белгилүү болгондой, XV кылымдын экинчи жарымынан тарта, азыркы ата-мекени Кыргызстандын аймагына жайгаша баштаган. Жаңы жерлерден орун алуу көчмөндөргө мүнөздүү болгон уруулук-аймактык принциптер менен жүргөндүгү түшүнүктүү. Ошол себептен кыргыздын үч этно-саясий бирикмесине кирген уруулары ар бири өзүлөрүнүн тобу менен бири-бирине аймакташ болуп, компактуу аймактарга ээлик кылышкан. Оң канаттагы адигине, тагай, муңгуш уруулук бирикмесине кирген уруулар (бөрү, баргы, жору, сарттар, карабагыш, сарыбагыш, бугу, солто, жедигер, багыш, саяк, азык, черик, моңолдор, коңурат, баарын, жагалмай-тамга, коштамга) негизинен Кыргызстандын тең жарым аймагын ээлеп, анын түндүк-чыгыш бөлүгүн мекендешет. Бул чөлкөмгө Кытай мамлекетинин курамына кирген кыргыздардын басымдуу көпчүлүк аймагы кирет. Сол канат уруулары (саруу, кушчу, кытай, басыз, муңдуз, жетиген, төбөй, чоң багыш) Кыргызстандын

түндүк батыш аймагынан орун алган (чоң багыш уруусунан башкасы, чоң багыштар Кытайдагы Кашкар шаарынын түндүк – батыш тарабындагы тоолордун этектеринде жашашат). Ичкилик уруулары (тейит, бостон, жоокесек, кесек, нойгут, канды, кыпчак, найман, дөөлөс, кыдырша, ават, оргу) Кытайдагы Памир (Сарыкол) тоосунун түндүгүнөн тартып, батышка карай Кыргызстандагы Алай, Таджикстандагы Бадакшан, Памир жана Каратегин аркылуу Өзбекстандагы Жизак аймагына чейинки территорияда жашап, алар Кыргызстандын жалаң түштүк чөлкөмдөрүнө тараган.

Аталган уруулар бирикмесинин жайгашуу ареалы жалпы Кыргызстанды камтыса, алар жашаган аймак географиялык-климаттык белгилери боюнча, чек арасын Фергана кырка тоолору бөлүп турган түндүк жана түштүк чөлкөмүнө бөлүнөт. Ушул себептерден улам, Кыргыз мамлекетинин жалпы аянты географиялык жактан түндүк-түштүк Кыргызстанга ажырайт жана азыркы учурга чейин, салыштырмалуу «түндүк кыргыздары», «түштүк кыргыздары» деген түшүнүктөр жашап келет. Мындай географиялык бөлүнүүдө Түндүк Кыргызстандын аймагында негизинен оң канат жана сол канат уруулары, ал эми түштүк Кыргызстанда оң канат жана ичкилик уруулары жайгашкан. Көрүнүп тургандай, ичкилик уруулары түштүктө, сол канат уруулары түндүктө, ал эми оң канат уруулары экиге бөлүнүп калган. Оң канаттын түштүк бутагын түзгөн уруулар адигине (адигине-мунгуш), түндүк бутагы тагай уруулук бирикмеси деп аталат.

Кыргыз урууларынын ушул тартипте жайгашышы качан жана кандай себептерден болгон деген проблеманы чечмелөөдө, XVIII кылымда Кыргызстан жана кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарды чагылдырган кытай жазма булактары чоң роль ойношот. Алардын айрымдарында кыргыздардын уруулары жана алар жайгашкан аймактар абдан дыкат баяндалат. Анткени, XVIII кылымдын ортосунда Цинь империясы Жунгар хандыгын талкалагандан кийин, алар кошуна элдер, анын ичинде кыргыздар менен да тикелей мамиле түзө баштаган. 1758-жылдан тартып, Кытай мамлекетинин өкүлдөрү кыргыздардын жашаган жерлеринде болушуп, алардын жашоо шартын, ээлеген аймактарын, саясий түзүлүшүн жана коомдук пикирин иликтешкен. Айрымдары кыргыздардын өз оозунан ар кыл маалымат, анын ичинде тарыхый баян, уламыштарын жазып алышат. Алардын бири 1763–1770-жылдарда жазылып бүткөн «Сиюй чжи» («Батыш аймактарды жазуу») кол жазмасы [Сиюй Чжи, 2003, с. 201-210]. Андагы маалыматтардын көбү кыргыздардын арасында 1758–1763-жылдарда болушкан, Кытай мамлекетинин өкүлдөрү тарабынан даярдалган кабарлар боюнча жазылат. Айрымдарын кыргыздардын өздөрү баяндап беришкен. Документте кыргыздардын борбордук Теңир-Тоого көчүп келген мезгилин кыйыр чагылткан маалымат берилет. Кыргыз өкүлдөрүнүн айткандары боюнча, «ар түркүн кысымчылыктан эл батпай калганда, чет жактарды басып алууга кол курап баштажкан. Алардын баары карапайым калк болгондуктан, соккуга чыдабай дүрбөлөңгө түшүп, кыйынчылык менен коркунучтан чар тарапка качышат. Баш-аламандыктан качып, тоолордон баш паана тапкандарына азыр 330 жылдан көп болуп калды» деп билдиришет [Мокеев, 1991,с.43]. кылымдын орто ченинде келген мезгили айтылып жатат. XX кылымдагы санжыраларда деле кыргыздар өздөрүн Алтай-Каңгайдан келгендигин эскеришкенин Б.Солтоноевдин маалыматтары тастыктайт [Солтоноев, 2003, 107-б.]. «Сиюй чжидеги» айтылган кабар 1760-жылдарга карата берилсе, кыргыздардын «Алтай, Каңгайдан» жер которушканы болжолу 1430-жылдарды көргөзүп жатат. Айрым тарыхый жазма булактар дал ушул жылдардан тартып, Батыш Монголиянын Алтай тоолорун мекендеген кыргыздар да курамына кирген «Ойрот» конфедерациясы кулагандыгын кабарлайт [Кычанов, Бейшеналиев, 1991, с. 245–246]. Кытай булактары боюнча XIII-XV кылымдардагы Юан-Мин доорун изилдеген тарыхчылар Е.Кычанов жана

Т.Бейшеналиевдер курамына кыргыздар менен ойроттор (батыш монгол-калмактар) кирген «Ойрот» бирикмесин 1426-жылы монголдор (чыгыш монголдор) талкалаган деп жазышат. Ал эми 1430-жылдан тартып, Мин Кытайы менен соода жүргүзгөн Чыгыш Түркстанда Кашгар, Илибалык, Хами менен катар кыргыздар дагы эскериле баштаганы айтылат. [Кычанов, Бейшеналиев, 1991, с. 246]. 1468-жылы «Ойрот» конфедерациясын монголдор толугу менен талкалагандан баштап, кыргыздардын Чыгыш Теңир-Тоого жер которуусу массалык мүнөзгө өткөндүгүн, ошол эле изилдөөчүлөр белгилешкен.

Бул жерде XVIII кылымдын ортосундагы кыргыздардын маалыматтары менен XV кылымдагы кытай булактарынын көрсөтмөлөрү бирин-бири кайталап турушу, кыргыздардын XV кылымдын 2-жарымында Теңир-Тоо аймагын ээлей баштагандыгы, реалдуу факты экендигин күбөлөйт. XVI кылымдын 1-жарымында жашап өткөн Мырза Мухаммед Хайдар да бул фактыларды баса белгилейт. «Тарих-и Рашиди» эмгегинде XIV кылымдын аягы – XV кылымдын башынан тарта Борбордук Теңир-Тоодогу Ысык-Көлдүн түндүгүн (Чарын-Челек өрөөнү) кыргыздар мекендеп тургандыгы жазылган [Мухаммед Хайдар, 1999, с. 209-210].

Жаңы аймактарды өздөштүрүүдө кыргыздар өздөрүнүн уруулук бөлүнүштөрү боюнча ээлик кылгандыгын жана коркунучтардан сактаныш үчүн ар бир уруу чогуу көчүп-конуп жүргөндүгүн «Сиюй чжи» маалымдайт. Анда «...жаңыдан көчүп келген мезгилде, алар (кыргыздар) бириккен кошуундардын тарап кетишине жол беришкен эмес, ошондуктан алгачкы убактарда жайлоолорду жана тоолуу өрөөндөрдү абалга жараша пайдаланышкан. Жайыттарды атайын бөлүштүрүшкөн жана ээлеген аймактар менен тоолордун аталыштарына карата ар бир урууга ат берилген» деп жазылат [Мокеев, 1991, с. 44].

Кыргыздар XV кылымдын ортосунан тартып, алгач Чыгыш Теңир-Тоону, ал эми XV кылымдын аягы – XVI кылымдын башынан баштан, XVI кылымдын орто ченине чейин Борбордук жана Батыш Теңир-Тоону, б.а. азыркы ата-журтту ээлегендиги маалым. Азыркы Кыргызстандын аймагын (мурдагы Моголстан) XV к. аягынан XVI к. ортосундагы мезгилде кыргыздар толугу менен өздөштүргөн. Мына ушундан кийин, алар аймактык принцип менен бөлүнүү аракетине өткөндүгүн XVIII кылымдагы жазма булак маалымдайт. Кыргыздардын айтуусу боюнча «...акырындык менен элдин саны өсүп, бардыгына аңчылык аймактар жетпей калган, ошол себептен алардын арасында жер үчүн күрөш башталган. Кийим-кечектин тартыштыгынан улам, өткөн-кеткендерди талап-тоноо адатка айланган. Мындай баш-аламандыктан эч ким пайда көргөн жок. Мындан 220 жылдан ашыгыраак мурунку мезгилде, алар жалпы чогулуп, тынчтык сүйлөшүү жолу менен элди бирдей өлчөмдө тең экиге бөлөт. Эки бөлүктү бөлүп чыгарып, бай адамдардан эки жол башчы шайлап, ар бирине жерди, сууну, тоону көрсөтүп, ээликтерин чектешкен. Түндүк жана түштүк эки бутакка бөлүнүп, түштүгү Тогуз уул (т о-г о-со- хо-лэ), түндүгү Кыргыз (Кэ-эр-гэ-ци-сы) деп аталды. Бутактын аталыштары, мурдагы башкы уруулардын аттарынан аталган. Алардын ар-бири өз ичинде майда бутактарга ажырайт» [Сиюй Чжи, 2003, с. 202; Мокеев, 1991, с. 44-451].

Алдын ала эскере кетүүчү жагдай, бул маалыматтарды изилдөөчүлөр А. Мокеев жана П.Супруненко кыргыздардын оң канат жана сол канат этно-саясий уюмдарынын пайда болгондугу деп жаңылып түшүнүшкөн [Сиюй Чжи, 2003, с. 201-202; Мокеев, 1991, с. 43-45]. Мындан тышкары, А. Мокеев «то-го-со-хо-лэ» (тогуз огул) бутагын булактагы ката катары баалап, аны «отуз огул» деп өзгөртүп окуган [Мокеев, 1991, с. 45]. Булактагы маалыматтар, кыргыздардын Борбордук жана Батыш Теңир-Тоо аймактарын толук ээлегенден кийин, географиялык-аймактык принципте уруулардын экиге бөлүнгөндүгүн так баяндап жатат. Бул окуяны 1760-жылга карата алганда 220 жыл мурда болсо, анда ал 1540-жылдардын

айланасында болгондугу жөнүндө сөз жүрөт. Ошол эле замандарда ушундай окуянын болгондугу XIX-XX кылымдардагы санжыраларда да берилген. Элдик уламыштарда оң канат урууларынын жол башчылары Адигине менен Тагай энчи бөлүү тоюн өткөрүп, салт боюнча малды, жерди, элди экиге бөлөт. Оштун Карадарыясын чек кылып, түштүк жагын Адигине, түндүк тарабын Тагай алгандыгы баяндалат [Кыргыз тарыхы, 2003, 359-б.]. Бул уламыш XVIII кылымдагы кыргыздардын баянынын түздөн-түз уландысы катары айтылгандыгын байкоо кыйын эмес. Эки маалыматта тең кыргыздар элди, жерди экиге бөлүп, аларды эки жол башчыга башкартып, эки бутакка бөлүнгөндүгү эскерилет. Б. Солтоноев өзүнүн изилдөөсүндө Адигине, Тагайдын заманы XVI кылымдар экендигин болжоп, Тагайды ошол убактагы Мухаммед-кыргыз менен салыштырат жана аны болжолу 1460-70-жылдары туулуп, 1535-1540-жылдарда өлгөндүгүн эскерет [Солтоноев, 2003, 92-102-б.]. Бул эки бутак кыргыз элинин этносаясий уруулук уюмдары оң канат жана сол канат эместигин, эң биринчи кезекте «Сиюй чжинин» өзүндө жазылган маалыматтар далилдейт. Анда «тогуз-уул» - түштүк бутагына: кыпчак, каратегин, багыш, адигине, бөрү, найман, жору, дөөлөс (төөлөс) уруулары болсо, «кыргыз» - түндүк бутагына: саяк, сарыбагыш, кытай, кушчу, саруу, моңолдор, солто, ават, мундуз, басыз, черик уруулары кире тургандыгы көргөзүлгөн. Мындагы түштүк бутагындагы уруулар дээрлик ичкилик жана оң канат уруулары (б.а. азыркы «адигине» бөлүмү), ал эми түндүк бутагында жалаң оң канат жана сол канат уруулары кирген азыркы "тагай" бирикмеси. Бул көрүнүш азыркы Кыргызстандагы түндүк, түштүк урууларынын географиялык-аймактык жайгашуусун толук кайталайт.

XVIII кылымдагы кытай булагында, болжолу, XVI кылымдын I жарымында болуп өткөн эки бутакка бөлүнүү процесси, кыргыз урууларынын Кыргызстандын аймагына алгач жашашкан принцип боюнча, оозеки маалыматтарда «ичкилик» «аркалык», ал эми санжыраларда «адигине» «тагай» деп аталган этносаясий бирикменин пайда болушун чагылдырат. Мындай пикирди, өз учурунда белгилүү изилдөөчү А.Бернштам туура баамдап, адигине-тагай уруулук конфедерацияларынын чеги катары Карадарыяны эсептеген [Бернштам, 1946, с. 127]. А. Бернштамдын көз карашынын тууралыгын, кийинки мезгилде жүргүзгөн Т.Асановдун изилдөөсүнүн жыйынтыктары бекемдейт [Асанов, 1999, с. 106-110].

Эгерде, кыргыздын оң канат жана сол канат этнодуалдык уруулук бирикмелери жөнүндө сөз кыла турган болсок, алар эң байыркы мезгилдердеги, т.а. хуннулардын замандарынан бери келе жаткан көчмөндөрдүн салттуу традицияларынын негизинде жаралып, XVI кылымга чейин эле белгилүү болгондугун Аксикентинин «Маджму ат-таварих» чыгармасындагы маалыматтар далилдейт. Аксикентинин заманында эле (XVI к.) кыргыз уруулук түзүлүшү оң канат, сол канат бирикмелерине бөлүнө тургандыгын, автордун кол-жазмасы күбөлөсө, бул этносаясий уюмдардын пайда болуусун XVI кылымдын өкүлү Аксикенти XII кылымда жашап өткөн имам Ибрахим менен байланыштыраарын, ал тургай, 1127-жылы болгон деп так датасын жазат. [Маджму ат-таварих, 1973, с. 205-206]. Бул факты кыргыздардын оң канат, сол канат уруулук конфедерацияларынын жаралышы, XVI кылымда эле байыркы мезгилдерге таандык деп эсептелгендигин, бери болгондо, анын пайда болуу теги белгисиз болгондугун тастыктайт. «Маджму ат-таварихте» кыргыз уруулук курамы жана түзүлүшүнүн берилиши, элдин этникалык курамынын, анын ичинде оң канат, сол канат этнодуалдык уюмдарынын XVI кылымга чейин эле калыптанып бүткөндүгүнүн далили. Ушул фактыларга таянган белгилүү этнограф С.М. Абрамзон: «...кыргыздардын уруулук структурасынын дааналыгы кыргыз элинин этникалык курамы XVI кылымга карата турукташып калган деп айтууга негиз берет», - деп жазат [Абрамзон, 1999, 21 б.].

Кайрадан «Сиюй чжидеги» материалдарга кайрылсак, XVI кылымда түзүлгөн уруулук эки бутактын (ичкилик-аркалык, адигине-тагай) түштүгү «тогуз уул», ал эми түндүгү «кыргыз» деп аталган жана алар бул бутактарга кирген уруулардын байыркы аталыштарынан алынгандыгы эскерилген [Мокеев, 1991, с. 44-45]. «Кыргыз» бутагына кирген уруулардын бардыгы тең (аваттан башкасы) оң канат жана сол канат уруулары. Мында оң канат, сол канат курамына кирген уруулар байыркы замандарда, т.а. XVI кылымга чейин «кыргыз» уруулары болуп эсептелгендиги маалымдалат. "Тогуз уул" бутагында Түштүк Кыргызстандын аймагын жердешкен ичкилик жана оң канат (адигине) уруулары көргөзүлгөн. "Кыргыз" бутагына оң канат урууларынын киргизиши, «тогуз уулу» аталышы ичкилик урууларына таандык экендигин тастыктайт. Демек, XVI кылымга чейин ичкилик тобуна кирген урууларды жалпы жонунан «тогуз уул» деп атагандыгын баамдайбыз. Дегеле, ичкилик уруулары ар бир заманда ар башкача аталып келгендиги маалым. «Ичкилик» деген аталыш XVIII кылымдын 2-жарымынан тарта гана тарыхый даректерде кездеше баштайт. Ага чейин, алсак, XVI кылымда жазылган «Маджму ат-таварихте» «булгачы» уруулары деп берилет. Кыргыздар бул урууларды «Сиюй чжидеги» маалымат боюнча, XVI кылымга чейин «тогуз уул» деп атап, аларды тогуз урууга бөлсө керек, б.а. аларды тогуз уруунун бирикмеси катары эсептеген. Чындыгында бул бирикмеге кирген: канды, кыпчак, найман, дөөлөс ж.б. уруулар орто кылымдарда кыргыздар сыяктуу эле, алар менен теңтайлашкан алгачкы этностор болгон. Ошол себептен XVI кылымда уруулардын «кыргыз» жана «тогуз уул» деп бөлүнүшү, оң канат жана сол канат бирикмесине кирген негизги уруулар, орто кылымдардагы кыргыздар менен кандайдыр бир даражада эгногенетикалык байланыштарын көргөзсө, ичкилик уруулары өз мезгилиндеги кыргыздар менен чектеш ири этностордун калдыктарынан куралып, кийинчерээк кыргыз урууларына аралашып, кыргыз элинин курамына кошулгандыгынын далили болот.

Кыргыз этносунун курамына көптөгөн башка этностордун майда топторунун кошулуу процессин жана ал топтор өздөрүнүн этностук аталыштарын жакшы биле тургандыгын XVI кылымдын өкүлү Абулгазы Бахадур хан: «... монголдор жана өзгө уруктардан жер отуна, сууга кызыгып кыргыз журтуна барып отуруп, кыргыз атын көтөрүп турушат. Өзүлөрү кайсы уруктан экенин билишет», – деп жазганы өтө так чагылдырып турат [Абулгазы.., 1991, с. 26].

Кыргыз элинин уруулук курамында «булгачы» «тогуз уул» аталыштары уруулук бирикменин аты катары биздин мезгилге чейин жеткен жок. Бул аталмалар «ичкилик» деген терминге алмашылган. Себеби, «ичкилик» эски кыргыз тилинде «түштүктүк» деген түшүнүктү берет (мисалы, кыргыздар тоонун күн тийген — күңгөй тарабын тоонун ичи, ички жагы, ал эми тескей тарабын тоонун аркасы, арка жагы деген түшүнүктөрдү пайдаланган). Ошондуктан, мурунку «булгачы» же «тогуз уул» уруулары кыргыздардын түштүк аймагын ээлегендиктен, алар акырындык менен географиялык мааниге ээ «ичкилик» термини менен атала баштайт. Алардын түндүгүндөгү экинчи бутакка «аркалык» (түндүктүк) термини колдонулган. Бирок «булгачы», «тогуз уул» терминдери уруулук этнонимдерден таптакыр өчүп калган эмес. Алар ошол уруулук бирикмеге кирген уруулардын ичиндеги майда уруктук бутактардын же башка бир түшүнүктөрдүн аттары катары кездешет. Алсак, ичкиликтердин найман уруусунун бир бутагы «булгачы - найман» деп аталса, экинчи бир уруусу кыпчак – «тогуз уруу кыпчак» деп аталат (тогуз уруу – тогуз уул) [ Абрамзон, 1999, 29, 33-6.].

Кыпчак уруусун – тогуз уруу (тогуз уул) деген аталышына атайын токтолсок болчудай. XIX кылымда кыргыздын оң канат жана сол канат уруу өкүлдөрү, өзгөчө түндүк

кыргыздары, ичкилик урууларын жалпы «кыпчак» деп да аташкандыгы орус документтеринде баймабай жолугат. Ичкилик урууларына кыпчак деп ат берүү менен, алардын эски аталышы «тогуз уул» дагы кандайдыр бир деңгээлде колдонулушу мүмкүн. Мезгилдин өтүшү менен бул эки этноним синтезделишип, «тогуз уруу кыпчак» термини жаралса керек. Ал эми санжырачылар болсо, унутулган эски «тогуз уул» терминининин маанисин түшүнбөгөндөн кийин, кыпчак уруусунун ички бутактарын тогузга жеткиргенге аракеттенишип, «тогуз уруу кыпчак» терминин чечмелешкен.

«Сиюй чжи» булагындагы тогуз огул бутагына кирген урууларга токтолсок, жалпысынан сегиз уруунун аты жазылган [Сиюй Чжи, 2003, с. 201). Алардын ичинен кыпчак, найман, дөөлөс жана каратегин ичкилик урууларына кирет. Адигине, бөрү, жору аталыштары адигине уруулук бирикмесине таандык аталыштар. Оң канаттын адигине уруулук бирикмеси жалпы «адигине» деп аталганы менен, ичине бөрү, жору, баргы, сарттар жана карабагыш урууларын камтыйт. Булакта болсо уруулук бирикменин жалпы аты адигине, анын ичиндеги бөрү, жору уруулары менен бир катар берилип жатат. Багыш уруусу оң канаттын тагай уруулук бирикмесине кирсе дагы, аймактык жайгашуусу боюнча Түштүк Кыргызстанда жайгашып, адигине уруулары менен жамаатташ. Бул уруунун түштүк аймакка кетиши жөнүндө санжыралык уламыштардын бир канча варианттары бар.

Жогоруда аталган ичкилик урууларынын ичинен «каратегин» уруунун аты эмес, ал өрөөндүн, чөлкөмдүн аталышы. Бул чөлкөмдүн дээрлик бардык аймагын ичкилик уруулары мекендешет. Кытай өкүлдөрү өздөрүнүн маалыматтарында чөлкөмдүн атын этноним катары колдонушкан. Бирок, булактын ичинде чөлкөмдө 17 конкреттүү уруулардын аттары берилгени, кыргыздар ал жердеги уруулар жөнүндө так маалымат бергендигин көрөбүз. Булакта: «Каратегиндик буруттардын (кыргыздардын) башчысы Ходжом-яр тогуз урууну башкарат: кыдырша, тейит, бостон, окчу, жедигер, кесек, актачы, чоң кыргыз, найман» деп жазылган [Сиюй Чжи, 2003, с.206]. Мындагы бардык уруулар, жедигерден башкасы ичкилик уруулары. Жедигер оң канаттын тагай бирикмесиндеги уруу, бирок жайгашкан аймагы Кыргызстандын түштүгү болуп, ичкилик, адигине уруулары менен жамаатташ турат. Тарыхый булактагы ушул маалыматтын өзү, б.а. каратегиндик Кожомжар тогуз урууну башкарат дегени, ичкиликтердин алгачкы аталышы «тогуз огул» же «тогуз уруу» болгондугуна аргумент боло алат.

Түндүктөгү «кыргыз» урууларынан он бир уруу көргөзүлгөн. Алардын кытай, кушчу, саруу, мундуз, басыз уруулары сол канатка кирет. Ал эми саяк, сарыбагыш, моңолдор, солто, черик уруулары оң канаттын тагай бирикмесине кирген уруулар [Сиюй Чжи, 2003, с. 201]. Булардын бардыгы Кыргызстандын түндүгүнөн орун алышкан. Түндүк аймактагы «кыргыз» бутагына жалгыз ичкилик уруусу – ават кошулуп калгандыгы өзгөчөлүктү жаратат. Буга жооп издеш үчүн ават уруусу жөнүндөгү маалыматтарга кенен токтололу.

**Ават же авагат** уруусу ичкилик уруулук тобуна кирет. Уруунун өкүлдөрүнүн негизги массасы Баткен жана Лейлек райондорунун аралыгында отурукташкан. Аваттын ички уруктары; уста, чолой, адалакы, ботон-жанат, эмкара, токмок, жөй**,** гүжон, могол болуп ажырайт. XVI кылымындагы кыргыз урууларынын структурасын берген «Маджму ат-таварихте» ичкилик урууларынын арасында ават киргизилген эмес. Белгилүү болгондой, XVIII кылымдагы кытай булактарында ават уруусу түндүк урууларына киргендигин көрдүк. Ушундан улам ават - алгач түндүк он, канат, сол канат уруулар курамына кирсе керек деген ой пайда болот. Бул ойду «Маджму ат-таварихтеги айрым фактылар бекемдейт. Анда могол урууларынын генеалогиясы берилген Могол уруусунун

түпкү теги оң канат кыргыз уруулары менеи бир башаттан башталып, легендарлуу жана тарыхый инсан Инга төрө Баймурат Черикке жеткирилгенден кийин, анын Ахмадбек, Көкбука (Көкө) эки уулунун Көкөсүнөн могол уруусу таратылат. Ахмадбектен болсо Лаклак-бий (Лейлек) андан Абаджат чыгат. [с. 209-210].

Бул жерде ават уруусу айрым мезгилде авагат деп да аталганын эске алып, анын тарыхый чыгармадагы абаджат (абахат) менен бирдей айтылышы, Абаджаттын атасы Лаклак-бий болсо, авагат уруусунун мекени Лейлек аталып, окшоштуктар жөн жерден жаралбагандыгынан кабар берет. Лейлек аймагы ават уруусу мекендеген Лейлек өзөнүнүн атынан аталат. Акыр аягы, аваттардын генезиси могол уруулары менен байланышта тургандыгы, уруунун курамындагы могол жана токмок этнонимдеринин болушу менен бекемделет. Уруулар жайгашкан аймактарга өздөрүнүн аттары же генеалогиясындагы аталыштар менен атай бере тургандыгы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мисалы, Чыгыш Теңир-Тоону кыргыздардын мекендеп тургандыгы белгилүү. Ошол аймакта «Ават» деген топоним бүгүнкү күнгө чейин жеткен [Абрамзон, 1999, 43 б.]. «Лейлек» топоними да ават уруусунун генеалогиясына байланыштуу пайда болушу толук ыктымал. Жыйынтыгында, «Сиюй чжиде» көргөзүлгөндөй ават уруусу XVIII кылымга чейин оң канат уруусунун курамында болуп, кандайдыр бир себептерден улам XVIII кылымдан кийин гана түштүккө жер которуп, ичкилик уруулук тобунун курамына кирсе керек. Анын дагы бир далили, аваттар менен аймакташ Лейлекти мекендеген, өздөрүн айрым мезгилдерде аваттын курамында эсептешкен чапкылдык этностук тобу түндүктөгү саяк уруусу менен генетикалык байланышта экендиги белгилүү.

XVI кылымдын биринчи жарымында уруулук, географиялык-саясий белгилери боюнча бөлүнгөн «кыргыз» жана «тогуз огул» деп аталган кыргыздардын этносаясий уюму, кийинки кылымдарда географиялык - жайгашуу аталышы менен «ичкилик» -« аркалык» деген наамга өтсө, ушул эле уюмдардын «Адигине» – «Тагай» деген атакка конушу – коомдогу саясий түзүлүш менен байланышта жаралгандыгын белгилөөгө болот. Санжыралык уламыштарда бул саясий мотив ачык чагылдырылат. Кыргыз эли жайгашкан аймагы жана саясий абалы боюнча экиге бөлүнгөндө, бутактын жол башчылары болуп, оң канат уруусунун саясий ишмерлери Адигине менен Тагай шайланат.

Уламыштык түшүндүрүүлөрдү, жаңыдан пайда болгон уюмдардын эки бөлүгүнө тең оң канат уруулары киргендигин бекемдейт. Башкача айтканда, этнодуалдык жаңы бирикме пайда болгон мезгилде, кыргыз коомунда оң канат уруулары саясий үстөмдүк кылып тургандыгын күбөлөйт.

Оң канат урууларынын саясий үстөмдүккө ээ болушуна, алардын башка бирикмелерге караганда көп сандуу болушу өбөлгө түзсө керек. Алсак, жалпы кыргыз урууларынын жарымынан көбүн оң канат уруулары ээлейт. Ушундай шартта оң канат уруулары экиге бөлүнүп, санжырада белгиленгендей, адигине тобу ичкилик уруулары менен чогуу Түштүк Кыргызстан аймагын жердеп, бийлик башында адигине өкүлү турган (Адигине) «Тогуз огул» бирикмесин түзсө, оң канаттын экинчи тобу, сол канат уруулары менен биригип, саясий бийликте тагай тобунун өкүлдөрү турган (Тагай), Түндүк Кыргызстанды мекендеген «Кыргыз» бирикмесин жаратканын көрөбүз. Оң канат бийлөөчүлөрү, XVI кылымдагы Адигине менен Тагай санжыралык маалыматтар аркалуу белгилүү болсо, Кыргызстандагы саясий турмушта XVIII кылымда деле алардын өкүлдөрү лидерлик абалды ээлеп тургандыгын кытай жазмалары көргөзөт. XVIII кылымдын биринчи жарымы кыргыздар үчүн эң оор замандардан болгон. Бул мезгилде жунгар - калмактарынын оор соккуларына кабылып, алар менен айыгышкан согуштарды жүргүзгөн. XVII кылымдын аягы – XVIII

кылымдын башында эле жунгарлардын жортуулдарынын натыйжасында кыргыздар Түндүк Кыргызстандын аймагынан сүрүлүп, Ферганага жер которууга мажбур болушкан. Алардын толкунунун алды Тажикстандагы Гисар, Гуляб өрөөндөрүнө чейин жеткен. Ошол окуялардын негизинде Фергана өрөөнүндө кыргыздардын саны кескин көбөйгөн. Алар жергиликтүү өзбек, тажиктер менен бирге калмактардын жортуулдарынын мизин кайтарууга активдүү катышкан. Көчмөн калк катары лидерлик орунду ээлешкен. Мындан тышкары, Ферганадагы саясий турмушка кийлигишип, Бухара эмирлигинин бийлигинен чыгып кетип, бытырандылыкты баштарынан кечирип жаткан Фергана шаарларынын бектеринин күч алышына зор салым кошкон. Көчмөн кыргыздар аларга аскердик кызматтарын көрсөтүүнүн натыйжасында, Фергана өрөөнүндөгү бирдиктүү Кокон мамлекетинин түптөлүшүндө башкы күч болуп калган. Муну Кокон мамлекетинин негиздөөчүсү, өзбектин миң уруусунун өкүлү Абдарахим бий Шахрух уулу менен Коженттин бийлөөчүсү жүз уруусунун эмири Акбото бийдин ортосундагы согуштарда кыргыздардын чечүүчү аракеттери далилдейт [Исторические ..., 1973, с. 229-230].

Кокон мамлекетинин чыңдалышына жана анын калмак жортуулдарына туруштук беришине алар менен бирге аракеттенген кыргыздардын союзу негизги себептердин бири болгон. Ферганада турган кыргыздар XVIII кылымдын I жарымында жунгар-калмактардын баскынчылык күчүн токтотууга жана Түндүк Кыргызстандагы мекенин кайтарып алуу үчүн согушкан. Ал эми 1750-жылдардан тартып, алар Түндүк Кыргызстан аймагын бошото баштаган. Ошол себептен Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын саны азаят. Жунгар-хандыгы кулагандан кийин, түндүк кыргыздары мекенине кайткан. Ферганада түштүк кыргыздары гана калышкан. Ушул учурда Кытай мамлекетинин өкүлдөрү кыргыздар менен түз байланышка чыгып, алардын саясий турмушу жөнүндө кеңири маалыматтарды жазып калтырышкан. Алардагы жазмаларда кыргыздардын жол башчылары «бий» деп аталып, ар бири өз урууларын башкарат жана бири-бирине баш ийбейт, бирок «алар жыл сайын жалпы башкарууну колго алган жана ага бардыгы баш ийген бир башчыны (кытайча «чжан») шайлашат. Башчылыкка шайлангандын ысымы Мааматкулу» деп эскерилет [Бернштам, 1946, с. 127]. Белгиленгендей, бул башкаруучу Мааматкулу оң канаттагы сарыбагыш уруусунун бийи болуп, ал жалпы түндүк кыргызын башкарган. Ага жалаң оң канат эмес, сол канат кыргыздары да баш ийгендиктерин, кытай өкүлдөрү кушчу уруусунун бийи Майтактын уулу Эшботонун оозунан угушкан. «...Таласта 4 миң үй-бүлө бий Мааматкулу жана анын жардамчылары Каработо, Майтак, Акбай тарабынан башкарылат» деп жазышат [Пиндин...2003. с. 99]. Мында Талас өрөөнүндөгү кытай, кушчу жана саруу уруулары жөнүндө сөз жүрүп жатат.

Түндүк кыргыздардын башчысынын наамы, кытай тилинде «чжан» деп жазылып, анын мааниси кыргыз тарыхын изилдөөчүлөрдүн арасында кайчы пикирлерди жаратып келет. Алардын айрымдары аны башкы бий десе, кээ бири «чоң бий» деп аташат. А. Бернштам аны «шайлануучу хан» маанисинде колдонот. Бул пикирди кыргыз оозеки тарыхый материалдары да бекемдеп, «Мааматкулду кыргыз «хан» ордуна көтөргөн» деп билдирген маалыматтар жолугат. Ал эми кытай транскрипциясы «чжан», алардын «хан кожо» ысымын жазгандыгы «хоцзичжан» (“ходжожихан”) [Пиндин ..., 2003, с. 98] хан сөзү менен бирдейлиги, Мааматкулуну кыргыздар «хан» ордуна көтөргөн деген санжыралык кабардын чындыкка жакын экендигин көрсөтүшү мүмкүн. Жалпысынан алганда жогорку фактылар, XVIII кылымдын ортосунда түндүк кыргыз урууларын оң канат бийи Мааматкулу хан ордуна башкарып тургандыгын ырастайт.

Ошол эле мезгилде түштүк кыргыздардын басымдуу көпчүлүгүн оң канат адигине бийи Ажы-бий башкарып тургандыгын көрөбүз. Түштүк кыргыздарынын арасында Ажы-бийдин жогорку деңгээлин, жунгар баскынчылыгы токтогондон кийин, өзүнүн ээлигин түштүк кыргыздарынын аймагынын эсебинен көбөйткүсү келген, Кокон бийи Эрдененин аны менен айыгышкан атаандашуучулук саясаты далилдейт. Адигине бийи кытай императоруна жазган катында «Бухардан чыгыш аймакты ээлеген 210 миң адамдын атынан кайрылышы [Пиндин...2003. с. I 2], анын чындыгында эле түштүк кыргыздардын арасындагы бийлигин көргөзөт.

Тактап айтканда, XVIII кылымдагы кытай булактары, XVI кылымдагыдай эле XVIII кылымда деле, кыргыздардын оң канат урууларынын бийлери түштүк жана түндүк урууларында саясий лидерлик орунду ээлеп тургандыгын чагылдырышат. Мындай фактылар адигине–тагай уруулук конфедерацияларынын аталышы саясий негизде пайда болгондугунун далилдери.

Жыйынтыктаганда, кыргыз уруулары XV-XVI кылымдардын аралыгында Кыргызстандын территориясындагы бардык аймактарды өздөштүргөндүгүн жана XVI кылымдын 1-жарымында, алар ээлеген жайыттары боюнча географиялык-саясий принципке негизделген жаңы этносаясий уюмдарды түзгөндүгүн айта алабыз. Бул болсо кыргыз урууларынын толугу менен, азыркы ээлеген жерлерин биротоло мекендешкендигин туюнтат. Ошондой эле, алгач «кыргыз» жана «тогуз огул» деп аталган бутактар, кийинки «адигине», «тагай» уруулук конфедерациялардын жаралуу башаты экендигин көрсөтөт. Аягында, кыргыз элинин этностук курамын, орто кылымдардагы кыргыздар менен этногенетикалык байланышта турган уруулар жана башка этностук компоненттер түзгөндүгүн кыргыз уруу бирикме аталыштары чагылдырат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.– Бишкек, 1999.
2. Абулгазы бахадур-хан. Түрк санжырасы II Кыргыздар. – Бишкек, 1991.
3. Асанов Т. Кыргыздардын XVII-XVIII кылымдардагы мамлекеттик түзүлүш белгилеринин санжырада чагылышы // Новое о древнем и средневековом Кыргызстане / Ош – 3000 и культурное наследие народов Кыргызстана, Вып.2. – Бишкек, 1999.
4. Бернштам А.Н. Источники по истории кыргызов XVIII века// Вопросы истории, 1946, № 11-12.
5. Исторические сочинения ферганских авторов времен Кокандского ханства. МИКК. Вып.1. – М., 1973.
6. Кыргыз тарыхы: энциклопедия. – Бишкек, 2003.
7. Кычанов Е., Бейшеналиев Т. Юань-Мин доорундагы кыргыздар (XIII–XV к.)// Кыргыздар, 2-кит.– Бишкек, 1991.
8. Маджму ат-таварих // МИКК, Вып. 1. – М., 1973.
9. Мухаммед Хайдар Дулати. Тарих-и Рашиди. 2-е изд. – Алматы, 1999.
10. Мокеев А.М. Этапы этнической истории и социальной организации кыргызского народа на Тянь-Шане в XVI-сер. XVIII вв. // НАН Республики Кыргызстан, 1991, №4.
11. Пиндин чжуньчээр фанлюэ // МИКК, Т. 2. – Бишкек, 2003.
12. Сиюй Чжи // МИКК, Т.2. – Бишкек, 2003.
13. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. – Бишкек, 2003.

**Рецензент:т.и.к. Кубатова А.Э.**

УДК 94 (575.2)+325.1

**Жумалиева С.Ч., Тууганбаев А.К., Азамат кызы А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Жумалиева С.Ч., Тууганбаев А.К., Азамат кызы А.**
КНУ имени Ж.Баласагына
**Zhumalieva S.Ch., Tuuganbaev A.K., Azamat kyzy A.**
KNU J. Balasagyn

# XX КЫЛЫМДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭТНОДЕМОГРАФИЯЛЫК АБАЛ
# ЭТНОДЕМОГРАФИЧЕСКАЯ СИТУАЦИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ В ПЕРВОЙ ПОЛОВИНЕ XX ВЕКА
# THE ETHNO-DEMOGRAPHIC SITUATION IN KYRGYZSTAN IN THE FIRST HALF OF THE 20TH CENTURY

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада XIX кылымдын экинчи жарымындагы революцияга чейинки фон эске алынуу менен, XX кылымдын биринчи жарымындагы Кыргызстандагы этнодемографиялык абал изилденет. 1897, 1926, 1937 жана 1939-жылдардагы калк каттоолоруна таянып, калктын этникалык курамындагы өзгөрүүлөр, миграциялык процесстер жана калкты жайгаштыруу саясатынын таасири, 1930–1940-жылдардагы элдерди депортациялоо жана алардын этникалык кесепеттери каралат. Мамлекеттик этносаясат жана маданий трансформациялар (улуттук-территориялык бөлүштүрүү, жергиликтүү кадрларды тартуу, тил саясаты) талданып, статистикалык маалыматтарга баа берилет. Бул баалоодо калкты эсепке алуу өзгөчөлүктөрү жана революцияга чейинки жана советтик каттоолордо мүмкүн болгон бурмалоолор эске алынат.

**Аннотация:** В статье исследуется этнодемографическая ситуация в Кыргызстане в первой половине XX века, с учетом предреволюционного фона второй половины XIX века. Рассматриваются изменения этнического состава населения на основе переписей 1897, 1926, 1937 и 1939 годов, влияния миграционных процессов и политики заселения, депортации народов 1930–1940-х годов и их этнические последствия. Анализируется государственная этнополитика и культурные трансформации (национально-территориальное размежевание, коренизация, языковая политика) и дается источниковедческая оценка статистических данных, учитывая особенности учета и возможные искажения в дореволюционных и советских переписях.

**Abstract:** The article examines the ethno-demographic situation in Kyrgyzstan during the first half of the 20th century, considering the late 19th-century pre-revolutionary background. It reviews changes in the ethnic composition of the population based on the 1897, 1926, 1937, and 1939 censuses, the impact of migration processes and settlement policies, as well as the deportations of peoples in the 1930s–1940s and their ethnic consequences. The study analyzes state ethnopolitics and cultural transformations (national-territorial delimitation, korenizatsiya, language policy) and provides a source-critical assessment of statistical data, taking into account the peculiarities of record-keeping and potential distortions in pre-revolutionary and soviet censuses.

**Негизги сөздөр:** этнодемография; Кыргызстан; калк каттоо; этникалык курам; миграция; депортация; жергиликтештирүү (коренизация); XX кылымдын биринчи жарымы.

**Ключевые слова:** этнодемография; Кыргызстан; перепись населения; этнический состав; миграция; депортация; коренизация; первая половина XX века.

**Keywords:** ethnodemography; Kyrgyzstan; population census; ethnic composition; migration; deportation; indigenization; first half of the 20th century.

Во второй половине XIX века на территории современного Кыргызстана начала формироваться полиэтничная среда в результате активной миграции представителей различных народов. После присоединения Средней Азии к Российской империи в регион переселились тысячи русских крестьян, а также выходцы из Европы, привнеся новые культурные и религиозные элементы. Одновременно в 1877–1878 гг. произошел приток мусульманских беженцев – уйгуров и дунган – из Китая, которые компактно расселились в Приисcыккулье и Чуйской долине. Таким образом, к началу XX века население края включало коренные тюркоязычные группы (кыргызы, узбеки и др.), а также значительное число пришлых переселенцев – славян (русские, украинцы), немцев-меннонитов, татар, дунган, уйгур и других. Традиционное кочевое большинство (кыргызы) постепенно вступало во взаимодействие с оседлым земледельческим и промышленным населением, что создавало ситуацию культурного и конфессионального многообразия. К концу XIX века основная масса коренного населения исповедовала ислам суннитского толка, сосуществуя с православными переселенцами и представителями иных конфессий в обстановке относительной религиозной толерантности Эта историческая обстановка послужила фоном для последующих демографических процессов в первой половине XX века, когда политические потрясения и социально-экономические преобразования радикально изменили этническую структуру населения Кыргызстана.

Настоящая статья последовательно рассматривает: (1) изменения этнического состава населения по данным ключевых переписей населения 1897–1939 гг.; (2) миграционные процессы дореволюционного и советского периодов, связанные с колонизационной политикой и промышленным освоением; (3) принудительные перемещения и депортации народов в 1930–1940-е гг. и их последствия для этнодемографии региона; (4) этнополитику государства и культурные трансформации (включая национально-территориальное размежевание 1924–1926 гг., политику коренизации и языковые реформы); (5) источниковедческий анализ надежности этнодемографических сведений, выявляя проблемы классификации и учета в дореволюционной и раннесоветской статистике. Такой комплексный подход позволяет глубоко понять, как формировалась многонациональная структура населения Кыргызстана в первой половине XX века и какие факторы на нее влияли.

**Этнический состав и переписи населения (1897, 1926, 1937, 1939).** Первым всеобъемлющим источником по этническому составу населения региона является Первая всеобщая перепись населения Российской империи 1897 года. Специфика данной переписи заключалась в отсутствии прямого вопроса о национальности – принадлежность определялась косвенно, на основе родного языка и вероисповедания. Это приводило к некоторым искажениям: например, численность русских могла завышаться за счет тех, кто назвал родным русский язык. Кроме того, терминология переписи не всегда совпадала с современными этнонимами. Так, под названием «киргизы» тогда объединяли тюркоязычное население степей, включая современных казахов, тогда как, собственно, кыргызов именовали «кара-кыргызами» (горные киргизы. По переписи 1897 г. на территории нынешнего Кыргызстана основными группами населения были: тюркоязычные мусульмане (кара-

кыргызы, киргиз-кайсаки, сарты и др.), а также славяне и другие переселенцы. В Ферганской области (куда входила южная часть нынешнего Кыргызстана) было учтено около 200 тыс. кара-кыргызов. В Семиреченской области (включавшей север Кыргызстана) основное население также составляли кочевые киргизы (казахи и собственно кыргызы) и калмыки, тогда как оседлое население представляли русские переселенцы и казаки, а также таранчи (уйгуры), дунгане, татары и сарты (оседлые тюрки). По конфессиональному признаку, в Семиречье насчитывалось около 700 тыс. мусульман и 100 тыс. православных, что отражает доминирование коренных народов. Численность славянского населения к концу XIX века была еще невелика – по оценке генерал-губернатора К.П. Кауфмана, в 1897 г. русские и украинцы в крае составляли примерно 29 тыс. человек (см. табл. 1). Тем не менее перепись 1897 г. зафиксировала присутствие десятков этнических категорий, включая небольшие группы немцев (747 чел. в пределах современного Кыргызстана), поляков, евреев и др. Таким образом, на рубеже веков Кыргызстан представлял собой преимущественно тюрко-мусульманский регион с зарождающимися общинами переселенцев из Европы. [1]

После установления советской власти был проведен ряд новых переписей. Первая Всесоюзная перепись населения 1926 года стала важным этапом, поскольку впервые статистика учитывала национальность напрямую со слов респондентов. К этому времени, в результате национально-территориального размежевания 1924–1926 гг., была образована Киргизская Автономная Республика (с 1926 г. Киргизская АССР) в составе РСФСР. Перепись 1926 г. выявила чрезвычайно пестрый национальный состав населения: в пределах современного Кыргызстана проживали представители более 90 этносов. Общая численность населения Киргизской АССР составила около 993 тыс. человек. Титульный этнос – кыргызы – составляли 661 171 человек, то есть, 66,6% населения. Значительными группами были также: русские – 116 436 чел. (11,7%); узбеки – 110 463 чел. (11,1%); украинцы – 64 128 чел. (6,5%); остальные этнические группы совокупно – около 4%. Среди прочих проживали дунгане (около 6 тыс., 0,6%), татары (~4,9 тыс., 0,5%), уйгуры (~7,5 тыс., 0,8%), казахи (~1,8 тыс.) и др. . Эти данные свидетельствуют, что к 1926 году кыргызы оставались большинством населения, однако доля славян и прочих групп заметно возросла по сравнению с дореволюционным периодом (см. табл. 2). Отдельные категории дореволюционной статистики к этому времени исчезли из учета: например, населения, ранее называвшегося «сартами» и «кипчаками», в 1926 г. официально выделено не было – они были включены соответственно в узбеков и кыргызов. Исключение составил термин "сарт-калмаки", фигурировавший как пережиток прежней классификации (в 1926 г. так обозначили небольшую группу численностью 2,5 тыс. человек, по сути уйгур). В целом, перепись 1926 г. дала отправную точку для отслеживания дальнейших этнодемографических сдвигов в советский период. [8]

Всесоюзная перепись населения 1937 года планировалась как следующий этап, однако ее итоги оказались драматичными. Перепись проводилась 6 января 1937 г. в обстановке недоверия властей и показала по СССР меньшую численность населения, чем ожидалось (162 млн вместо прогнозируемых ~170 млн) вследствие потерь от голода и репрессий. Это было сочтено «вредительством», результаты переписи были засекречены, а организаторы репрессированы. По Казахстану и Средней Азии данные 1937 г. также не были официально опубликованы. Согласно оценкам историков-демографов, население Киргизской АССР в 1937 г. составляло порядка 1,35 млн человек, что заметно меньше норм динамики за десятилетие, указывая на снижение естественного прироста в 1930-е гг. Причинами стали

коллективизация и связанные с ней лишения, а также миграции (часть сельчан откочевывала в другие регионы из-за продразверстки и голода 1932–33 гг., затронувшего в основном соседний Казахстан). Ввиду отсутствия официальных публикуемых итогов 1937 г., дальнейший анализ опирается на перепись 1939 года.

Всесоюзная перепись 1939 года, прошедшая 17 января, зафиксировала 1 459 000 жителей Киргизской ССР (к этому времени статус республики повысился до Союзной ССР в 1936 г.). По сравнению с 1926 г., население выросло примерно на 46,8%, однако этот рост был обусловлен преимущественно притоком населения извне, тогда как естественный прирост у коренных народов замедлился. Этническая структура изменилась следующим образом: доля кыргызов сократилась до 51,7% (их численность – 754 323 чел.). Значительно возросла русскоязычная общность – русские насчитывали 302 916 чел. (20,8%), украинцы – 137 299 чел. (9,4%). Удельный вес узбеков остался около 10,4% (151 551 чел.). Продолжался рост численности небольших европейских и азиатских диаспор: например, численность немцев увеличилась почти втрое (с 4,3 тыс. до 11,7 тыс.), появились небольшие общины корейцев (508 чел. по переписи 1939 г.) отмечен рост числа татар (до 20 тыс., 1,4%) и уйгур (около 9,4 тыс., 0,6%). Таким образом, к концу 1930-х Кыргызстан превратился в многонациональную республику, где коренной этнос лишь немногим превышал половину населения. Остальную часть составляли переселенцы из различных регионов СССР, что было прямым следствием государственных преобразований и миграционной политики 1920–1930-х годов. [7] Для наглядности основные данные переписей 1926 и 1939 гг. сведены в таблицу 2.

Жибек жолунун аркасында дүйнөлүк деңгээлде жаңы технологиялар жана өнөр жайлар дагы кеңири тараган. Мисалы, Кытайдан келген кагаз жана басмакана техникасы, Кытайдын атка минүү технологиялары, Индиянын медицинасы жана фармацевтикасы, арабдардын астрономиялык билими жана математикалык ыкмалары Борбордук Азияда жана Европада кеңири таралып, алар өз кезегинде жаңы тармактарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүшкөн. Мындай инновациялар көптөгөн аймактарда өнөр-жайдын өсүшүнө жана экономиканын жаңы деңгээлге чыгышына салым кошкон.[2]

Жибек жолунун аймактарында көчмөндөрдүн экономикалык таасири да зор болду. Көчмөн калк өздөрүнүн мал чарбасы жана соода ишмердүүлүгү аркылуу чоң кирешелерди тапты. Бул аймактардын агрардык сектору да өнүгө баштады, жер иштетүү жана азык-түлүк өндүрүү боюнча жаңы ыкмалар жана технологиялар киргизилип, өлкөлөрдүн азык-түлүк коопсуздугу камсыздалып, жалпы экономикалык өнүгүүгө жол ачты. [4]

Жибек жолу аркылуу ар түрдүү элдердин ортосунда соода жүргөндүктөн, жаңы валюталардын колдонулушу жана каржылык институттардын өнүгүшү мүмкүн болду. Бизнес

жүргүзүү жана сооданы колдоо үчүн кредит системалары, каржылык башкаруу жана бухгалтериялык эсеп системалары калыптана баштады. Бул тажрыйба кийинчерээк бүткүл дүйнө жүзүнө жайылып, заманбап каржы институттарынын негиздерин түздү.

Жибек жолу - Борбордук Азия, Кытай, Индия, Персия жана Европаны байланыштырган экономикалык багыт болуп, көптөгөн өлкөлөр үчүн чоң экономикалык өсүшкө жол ачкан. Сооданын жигердүү алмашуусу, жаңы технологиялардын киргизилиши жана каржылык системалардын өнүгүшү бул аймакта жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, жалпы дүйнөлүк экономиканы жакшыртууга себеп болгон. Жибек жолунун таасири, ошол мезгилде жана бүгүнкү күндө, глобалдык соода жана экономикалык байланыштардын маанилүү элементтеринин бири болуп калды. [3]

Жибек жолу, тарыхый маанисинен улам, бүгүнкү күндө дүйнө жүзү боюнча туристтерди өзүнө тарткан маанилүү туризм багытына айланган. Борбордук Азиянын, Кытайдын, Индиянын жана башка өлкөлөрдүн аймактарын байланыштырып, бул жолдун бойундагы көптөгөн тарыхый жана маданий объектилер туризм үчүн чоң кызыгууну жаратат. Жибек жолунун азыркы туризмдеги ролу бир нече маанилүү аспектиден турат. Жибек жолунун бойундагы шаарлар жана объектилер - Самарканд, Бухара, Ташкент, Хива, Кашгар жана башка көптөгөн тарыхый жайлар, жибек жолунун мурастарынын бир бөлүгү болуп, бул жерлерде археологиялык казуулар, архитектуралык эстеликтер жана музейлер жайгашкан, ал тургай, айрым аймактар ЮНЕСКОнун дүйнөлүк мурас тизмесине кирген. Жибек жолунун туризми аймактардагы жергиликтүү экономикага чоң таасир тийгизет. Туризмдин өнүгүшү мейманканаларга, ресторандарга, транспорт кызматтарына жана башка туризмге байланышкан бизнести колдоого жардам берет. Мындан тышкары, жергиликтүү өнөрчүлөр жана кол өнөрчүлөр үчүн туристтерге товарларды жана өнөр жайларды сатуу мүмкүнчүлүктөрү да кеңейет. Туризмдин өнүгүшү аймактардын инфраструктурасын жакшыртууга жана ишкердикти жаңы деңгээлге көтөрүүгө түрткү берет. [1]

Жибек жолунун жандануусу туризмге гана эмес, соода жана маданий иш-чаралардын өнүгүшүнө да түрткү берет. Көптөгөн эл аралык фестивальдар, соода көргөзмөлөрү жана маданий иш-чаралар туризм индустриясынын өсүшүн камсыз кылууда. Мисалы, Борбордук Азияда өтчү ар кандай кол өнөрчүлүк базарлары жана чакан фестивальдар жибек жолунун бойундагы аймактарга туристтерди тартуу менен, алардын экономикалык кирешелерин арттырууга көмөктөшөт.

Жибек жолу бүгүнкү күндө дүйнөлүк туризмдин маанилүү бөлүгүнө айланып, Борбордук Азия, Кытай, Индия, жана башка өлкөлөрдүн экономикасына чоң таасир этүүдө. Ал өлкөлөрдүн маданий жана тарыхый мурастарын сактоо, экономиканы өнүктүрүү, жаңы ишкердик мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана эл аралык байланыштарды чыңдоодо маанилүү роль ойнойт. Жибек жолунун туризми аркылуу глобалдык маданий алмашуулар жана экономикалык өсүш үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлүүдө.

Бул теманы терең изилдөө Борбордук Азиянын тарыхы менен азыркы экономикалык жана маданий абалын түшүнүүгө чоң мүмкүнчүлүк берет.

**Колдонулган адабияттар**


1. Бичурин Н. Я. «Шелковый путь и его роль в истории Средней Азии». М.,1980
2. Бенашвили В. Н. История культурных связей народов Центральной Азии". М.,1980
3. Бенашвили В. Н. «Шелковый путь: культурный и экономический обмен через века». М., 2005
4. Даниязов О. М. «История Центральной Азии». М., 1974

5. Иманалиев М.И. Совместное развитие и процветание стран вдоль Великого Шелкового пути Б., 1997.
6. Иванов А. И. «Торговля на Великом шелковом пути». М.,1980
7. Касымов А. «Жибек жолунун мурастары». Б., 2010
8. Касымбеков Ж. «Жибек жолундагы археологиялык изилдөөлөр». А., 2015
9. Поздняков А. М. «Культура народов Центральной Азии». М. 1970
10. Поздняков А. М. «Цивилизации и шелковый путь». М., 1987

**Рецензент: ф.и.д., профессор Балтабаева А.Т.**

УДК:331.556.4(575.2)(04)

**Чодолдоева Г.Ж., Асипбаева М.Б., Жалиева Б.С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Чодолдоева Г.Ж., Асипбаева М.Б., Жалиева Б.С.**
КНУ имени Ж.Баласагына
**Chodoldoeva G.Zh., Asipbaeva M.B., Zhalieva B.S.**
KNU J. Balasagyn

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮН ИЧКИ МИГРАЦИЯГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ
## ВЛИЯНИЕ СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКИХ ИЗМЕНЕНИЙ В КЫРГЫЗСТАНЕ НА ВНУТРЕННЮЮ МИГРАЦИЮ
## THE IMPACT OF SOCIO-ECONOMIC CHANGES IN KYRGYZSTAN ON INTERNAL MIGRATION

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада Кыргыз Республикасынын аймактарындагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн ички миграцияга тийгизген таасири иликтенет. Ички миграциянын күчөшүнө негизги себеп болуп жумушсуздуктун жогору деңгээли, айлык акылардын айырмасы, инфраструктуранын жетишсиздиги жана билим берүү менен медициналык кызматтардын сапатынын айырмасы саналат. Аймактардагы калк көбүнчө борбор калаа Бишкекке, Ош шаарына жана айрым облустук борборлорго жумуш жана билим издөө максатында көчүп жатышат. Мындай көчүш аймактарда калктын азайышына, экономикалык активдүүлүктүн төмөндөшүнө, инфраструктуранын начарлашына алып келүүдө. Ошол эле учурда, шаарларда калктын санынын көбөйүшү турак жай маселелерин, социалдык тейлөөгө болгон басымды күчөтүүдө. Макалада ички миграциянын оң жана терс таасирлери кеңири баяндалып, мамлекеттик деңгээлде аймактарды өнүктүрүү, жумуш орундарын түзүү, инфраструктураны жакшыртуу жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча сунуштар берилет. Бул факторлор ички миграцияны жөнгө салууда негизги багыттар болуп саналат.

**Аннотация:** В данной статье анализируется влияние социально-экономических изменений в регионах Кыргызской Республики на процессы внутренней миграции. Основными причинами роста миграции являются высокий уровень безработицы в сельской местности, низкие заработные платы, недостаточное развитие инфраструктуры, а также значительные различия в качестве медицинских и образовательных услуг между регионами и

столицей. Население активно переселяется из отдалённых областей в Бишкек, Ош и областные центры в поисках работы и лучших условий жизни. Это приводит к уменьшению численности населения в некоторых регионах, снижению экономической активности и росту дисбаланса между городами и селами. В свою очередь, в городах наблюдаются перегруженность инфраструктуры, нехватка жилья и усиление нагрузки на социальные службы. В статье рассматриваются как положительные, так и отрицательные последствия внутренней миграции. Также предложены конкретные рекомендации по развитию регионов, созданию рабочих мест, улучшению инфраструктуры и повышению качества социальных услуг для эффективного регулирования миграционных процессов внутри страны.

**Abstract:** This article explores the impact of socio-economic changes in the regions of the Kyrgyz Republic on internal migration trends. Key factors influencing internal migration include high regional unemployment rates, wage disparities, underdeveloped infrastructure, and unequal access to quality education and healthcare services. As a result, a growing number of people are relocating from rural and less developed areas to the capital, Bishkek, as well as to Osh and other regional centers in search of better job opportunities and living standards. This migration leads to depopulation and economic stagnation in rural areas, while increasing pressure on urban infrastructure, housing, and social services. The article discusses both the positive and negative consequences of internal migration, including labor market shifts and socio-economic imbalances. Based on the analysis, the study offers policy recommendations such as promoting regional development, creating sustainable jobs, improving infrastructure, and ensuring equal access to social services. These measures are essential for managing internal migration more effectively and equitably.

**Негизги сөздөр:** ички миграция; социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр; жумушсуздук; инфраструктура; аймактык теңсиздик.

**Ключевые слова:** внутренняя миграция; социально-экономические изменения; безработица; инфраструктура; региональное неравенство.

**Keywords:** internal migration; socio-economic changes; unemployment; infrastructure; regional inequality.

Бүгүнкү күнү дүйнө жүзүндө калктын 1/7 бөлүгү - бир миллиарддан ашык адам мигрант болуп саналат жана бул сан жыл сайын өсүп жатат. Миллиард мигранттан 258 млн адам эл аралык мигрант болуп саналат. Маанилүү жагдай - миграция өнүгүүнүн негизги шарты болуп саналбаса да, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу оң таасир берет. Ал эми миграциядан туруктуу жана узак мөөнөттүү натыйжа алуу үчүн кабыл алуучу жана жөнөтүүчү мамлекеттер көчүп жаткан адамдарга татыктуу шарттар менен мүмкүнчүлүктөрдү түзүп бериши керек. Тышкы миграциядан тышкары, ар бир мамлекетте ички миграция актуалдуу маселелердин сап башында турат.

Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыкка ээ болушу менен өлкө социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн жаңы этабына кадам таштады. Базар экономикасына өтүү, мамлекеттик башкаруу системасындагы реформалар, тышкы байланыштардын кеңейиши жана ички саясий-экономикалык трансформациялар өлкөнүн калкынын жашоо деңгээлине түздөн-түз таасирин тийгизип келүүдө. Айрыкча калктын ички миграциясынын күч алышы бул өзгөрүүлөрдүн маанилүү көрсөткүчү болуп калды.

Учурда Кыргыз Республикасынын калкынын миграциялык процесстерин анализдөө жана аны жөнгө салуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу маанилүү маселелерден болуп

саналат. Анткени, 1990 - жылдардан башталган миграциялык процесстер коомдук жашоонун дээрлик бардык чөйрөлөрүнө терең жана олуттуу таасирин тийгизип келүүдө. Миграциялык процесстерди изилдөөнүн актуалдуулугун өнүккөн өлкөлөрдүн басымдуу бөлүгүндө калктын миграциялык процесстерин изилдөө боюнча бир топ илимий борборлордун иш алып баруусу тастыктап турат. Ал эми Кыргызстандын калкынын миграциялык процесстеринин саясий аспектилери учурга чейин жетишээрлик деңгээлде изилдене элек. Калктын республика ичиндеги орун которуштуруу процесстери эмгек базарынын калыптануусуна жана өнүгүүсүнө, социалдык-экономикалык шарттарга, жумушчу күчүнө болгон муктаждыкка, жумушсуздукка, региондогу экономикалык өсүүнүн айырмачылыктарына, демографиялык процесстердин күчөшүнө ж.б. байланыштуу болот [1. 148-б.]

Ички миграция — бул өлкө аймагында калктын бир аймактан экинчи аймакка көчүшү. Кыргызстанда соңку отуз жылдан ашык убакыт ичинде ички миграциянын масштабы жана мүнөзү бир топ өзгөрүүгө дуушар болду. Айрыкча борбор калаа Бишкекке жана айрым аймактык борборлорго агылгандардын саны кескин өсүп, айрым аймактарда калктын саны азайып, экономикалык активдүүлүк төмөндөп калды.

Калктын ички миграциялык агымында аймактар аралык миграция басымдуулук кылат. Аймактар аралык миграциянын эң жогорку деңгээли Нарын (82%) жана Баткен (72%) облустарына туура келет. Ал эми Ош (70%) жана Жалал-Абад (63%) облустарында эң көп үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша регион ичиндеги миграцияга туура келет [7]. Айрыкча бийик тоолуу райондордун жашоочуларынын агымы жогору. Республиканын калкынын бир катар региондордон чыгып кетишинин негизги себептери ошондой эле социалдык-экономикалык шарттар: жумушсуздук, эмгекке жарамдуу калктын аз айлык акысы, социалдык камсыздоонун канааттандырарлык эместиги болуп саналат. Ички миграцияга Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун калкы эң активдүү катышат: өлкөнүн калкынын 31%дан ашыгы жашаган борборго жана борборго жакын жайгашкан чакан аймакка кеткендердин 40% жана келгендердин 61%ы туура келет [7]. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эле борборго миграция шаар чегиндеги жерлерди мыйзамсыз басып алуу менен коштолгон. Калктын айылдан шаарга миграциясы өлкөнүн калкынын аймактар аралык аймактык кыймылынын басымдуу формасы болуп саналат. Акыркы он жылдын ичинде Кыргызстанда калктын республикалык ички миграциялык алмашуусуна агылып келиши айыл жеринин тургундарынын эсебинен болду. Республиканын айыл аймактары калктын эң жаш, эң активдүү жана билимдүү бөлүгүн жоготуп, алардын социалдык жана кесиптик-квалификациялык түзүмү өзгөрүүдө.

Кыргыз Республикасынын ички миграциясында заманбап шарттарда төмөнкү тенденциялар байкалууда:

1) калктын айылдан шаарга миграциясы;

2) областтык шаарлардан ири шаарларга;

3) экономикалык жактан начар өнүккөн, начар аймактардан өнүккөн, гүлдөп өнүккөн аймактарга[2.3-б].

Калктын республика ичиндеги стихиялык миграциясы өлкөнүн туруктуу экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнө олуттуу коркунуч болуп калышы мүмкүн. Бул айылдан адистердин агылып кетиши, эмгек рыногунун дисбаланс, жерлерди басып алуу жана шаарлардын чет-жакаларына ылайыкташтыруу, шаарлардын социалдык инфраструктурасына оорчулуктун күчөшү менен шартталган [8]. Мындан тышкары, көзөмөлсүз ички миграция этностор аралык, аймактар аралык жана уруулар аралык конфликттердин келип чыгышына жана күчөшүнө алып келди. Түндүк региондо жана борбор Бишкек шаарында орус тилдүү

калктын көчүп кетишинен жана түштүк аймактардан жергиликтүү калктын агылып келишинен калктын генетикалык структурасы тез өзгөргөн [3].

Айыл тургундарынын көчүрүлүшү шаарларды жана шаар тибиндеги поселокторду өнүктүрүүгө да пайда алып келгендигин белгилей кетүү керек. Жаңы тармактар, ишканалар пайда болду, эски шаарлардын өнүгүшү менен бирге жаңы шаарлар пайда болду.

**Калктын тышкы миграциясынын өзгөчөлүктөрү.** Кыргызстандын көпчүлүк жарандарынын эмгек миграциясы алардын экономикалык көйгөйлөрүн чечүүнүн милдеттүү чарасы болуп саналат жана узак мөөнөттүү келечекте бул алардын өлкөсү үчүн олуттуу терс кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Көпчүлүк учурда орто билимдүү мигранттар чет өлкөгө иштегени кетип, бул өз кезегинде жогорку маяналуу кызматтарга иштөөгө тоскоолдук жаратат. Мындан тышкары, көптөгөн мигранттар кандайдыр бир негизги же жогорку билим ала элек, алардын 13,8%ы жогорку билимге ээ, ал эми 70%дан ашыгы мектептик гана билимге ээ [9].

Макаланын максаты — Кыргызстандын социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрүнүн ички миграцияга тийгизген таасирин талдоо жана анын негизги себептерин, мүнөзүн, кесепеттерин изилдөө. Изилдөөнүн предмети катары Кыргызстандын аймактарындагы миграциялык агымдардын динамикасы жана ага социалдык-экономикалык факторлордун тийгизген таасири алынат.

Бул маселе бүгүнкү күндө практикалык жана илимий мааниге ээ. Анткени ички миграция аймактардын өнүгүү деңгээлине, инфраструктурага, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө, шаардык инфратүзүмгө түздөн-түз таасир этүүдө. Маселенин өзөк болуп калышы социалдык-экономикалык реформалардын натыйжалуулугун баалоодо жана мамлекеттик миграция саясатын иштеп чыгууда маанилүү.

Кыргызстандагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн мүнөзү тууралуу сөз кылсак, Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин олуттуу экономикалык, социалдык жана саясий өзгөрүүлөргө туш болду. 1990-жылдардын башында рыноктук экономикага өтүү процесси башталып, пландуу чарба системасы жоюлуп, жамааттык чарбалар менчиктештирилди. Бул жагдай көптөгөн айыл жергесиндеги калктын жашоо-турмушуна терс таасирин тийгизип, жумушсуздуктун жогорулашына жана социалдык теңсиздиктин күчөшүнө алып келди [4, 13-б].

Экономикалык каатчылыктарга байланыштуу көпчүлүк жарандар ички жана тышкы миграцияга мажбур болду. Айрыкча жумуш орундардын тартыштыгы, инфраструктуранын өнүкпөгөндүгү, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жетишсиздиги аймактык айырмачылыктарды күчөттү [6, 142-б].

2000-жылдардан тарта өлкө экономикасында салыштырмалуу өсүү байкалган менен, аймактар аралык өнүгүүдө теңсиздик сакталып калды. Бишкек шаары жана Чүй облусу экономикалык борборго айланып, ишкерлик, билим берүү, медицина, социалдык кызматтардын негизги бөлүгү ушул аймакта топтолду. Калган облустарда жумуш орундарынын жетишсиздиги, айлык акылардын төмөндүгү, жашоо сапатынын начарлыгы ички миграцияны күчөткөн негизги фактор болуп калды.

Мындан тышкары, 2020-жылдан кийинки пандемия, дүйнөлүк экономикалык каатчылык, инфляциянын жогорулашы да социалдык-экономикалык кырдаалды курчутту. Бул өз кезегинде калктын жашоо-турмуш шартын начарлатып, жумуш издеп борбор калаага жана башка аймактык борборлорго көчүүнү күчөттү.

**Ички миграциянын өзгөчөлүктөрү жана динамикасы.** Кыргызстанда ички миграциянын негизги өзгөчөлүгү — айыл жеринен шаарга көчүү. Калктын көбү Бишкек

шаарына, Ош шаарына жана айрым аймактык борборлорго жумуш жана билим издеп көчүшөт. Улуттук статистика комитетинин 2023-жылкы маалыматы боюнча, өлкө боюнча ички мигранттардын саны 450 миңден ашты [10].

Ички миграциянын негизги себептери:

Экономикалык: жумуш орундарынын тартыштыгы, айлык акылардын төмөндүгү.

Социалдык: билим берүү, медициналык кызматтардын сапатынын айырмасы.

Инфраструктуралык: жолдордун, коммуналдык кызматтардын начардыгы.

Маданий жана социалдык инфраструктуранын жетишсиздиги.

Ички миграциянын агымы негизинен төмөнкү багытта, тагыраак айтканда Нарын, Баткен, Жалал-Абад, Талас, Ысык-Көл облустарынан Бишкек шаарына, Ош облусунан Ош шаарына, айрым учурларда Бишкектен Чүй облусуна (айыл чарба иштери үчүн) келип иштегендер болуп эсептелет.

Мигранттардын негизги бөлүгүн жаштар жана эмгекке жөндөмдүү курактагылар түзөт. Бул көрүнүш аймактардагы калктын демографиялык түзүлүшүнө таасир этип, жашоо сапатынын начарлашына алып келүүдө.

Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн ички миграцияга тийгизген таасири. Кыргызстандын социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрү ички миграциянын динамикасына түздөн-түз таасир тийгизүүдө. Аймактык өнүгүүнүн теңсиздиги, жумуш орундардын аздыгы, социалдык кызматтардын сапатынын айырмасы калктын көчүшүн шарттоодо.

**Экономикалык факторлор.** Экономикалык жактан алганда, ички миграциянын башкы себеби — аймактардагы жумушсуздуктун жогору деңгээли. Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, 2023-жылы расмий жумушсуздуктун деңгээли Нарын облусунда 9,3%, Баткен облусунда 8,7%, Жалал-Абадда 7,5% түзгөн. Ал эми Бишкек шаарында бул көрсөткүч 4,8% гана болгон [5].

Айлык акылардын айырмасы да чоң. Бишкек шаарында орточо айлык акы 28 000 сомду түзсө, ал эми Нарын облусунда — 19 000 сом. Мындай теңсиздик калктын борбор калаага агылышын күчөтүүдө. Акыркы жылдары туризм тармагы жакшы жолго коюлуп, заманбап курулуш иштери жүрүп жаткандыгына байланыштуу, Нарын ж.б. облустардан убактылуу Бишкек шаарында жашап, иштеп жаткан курулушчулар жаз, жай, күз мезгилдеринде Ысык-Көл облусунун борбору Чолпон-Ата шаарына, райондоруна барып, жашап, иштеп, ички миграциянын эсебинен үй-бүлөсүнүн финансылык муктаждыктарын чечип, жумуш орду менен камсыз болуп жатат.

**Социалдык факторлор.** Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын айырмасы ички миграциянын экинчи маанилүү себеби. Борбор калаада билим берүү, саламаттык сактоо, коомдук тейлөө кызматтары жакшы өнүккөн. Бул аймактардагы жаштардын билим алуу үчүн шаарга көчүүсүнө түрткү берүүдө.

Айыл жеринде билим берүү мекемелеринин жетишсиздиги, медициналык тейлөөнүн сапатынын төмөндүгү да ички миграцияны күчөтүүдө.

**Инфраструктуралык көйгөйлөр.** Аймактардагы жолдордун, электр энергиясынын, суу менен камсыздоонун абалы да калктын жашоо шартын начарлатып, көчүүгө мажбурлоодо. Борбор шаарларда инфраструктуралык көйгөйлөр аз, жумуш табуу мүмкүнчүлүгү жогору.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде ички миграциянын кесепеттерин жаза кетсек, ички миграциянын өлкө үчүн оң жана терс таасирлери бар. Оң таасиринде жарандар жумуш издеп, киреше табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, борбор шаарларда экономикалык активдүүлүк жогорулап, билим деңгээли көтөрүлөт. Ал эми терс таасиринде шаарлардагы

инфраструктурага күч келип, турак жай жетишсиздиги күчөгөндүктөн, батир баасы кымбаттап, финансылык тартыштык жаралат. Социалдык кызматтардын жетишсиздиги жогорулайт, аймактарда калк санынын азайышы, өндүрүштүн төмөндөшү, социалдык жана экономикалык теңсиздик күчөйт.

Бишкек шаарында ички мигранттардын конуштарынын саны көбөйүп, турак жай, мектеп, бала бакча, жол, суу, электр энергиясы маселелери курчуп баратат.

**Жыйынтыгында** Кыргызстандын социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрү ички миграциянын масштабына жана мүнөзүнө чоң таасирин тийгизүүдө. Аймактардагы экономикалык теңсиздик, жумушсуздук, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын айырмасы калктын көчүүсүнө негизги себеп болуп калууда.

Ички миграциянын өлкө үчүн оң жана терс кесепеттери бар. Аны жөнгө салуу үчүн мамлекеттик деңгээлде аймактарды өнүктүрүү, жумуш орундарын түзүү, социалдык кызматтарды жакшыртуу, инфраструктураны өркүндөтүү багытында ырааттуу саясат жүргүзүү зарыл.

**Колдонулган адабияттар**


1. Акаев А.А. Кыргызстандагы ички миграциянын себептерине фактордук анализ //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана № 2, 2018 148-150-бб.
2. Внутренняя миграция в Кыргызской Республике. Международная организация по миграции. - Б., 2001. - С.19. (41)
3. Кочербаева, А. А. Особенности демографического развития Кыргызстана: проблемы, их социальные последствия и перспективы решения [Текст] / А. А. Кочербаева // Народонаселение. 2016. - Т. 1. - № 1(71-1). - С. 16–24
4. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Кыргызстандын калкы. Бишкек, 2023.
5. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматтары, 2023.
6. Кыргызстандын өнүгүү стратегиясы. Каржы министрлиги алдындагы экономикалык, социалдык реформалар борбору. - Б., 2015. - 142-143-бб.
7. Лукьянец А.С., Тышкевич А.И. Миграционные процессы в Кыргызстане как фактор усиления ингеграции на постсоветском пространстве // Вестник Алтайской академии экономики и права. 2022. № 11-1. С. 132-138;
8. Недолужко Л. Повышение уровня жизни: задача экономической и демографической политики. - Б., 2003. - С. 5. (40)
9. Оморов Н.М. Миграционные процессы в Кыргызской Республике в годы независимости: итоги десятилетия. - Б., 2001. - С. 12-42. (39)
10. Трудовая миграция и трудоемкие отрасли в Кыргызстане. - Центр интеграционных исследований Евразийского банка развития. - СПб., 2015. - 120-Б.


**Рецензент: т.и.к., доцент Асантурова Т.**

УДК:923(575.2)(04)

**Шейшеканов Т.Б.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Шейшеканов Т.Б.**
КНУ имени Ж.Баласагына
**Sheyshekanov T.B.**
KNU J. Balasagyn

# БААТЫРКАН НОГОЙ УУЛУНУН ТАРЫХТАГЫ ОРДУ ЖАНА РОЛУ
# РОЛЬ И МЕСТО В ИСТОРИИ БААТЫРКАНА НОГОЙ УУЛУ
# ROLE AND PLACE IN THE HISTORY OF BAATYRKAN NOGOI UULU

**Кыскача мүнөздөмө:** XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы кыргыз элинин коомдук-саясий турмушунда, көрүнүктүү роль ойногон улуу инсандардын катарында, Баатыркан Ногой уулу да турат. Баатыркан ажы 1843-жылы Шатыда жарык дүйнөгө келген. Ал 3 доордо: кыргыздар Кокон хандыгына баш ийген доордо, кыргыз жери Россия империясынын колониясына айланган доордо жана Совет доорунда жашаган инсан. Колониялык доордо Баатыркан Ногой уулу элдин таламын талашып, жергиликтүү орус бийлигинин аскер-губернатору, уезд башчылары, жардамчылары ж. б. аткаминерлери менен күрөшкөн инсан. 1916-ж улуттук-боштондук көтөрүлүшүндө хан даражасына көтөрүлгөн жана жол башчылык ролду ойногон.

**Аннотация:** Во второй половине X1X – начале XX в.в. в общественно-политической жизни кыргызов видную роль играл Баатыркан Ногой уулу. Баатыркан ажы родился в 1843 г. в Шаты. Он прожил в эпоху Кокандского правления и в колониальный период Российской империи, а также в первые годы Советской власти. В колониальный период он защищал интересы народа и боролся против произвола царских чиновников: военного губернатора, начальника уезда и его помощника и т. д. В период восстания 1916 года, он был избран ханом и руководил восстанием.

**Abstract:** In the second half of the 19th – early 20th centuries, Baatyrkan Nogoy uulu played a prominent role in the socio-political life of the Kyrgyz. Baatyrkan azhy was born in 1843 in Shaty. He lived during the Kokand rule and the colonial period of the Russian Empire, as well as the first years of Soviet power. During the colonial period, he defended the interests of the people and fought against the tyranny of the tsarist officials: the military governor, the head of the district and his assistant, etc. During the uprising of 1916, he was elected khan and led the uprising.

**Негизги сөздөр:** колония; шайлоо; болуш; инсан; хан; манап; көтөрүлүш.
**Ключевые слова:** колония; выборы; волостной; личность; хан; манап; восстания.
**Keywords:** colony; elections; volost; personality; khan; manap; uprisings.

XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы кыргыз элинин коомдук-саясий турмушунда, көрүнүктүү роль ойногон улуу инсандардын катарында, албетте, Баатыркан Ногой уулу да турат. Элдик санжыраларда айтылып жүргөндөй, анын ата-теги кыргыз элине белгилүү манап, бийлер жана баатырлар болушкан. Түпкү аталары айтылуу Белек, Шүкүр, Сарт, Эркеназар, Тооке. Белектин тогуз уулунун бири Салмаке, андан Шикир, Эркеназар, Туке, Тугай болгон [1, б.51]. Баатыркандын өз атасы Белек уруусунан чыккан айтулуу Тооке уулу Ногой баатыр болгон [2, 172-175 - б.б.]. Баатыркан ажы 1843-жылы Шатыда жарык

дүйнөгө келген. Баатыркандын олуттуу окуяларга шырелген байсалдуу өмүрү, эр жеткен курагы Кыргызстандын Россия империясынын толук кандуу колониясына айланган оор мезгилге туура келет. 1855-жылы Ысык - Көлдөгү бугу уруусунун он миңдеген түтүнү Россиянын курамына кирип, орус букаралыгына алынган. Ошол мезгилде Баатыркан агасы Балакарач Ногоевдин колунда чоңойгон жана кыргыз элинин  Россия  империясына букаралыкка  өткөн окуяларды өз көзү менен көргөн.

1865-жылдын 24-июнь күнү бугунун Салмаке уруусу Ысык-Көлдөгү орус отряд башчысынын буйругу менен кеңеш куруп, эки болуштуктагы кызмат ордуларына төмөндөгү адамдарды сунушташкан  :

Биринчи, Тогузбай уруусунан болушка Чоң Карач Рахмат уулу, анын орун басары Муса Алдаберди уулу, айылдык старшиналыкка Байсейит Чоң Карач уулу, Абушак Сагындык уулу, Байтике Асан уулу, Шайдылда Карымшак уулу. Экинчи, Шүкүр уруусунан болушка Балакарач Ногой уулу, анын орун басары Нусуббек Бакты уулу, айылдык старшиналыкка Деркембай Тооке уулу, Атаке Бекмат уулу, Абуке Найман уулу, Канкелди Абдыбек уулу - 1865-жылдын 15-декабрында чыккан  өкүм менен жогорудагы адамдар кызмат ордуларына бекиген [3, б. 432].  Белгилеп кетчү жагдай, Ысык – Көлдөгү жаңы болуштуктарды түзүү боюнча Баатыркан ажынын бир тууган агасы Балакарач Ногоев көп эмгек өтөгөн. Ал эмгеги үчүн, 1876-жылы Станислав тасмасындагы кичи күмүш медалы, 1880-жылы 8-июнда Чоң күмүш, 1883-жылы Чоң Алтын медалы менен жана 1885-жылы 15-июнда атайын чепкен менен оторчулук бийлик тарабынан сыйланган [4, б. 134-140].  1873-жылы Ысык-Көл уезддинде төртүнчү ирет жергиликтүү администрациясынын кызмат орундарына шайлоо өткөрүлгөн. Бул шайлоо башка шайлоолордон айырмаланып, атаандаштар үчтөн болуп, аларды элүү башылар (пятидесятник) шайлашкан. Ал шайлоого Ысык-Көл уезддинин башчысы полковник Курковский өзү катышкан. Бул шайлоодо Баатыркандын бир тууган агасы Балакарач Ногоев кайрадан болуштукка, орун басары болуп Ногой баатырдын бир тууганы Деркембай Тооке (Таукин), ал эми №3 айылдын бийи болуп Баатыркан Ногоев шайланган. Ошентип,  Баатыркан Ногой уулу бий кызматына расмий шайланган учурда ал 30 жашта болгон. Баатыркан ошол мезгилден баштап 22 жыл бий жана төрт чакырылышта катары менен болуш болуп шайланган [5, 32-33-б.б.].

XX к. башында Баатыркан болуш Ысык – Көл өрөөнүндөгү бардык элдик жыйындардын чордонунда айтылуу Кыдыр Байсары уулу, Карач аке, Сооданбек чечен, Кадырбай Түнгатаров, Рыскелди Караев, Рыскелди Бериков, Орозбак Саадамбеков, Баатыркан Райымбек уулу, Кендирбай Солтоноев, Сагаалы Алматаев ж. б. менен бирге талаш-тартыштуу, көйгөйлүү маселелерди чечүүдө негизги ролду ойношкон . Баатыркан Ногой уулу элдин кызыкчылыгын көздөп жергиликтүү орус бийлигинин аскер-губернатору, уезд башчылары, жардамчылары ж. б. аткаминерлери менен, ошол кездеги мыйзамдардын чегинде тынымсыз, эч жалтанбай күрөш жүргүзгөн чыгаан инсан болгондугун архив материалдары далилдеп турат. Ошол мезгилдеги уезд башчысы полковник Курковский жана анын жардамчысы Чыныбай Тилекматов элге көптөгөн салыктын түрлөрүн салып элдин жашоосун оорлоткон. Элдин оор жашоосун өз көзү менен көргөн Баатыркан Ногой уулу жергиликтүү колониалдык бийликтин мыйзамсыз иштерин катуу сындап, 1882-жылы Пишпектен Түркстан крайынын Генерал Губернатору Черняевге өтүнүч-телеграмма жөнөткөн. Баатыркандын ошол кайрылуусунан кийин текшерүү иштери башталып, Пржевальск уезддинин башчысынын мыйзам бузуулары аныкталган. Ошондон кийин Түркстан Генерал Губернаторунун канцеляриясы, 1882-жылы 19-апрелде Каракол уезддик судьясына билдирүү жөнөткөн. Ал эми, 1882-жылы 11-июнда Жети-Суу облустук аскер

губернаторлугу: "...Түркстан генерал- губернаторунун сунушу менен манап Чыныбайдын, котормочу Фазл Ахмет Манафаровдун жана уезд башчысы полковник Курковскийдин мыйзамсыз иш аракеттери боюнча, уезддин бүткүл көчмөн элинин атынан Ысык-Көл уезддинин ишенимдүү кыргызы Ногоев жана Клычевдин өтүнүчү менен кылмыш иш козголду " [6, б.9] - деген билдирүү жөнөткөн. Ошол козголгон кылмыш иштин негизинде "...кечирилгис кайдыгерлик кылган Курковскийди уездде калтыруу мүмкүн эмес " деген чечим чыгып , ал кызматтан алынган. Уезд башчысы Курковскийдин Баатыркан Ногоевдин жазган арызынын негизинде кызматтан алынышы, колониалдык доор мезгилиндеги биринчи окуя болуп калган жана бул иштен кийин Баатыркан ажынын эл арасындагы абройу дагы көтөрүлгөн. Ошондон кийин эл оозунда " Баатыркан ойоз менен Чыныбайды ооздуктады " деген сөз калган [7, 47-48-б.б.]. Бирок, оторчулук бийлик Баатыркандан өч алуу максатында, 1882-жылы уезддин жерин бөлүштүрүү деген шылтоо менен Деркембай Тооке уулу, Балакарач Ногоев, Баатыркан бий баштаган Салмаке тукуму жана Өмүрзак Боронбайлар Нарындын Ат-Башысына көчүрүлөт. Ал жакта болуштук кызматты Ногой баатырдын бир тууганы Деркембай Тооке уулу аркалап, Баатыркан Ногой уулу №2 айылдын бийи болгон. Ат – Башыда жашаган мезгилде колониалдык бийлик тарабынан Баатыркандын үстүнөн ар кандай жалаа жабуулар болгон. Бирок "ак ийилет, сынбайт" болуп Баатыркан ал жалаа жабуулардан кутулган.

Ат-Башыдан кайра Ысык-Көлгө көчүп келгенден кийин Түп болуштугунда 1897- 1890 ж.ж. шайлоо өткөрүлгөн. Жети–Суу облусунун аскер – губернаторунун 1897-ж. 17–апрелиндеги Рапортунда шайлоодо жеңип чыккандардын тизмесинде : "Түп болуштук башкаруучу – Баатыркан Ногоев, ага талапкер Чыңгыш Ураков жана элдик соттор : № 1 айыл Деркембай Таукин, талапкер Чымырбай Жүзбаев, № 2 айыл Адыл Орозалин, талапкер Абдраман Уразалин, №3 айыл Рыскелди Бериков, талапкер Тагай Жангыбаев, №4 Табай Тулебаев, ага талапкер Байсерке Койгелдин; №5 Интере Мусралин, талапкер Тулеберди Карачев; №6 Асанходжа Караулов, талапкер Таштанбек Кальгин, №7 Бектур Мумкин, талапкер Бектен Байтелин, №8 Буранбай Атекин ага талапкер Оторбай Кениев, №9 Аулбек Нуржанов, талапкер Калдыбай Байходжин болгон [8, 61- 62-б.б.]. 1900-ж. баштап Түркстан аймагына "өзүн өзү билген келгиндердин" саны кескин көбөйгөн. Крайдын генерал губернатору С. М. Духовский облус аскер –губернаторлоруна бош жерлерди табууга буйрук жолдогон. Падыша бийлигинин көздөгөн максаты, аймакты орусташтырууну күчөтүү болгон. Орусия императорунун макулдугу менен 1901-ж. 21-майында Түркстанды "кеңири колонизациялоо" чечими кабыл алынган. 1902-ж. 2-майында Жети – Суу облусунун аскер – губернатору М. Е. Ионов буйрук чыгарып келгиндерди көзөмөлгө алууну талап кылган. Ошентип, орус бийлиги Ысык - Көлгө өзгөчө көңүл буруп, колонизациялоо саясаты араанын ачып, он миңдеген келгиндер келип, миңдеген десятина жакшы жерлер аларга бериле баштаган. Түп болуштугунан эле монастрга 3000 десятина жер, Тасмадан казак – орустарга кыштак салуу үчүн 1600 десятина жерлер бөлүнгөнүнө Баатыркан болуш каршы чыккан. 1906-ж. 23-февралында Баатыркан Ногоев Түп болуштугундагы кыргыздардын ишенимдүү адамы катары Түркстан генерал губернаторунун жардамчысынын наамына жөнөткөн өтүнүчү, колониалдык бийликтин жерге болгон ач көз саясатын далилдейт.

Аталган өтүнүчтө төмөндөгү жагдайлар көрсөтүлгөн: "...1900-ж. Пржевальск уезддинин мурдагы башчысы Г. Сомов Түп болушуна кайрылып, отурукташкан казак- орус кыштагы үчүн (Тасма – Сухой хребет) жер берүүнү талап кылган. Ал жерде биздин эл эгин эгип жан багышат, 1900-ж. 27- мартында болуштуктун эли № 1 приговору менен жер бөлүп берүүгө каршы болушкан. (Ал убакта болуш Чынгыш Нуриков болгон. Приговордун

көчүрмөсү тиркелет. Болуш Рыскелди Бериков кол коюп, мөөрүн баскан). Бирок, бийлик кысымга алгандан кийин болуштуктун өкүлдөру 4500 десятина жерди берүүгө аргасыз болушкан. Түзүлгөн комиссия ал жердин ордуна Кең – Суу болуштугунан 1800 десятина жана Түргөн болуштугунан 550 десятина жер берүү чечимин кабыл алган. Бирок, ал жерлер эгин айдоого, чөп чабууга ылайыксыз. Кийинки жылдары Жети–Суу облусттук башкармалык, ошол эле уезд начальнигинин көрсөтмөсү менен Тасма аймагын бөлүп, дыйканчылыка ылайыктуу 23 768 десятина жерди бөлгөн чечим чыгарган. Натыйжада, 1550 түтүн эгин эккен жеринен айрылган. Азыркы учурда болуштукта эл жакырданды, өткөн жайда 200 чөмөлө чөп да жыйа алышкан жок. Мал жайа турган жер жок, жайлоо жок, сырт бизге тиешелүү эмес, болуштуктун эли оор абалда, малыбызды сатууга аргасызбыз, ... жан багыш үчүн айрымдар Кытай чегине өтүүгө камданууда. “Бизден алынган жерлер Жети- Суу орус казактарына өтүп кетти. Алар ал жерлерди 4000- 5000 рублга ар жыл сайын арендага берип пайда көрүшүүдө, арендаторлор алган жерлерди кайрадан сатышууда. Кыргыздар өз жерлеринин 1 десятинасын арендага 2-2,5 рублдан алууда. Болуштуктун эли Тасма жерин кайра кайтарып берүүнү өтүнөт” [9, 2-9-бб] деп кайрылган.

Тилекке каршы, колониалдык бийлик тарабынан, ал өтүнүч-кайрылуу канаттандырылбай калган. Бирок, Баатыркан болуш кол жайып отуруп калган эмес, колониалдык бийлике каршы күрөшүн уланта берген. 1907-жылы 17-августта Жети-Суу облустук башкармалыктын Каракол уездинде жер бөлүштүрүү боюнча съезди (жыйын) өткөн. Жыйындын чакырылышына Түп жана Күрмөнтү болуштуктарынан түшкөн кайрылуу себеп болгон. Ал кайрылуу Түркстан генерал- губернаторунун жардамчысы, генерал–лейтенент Сахаровдун наамына жөнөтүлгөн болчу. Жыйынга уезд башчысы жана Күрмөнтү, Түргөн, Кеңсуу, Күнгөй-Аксуу болуштуктарынан өкүлдөр шайланып келишкен. Баатыркан Ногоев бул убакта расмий кызматта болбосо да, ал жыйынга катышып элдин таламын талашкан.

1912-ж. Түп болуштугунда кезектеги болушту шайлоо өткөрүлгөн. Шайлоого Баатыркан ажынын жана Тынтай Булакиндин партиялары катышып ат салышкан. Шайлоонун жыйынтыгында болуштук орунду Тынтай Булакиндин партиясы жеңип алган. Ошондой шартта Баатыркан ажы Тынтайдын эмгекчилдигин жактырып, шайлоонун жыйынтыгын тааныган. Ошентип, ал элдин араздашуусуна жол берген эмес. Бул окуя Баатыркан болуштун элдин ынтымагын жогору койгондугунан кабар берет. Бирок, уезддин башчысы Тынтай Булакинди кызмат ордуна бекиткен эмес. Анын ордуна Баатыркандын уулу Бука болуштука бекиген. Ал эми, 1913 – 1915 – жылдары Баатыркан ажынын небереси Бектен Букин болуш болуп кызмат өтөгөн.

Ошентип, 1916-ж. кыргыз элинин улуттук – боштондук көтөрүлүшү жана каргашалуу Улуу Үркүн окуялары башталганга чейинки мезгилде, Баатыркан Ногой уулу кыргыз элинин таламын талашып, элдин камын көрүп, алынын жетишинче, эч тайманбай Россия империясынын колониалдык бийлик өкүлдөрүнүн аткаминер - чиновниктери менен күрөшүп келген.

Кыргызстан Россия империясына 1855-1876-ж.ж. аралыгында каратылгандан кийинки мезгилде, кыргыз элинин көз карандысыз үчүн болгон көтөрүлүштөрүнүн туу чокусу болуп, албетте, 1916-ж. элдик- боштондук көтөрүлүшү болуп эсептелет. Ысык – Көл өрөөнүндөгү 1916-ж. көтөрүлүштү уюштурууда жана анын жүрүшүндө көтөрүлгөн элдин башында туруп, жол башчылык ролду аткарып, “хан” даражасына көтөрүлгөн Баатыркан Ногой уулу болгон [10, б.14]. Кыргыз элинин 1916-ж. боштондук үчүн болгон көтөрүлүшү жөндөн жөн эле чыга калган эмес. Көтөрүлүштүн чыгышына бир нече өбөлгөлөр, себептер жана шылтоолор

түздөн- түз өз таасирлерин тийгизген. Биринчиден, Россия империясынын XIX-к. 2-жарымындагы ишке ашырган колониалдык-оторчулук саясатынын натыйжасында, Түркстан крайы, анын ичинде Ысык - Көл өрөөнү таза типтеги колонияга айланган, орус падыша өкмөтү тарабынан ишке ашырылган жер, суу саясаты, кыргыз элинин жашоосуна терс таасирин тийгизген. Колониалдык бийликтин кыргыз элин өз жерлеринен ажыратуусу 5 этап менен: 1-этап, 1868-1883 - ж.ж., 2-этап, 1891-1892-ж.ж., 3-этап, 1896-1905-ж.ж., 4- этап, 1905-ж., 5- этап, 1912-1916- ж.ж. ишке ашырылган.

Статистикалык маалыматтарга таянсак, 1897-ж. эл каттоонун материалдарында Пржевальск уезддинде калктын саны 145 517 адамды түзгөн, алардын ичинен кыргыздар 128 307, келгин европалыктар 11 223, өзбектер 3151, дунгандар 2033, татарлар 844 жана 1925 башка улут өкүлдөрү жашаган [11, б. 63].

Ал эми, 1916-ж. Пржевальск уезддинде кыргыздар калктын 75,9 % түзүшүп, айдоо жерлердин болгону 33 % гана ээлешкен, ал эми келгин орус калкы калктын 24,1 % түзүп, 67 % айдоо жерлерди ээлеп алышкан. Түркстан крайына 540 миң келгин келсе, алардын 110 миңи Кыргызстандын Пишпек жана Пржевальск уезддерине келип жайгашкан. Колониалдык саясаттын ишке ашышы менен Ысык-Көл өрөөнүндө 28 келгиндердин кыштактары жана 27 хуторлору түптөлгөн. Жер шартына ылайыкташып коюлган кыргыз жер аттары: Түп - Преображенское, Ак–Суу - Теплоключенко, Байсоорун -Сазановка, Кутург- Озерно-Фольбаум, Жети -Өгүз - Высокое, Шалба - Иваницкое, Ырдык- Мааринское, Кара-Ой – Долинка, Боз - Учук – Валерианское, Ой - Тал- Алексеевка, Каракол - Пржевальск ж.б. болуп өзгөртүлгөн. 1889-ж. баштап Ысык- Көл уездди Пржевальск уездди деп атала баштаган.

Келгиндердин келиши менен уезддеги мыкты жер- суу ресурстары алардын колуна өтө баштаган. Мисалы, Күрмөнтү, Жыргалаң аймактарынан- Свято - Троицк эркектер монастрына 80-ж.ж. башында 530 десятина жер берилсе, 1897-ж. монастрдын насаатчысы – игумен Севостоян генерал- губернаторго арыз менен кайрылып 3 миң десятина жерди бөлүп берүүнү суранган, ал сураныч 1900-ж. аткарылган.

1900-ж. Крайдын генерал- губернаторунун буйругун аткарып уезд башчысы Сомов Түптөн казак- орустарга адегенде 4500 десятина, кийин жалпы аянты 21 768 десятинага барбар Тасма аймагын Жети- Суудагы казак- орус аскерине бөлүп берген. Натыйжада, 1550 түтүн кыргыз эли, эгин эге турган мыкты жеринен кол жууган [12, 2-9-бб].

Экинчиден, колониалдык бийлик жер жерлерде “ бөлүп жарып башкар “ саясатын ишке ашырып келген. Падышалык аткаминерлер бийликти байлык топтоо үчүн каалагандай пайдаланышкан. Бийлик коррупцияга малынган. Өзгөчө болуш, бийлерди шайлоо учурунда элди бөлүп жарган, пара алуу күчөгөн.

Үчүнчүдөн, колониалдык бийликтин салык саясаты жылдан жылга оорлогон. Салыктын өлчөмү жылдан жылга өсө берген. Эгерде 1865- ж. түтүн салыгынын өлчөмү 1 рубль 50 т. болсо, 1913-ж. 4 рубль, 1915-ж. 8 рублди түзгөн. Жер салыгы түшүмдүн 10 %, мамлекеттик оброк 1 десятинага 15-30 тыйын, кыймылсыз мүлк салыгы 1 рубль 50т. Мындан сырткары акциз, бажы, отун салыктары элдин жашоосун оорлоткон. 1- дүйнөлүк согуш башталганда салыктын өлчөмү 2 эсеге өскөн, Натуралдык салыктар төлөнгөн: Түркстан крайы 70 миң ат, 12 737 төө, 270 араба, 13441 боз үй ж.б. берүүгө тийиш болгон. Мануфактурадан даярдалган товарлардын баасы 270 %, нан 600 % өскөн [13, 127-138-бб].

Төртүнчүдөн, Ысык- Көлдө жерди арендага берүү массалык мүнөзгө ээ болгон. Мисалы, Күрмөнтү болуштугундагы 1099 десятина жер келгиндерге арендага берилет деген шылтоо менен тартылып алынган.

Бешинчиден, Пржевальск уезддиндеги жашаган калктын кыжырын келтирген дагы бир салыктын түрү болгон. Ал апийим салыгы болгон. Уездде 7000 десятина жерге апийим айдалган. Падышалык бийлик бир фунт апийимге 15 рублдан ашык төлөгөн эмес. Ошол эле мезгилде алып сатарлар 1 фунтка 60 сомго чейин төлөшкөн [14, 243,246,247,252-бб].

Алтынчыдан, орусташтыруу саясаты күчөгөн. Борбордук орус бийлиги тарабынан орусташтыруу концепциясы 1864-ж. Россиянын тышкы иштер министри, князь А.М. Горчаков тарабынан даярдала баштаган. Кыргыз элинин жерлерин орус жерлеринин ажырагыс бөлүгүнө айлантуу максаты коюлган. Ошол максатта Россиянын мыйзамдарын, эрежелерин акырындык менен жергиликтүү чөлкөмдөргө киргизүү, түпкү калктын динин, улуттук баалуулуктарын одоно бузбастан, акырындык менен алардын арасына орус динин, орус маданиятын жана орус менталитетин жайылтуу каралган. Аталган багыттарды ишке ашыруу үчүн колонияларда империянын социалдык таянычын түзүү максатында, Түркстанга Россиянын борбордук губернияларынан казак- орустарды, орус дыйкандарын көчүрүп келүү каралган [15, 268-271-бб].

Жогорудагы көрсөтүлгөн өбөлгө себептер 1916-ж. көтөрүлүштүн бышып жетилгендигинен кабар берет. Көтөрүлүштүн башталышына шылтоо гана жетишпей жаткан. Ал шылтоо 1916-ж. 25-июнундагы Падышанын чыгарган Жарлыгынан кийин жаралган. Жарлыкта 19-43-жашка чейинки эр-азаматтарды – согуштук-тылдык (орук) иштерине мобилизация кылуу каралган болчу [16, б.25].

Түркстан генерал губернатору өзгөчө буйрука кол коюп, 14-июлда буйрукту аткаруу боюнча Жети-Суу аскер губернаторуна телеграмма жөнөткөн. Буйрукта Пржевальск уезддинен 15520 адам орук жумуштарына алынмак ( Пржевальск участкасынан 9944, Ат-Башы участкасынан 5576). Аталган Жарлыктын чыгышы, анын аткрыла башташы жергиликтүү калкты кыжырланткан. Жергиликтүү калк орук жумуштарына баруудан баш тарта баштаган.Ошентип, Жарлык көтөрүлүштүн башталышынын шылтоосу болуп калган.

Кыргызстандын түндүгүндөгү көтөрүлүш 1916-ж. 8-августта Чүйдүн Чоң – Кемининде башталган. Ысык-Көлдүк кыргыздарга Шабдан уулу Мөкүш хандын атынан кат жөнөтүлгөн. Ал катта Чүй өрөөнүндөгү кыргыздар Пишпекке, Токмокко кол салып камап жатышканы кабарланып, Пржевальск уезддинин кыргыздарын дагы тезирээк көтөрүлүштү баштоого үндөшкөн. Ошондой эле, ал катта Мөкүш хандын туусу алдында Тоо-Суу капчыгайында жыйынга чогулушаары көрсөтүлгөн .

Ошондой шартта абалды талкуулоо үчүн, 10-августта Түптөгү Күрмөнтү болуштугунун белгилүү манаптары, бийлери Кыдырбай Түнкатаровдун үйүндө кеңешмеге чогулушкан. Преображенское (Түп) кыштагын басып алуу үчүн Шаты капчыгайы жана Арал тараптан чабуул коюу үчүн кыргыздарды үндөп, жайлоодогу элге чабарман жөнөтүшкөн. Көтөрүлүшчүлөр Преображенское кыштагына 11-августта 2 тараптан: Шаты капчыгайынан жана Арал жактан кол салышкан. Күн кеч киргенге чейин кыштакты камоого алышып, дембе-дем чабуул коюп турушкан. Ошол күнкү оор салгылашта Түп болуштугунун көрүнүктүү манабы Рыскелди Бериков баатырларча шейит кеткен.

12-августта Күрмөнтү жана Түп болуштугунда көтөрүлүштү күчөтүү боюнча жыйын өткөрүлгөн. Ал жыйынга Түп болуштугунан Баатыркан Ногоев, Ырыскелди Карачев, Дуан (Дубана) Ногоев, Максүт Мендикеев жана Бектен (Кеңсуу же Бирназар болуштугунан) катышкан. Күрмөнтү болуштугунан Ишеке Телтаев, болуш Кадырбай, Байбосун, Жайнаке, Кааба жана Кошалы Супатаевдер, Бирназар болуштугунан болуш Мырзакан Мамытов, Интей Саламатин, Орозбек Сооданбеков катышкан.

Мына ошол кеңешмеден кийин Аралга чогулган үч миңге жакын кыргыздар, 73 жаштагы Ногой уулу Баатыркан ажыны " көтөрүлүштүн башында туруп бериңиз, ата-бабалардын салтын жолдоп, хан даражасына көтөрөлүк, башчы бол, элге каран күндө карманаары бол" дешип, ак боз бээни союшуп , ант беришип, дуба окушкан, ата-бабалардан калган салты боюнча "хан" көтөрүшкөн [17, б.83].

Ошол күнү көтөрүлүшчүлөр Преображенское кыштагына кайрадан кол салышкан. Кыштакка өрт коюшкан. Бирок, алар даап кыштакка кире алышкан эмес, кыштак толук курчоодо калган. 13-августта Преображенское кыштагына Күрмөнтү болуштугуна кирген Сары-Булак айылынан келишкен көтөрүлүшчүлөр кайра чабуул коюшкан. Кол салган, чабуулга өткөн көтөрүлүшчүлөрдү башында, "хан"көтөрүлгөн Баатыркан Ногой уулу турган.

Уеззддин борбору болгон Пржевальск шаарына көтөрүлүшчүлөр 10-август күнү эле чабуул жасашкан. Пржевальск уезддинин башчысы полковник Иванов жардам көрсөтүүнү өтүнүп, Каркырадагы ротмистр Кравченкого чабарман жөнөтүүгө аргасыз болгон. Пржевальск шаарын камалоого Түптүн, Ак- Суунун эли жана Ысык - Көлдүн Тескейиндеги саяк, кыдык, желдең, бапа уруулары катышкан. 15-августа Ырдыкка жакын жерде Тескейден келген көтөрүлүшчүлөр белгилүү саяк манабы Батыркан Ырайымбек уулун, ата - бабалардан калган салт боюнча "хан" даражасына көтөрүшкөн. Алардын саны болжол менен 5000 адамды түзгөн [18, б. 52].

10-11-августта Мариинск болуштугунун дунгандары көтөрүлүшчүлөргө кошулушкан. Бул кабар 11-августта, саат 11 де падыша бийлигинен жергиликтүү бийлигине жеткен жана бул кабардын чын-төгүнүн текшериш үчүн уезд башчысы Шебалинди, бир отряд солдат менен дунгандардын айылына жөнөткөн. Аларды дунгандар ок атуу менен тозуп алышып, анан шаарга чабуул жасашкан. Көтөрүлүшчүлөрдүн бир чабуулун волонтерлор (ополчения, дружина ) араңдан зорго токтотушкан. Алардын арасында көп жоготуулар болгон. Ошол эле күнү 400дөн ашык куралданган дунгандардын чоң отряды уезд башкармалыгынын аткаминерлерине жана Ырдыктагы жазалоочу отрядга кол салышкан [19, 32-33-бб].

13-14-августта Пржевальск шаарын камаган көтөрүлүшчүлөргө Бөрү-Баш, Челпек жана Таш-Кыя айылдарында жашаган сарт-калмактар кошулган. Алардын арасынан А. Жангурчинов, О. Бакаев, Ч. Маматкулов, У. Темирбеков, С. Ходжанов, Б.Элиев, К. Кудайкулов, М. Алеев, И. Табалдиев, Б. Сарпеков, А. Адыгаев ж.б. жазалоочулар менен жан аябай салгылашкан [20, б.159].

12-августтан-15-августка чейин уезд борбору Пржевальск шаары көтөрүлүшчүлөр тарабынан курчоодо калган. Ошол учурда шаарга 10 миңден ашык топтолуп, алар шаарды коргой башташкан. Шаардын бийлиги 100 ашык эркектерге курал – жарак таркатышкан. 13-августта көтөрүлүшкө катышкан кыргыздар менен дунгандар Пржевальскидеги айыл чарба мектебинин аймагына чабуул коюшуп, ал мектепти убактылуу болсо да басып алышкан. Бирок, урядник Овчинниковдун казак-орус отряды менен көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда болгон салгылашта бир нече адам өлүп, Мариинск (Ырдык) кыштагы талкаланган [21, б.41].

14-августта Баатыркан Ногой уулу жол башчылык кылган көтөрүлүшчүлөр Санташ ашуусунда Бергдин жазалоочу отрядынын жолун тосушкан. Отряд жакындаганда көтөрүлүшчүлөр аларга кол салышкан, бирок жазалоочулар окту мөндүрдөй жаадыргандыктан көтөрүлүшчүлөрдөн 8 адам окко учкан, калгандары токойго кирип кетүүгө үлгүрүшкөн. Буктурмада тургандар тарабынан да 27 адам окко учкан [22, б.34].

15 - августтагы Отрадное кыштак аймагындагы Бергдин жазалоочу отряды менен болгон салгылашууга 800 дөн ашык көтөрүлүшчү катышкан жана ал жерде 50 гө жакын адам шейит кеткен [23, б.34].

15-августта Түптөгү көтөрүлүшчүлөр Санташ кыштагындагы келгиндерге кол салышкан жана андагы кулактардын мүлкүн олжолошкон. Жогорудагы кагылуушулардан кийин көтөрүлүштү басуу максатында бийлик шашылыш чараларды көрүүгө аргасыз болгон. Ошол күнү Түп өрөөнүнө Жаркенттен 150 жазалоочу отряд жана 52 казак-орустар жете келишкен, ал эми, 20-августта казак-орус жүздүгү жана 20-августта Ташкенттен замбирек менен куралданган жазалоочу отряд келген. Келген жазалоочу күчтөрдү Пржевальск шаарындагы коргонуп жаткандар шаардын чиркөөсүндөгү коңгуроону кагышып, аларды куткаруучулар деп тосуп алышкан [24, б.87].

18-августта Пржевальск шаарынын комендантынын буйругу менен Бергдин жазалоочу отряды Жыргалаң суусу тарапка жөнөтүлгөн. Ал жактан Түптү көздөй кеткен жолдун 18 чакырымында болгон салгылашууда 3 көтөрүлүшчү казак-орустар тарабынан өлтүрүлгөн [25, б.35].

20-августта Бергдин жазалоочу отряды менен көтөрүлүшчүлөрдүн кезектеги салгылашуусу Теплоключенко кыштагынын чеке белинде орун алган. Ок атышуу күч ала баштаганда көтөрүлүшчүлөр токойго кирип кетишкен. Бирок, Бергдин отряды ал жерден 4 чакырым узагандан кийин көтөрүлүшчүлөр отрядга кайрадан кол салышкан, бирок күч тең болбогондуктан көтөрүлүшчүлөр чоң жоготууга учурашкан [26, б.32].

21-22-августта көтөрүлүшчүлөр Пржевальск шаарындагы жүн тазалоочу ишкананы басып алышкан жана ал жактагы кампаларга өрт коюшкан. Бул жөнүндөгү кабар 23-августта бийликке жеткен. Ал жака бийлик шашылыш түрдө хорунжий фон Бергдин башчылыгы алдында 36 казак-орусту, хорунжий Угренников жана прапорщик Моргунов башкарган жазалоочу отряддарды жөнөткөн. Ал жердеги көтөрүлүшчүлөрдүн саны 4000 ге жакын болгон жана алар Мариинск кыштагынын түндүк тарабынан келе жаткан жазалоочу отряддарды каршы тосуп чыгышкан. Көтөрүлүшчүлөрдүн айрым бөлүктөрүндө көк, жашыл, кызыл түстөгү туулар болгон. Жазалоочу отряддардын тылынан көк, жашыл, кызыл түстөгү тууларды алып жүргөн көтөрүлүшчүлөр аларга кол салышкан. Жазалоочулардын каптал жагынан ак туу көтөргөн топ кол салган. Бирок, 15 казак-орустан турган отряд жана 21 казак-орустан турган отряддар менен көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда болгон айыгышкан салгылашууда 300 гө жакын көтөрүлүшчүлөр шейит кетишкен. Бул окуя жөнүндө хорунжий фон Берг: “300 гө жакын көтөрүлүшчүлөр кылыч менен өлтүрүлдү. Алардын көпчүлүгү үймөк чөптөргө, арыктарга жашынышка аракет жасашты. Бирок, алардын баарын таап өлтүрдүк. Көтөрүлүшчүлөр бул салгылашта толугу менен жеңилишти жана Көлдүн түштүгү менен Жети-Өгүз капчыгайына карай чегиништи” [27, б.37] - деп көрсөткөн.

27-28 августь күндөрү Баатыркан Ногой уулу башында турган көтөрүлүшчүлөр кайрадан Преображенское кыштагын алуу үчүн кезектеги чабуулун баштаган. Бирок, бийлик шашылыш чараларды көрүп Пржевальск шаарынын комендантынын буйругу менен Бергдин башчылыгы алдында 52 казак-орусун жардамга жөнөткөн. Бергдин жазалоочу отрядынын келиши менен жазалоочу казак-орустар чабуулга өтүшкөн. 28-августта таң эрте Берг башкарган 2 отряд, хорунжий Перемишин башкарган биринчи отряд көтөрүлүшчүлөргө каршы кезектеги чабуулун баштаган. Жазалоочулар залп менен көтөрүлүшчүлөргө каршы ок ата баштаган, натыйжада 40 көтөрүлүшчү шейит кеткен, бирок, көтөрүлүшчүлөр кайрадан күч топтоп, 2000 кол менен жазалоочуларга каршы тап коюшкан. Ошол учурда жазалоочуларга жардам берип жүрүшкөн 100 гө жакын келгин-волонтерлор корккондуктан Преображенское кыштагын көздөй качууга аргасыз болушкан. Көтөрүлүшчүлөрдүн бул чечкиндүү чабуулу, 52 казак-орустарды жана 3 волонтерду жакын жайгашкан сарайга баш калкалоого мажбур кылган. Көтөрүлүшчүлөр чабуулун улантышып, жазалоочу отряддарды

курчоого ала баштаган. Жазалоочулар жапырт ок чыгара баштаганда, көтөрүлүшчүлөр бир аз артка чегинишкен, бирок алардын чабуулу токтогон эмес. Көтөрүлүшчүлөрдүн саны 4000 жакын адам болуп, алар 4 болуштуктун тургундары болушкан. Жазалоочулар чегинүүгө аргасыз болушкан, отряд башчысы Берг качууга аракет жасап, оң канаттагы волонтерго аттарды алып келүүгө буйрук кылган. Бирок, волонтер көтөрүлүшчүлөрдүн аткан огунан көз жумган. Көтөрүлүшчүлөрдүн жан аябай салгылашкандыгынан казак-орустар артка чегинүүгө аргасыз болушкан. Ошондой оор абалга туш болгон жазалоочулар акыркы күчүн топтоп чабуулга өткөн. Мындай чабуулду күтпөгөн көтөрүлүшчүлөр 3 тарапка бөлүнүп чегине баштаган. Алардын биринчи тобу, өздөрүнүн ички тарабына, экинчи тобу оң тарапка, ал эми, үчүнчү тобу Пржевальск тарапка чегинишкен. Жазалоочулар ыңгайлуу учурду колдон чыгарбай чабуулун улантышкан. Мына ошондой баш аламан салгылашта Бергдин буйругу менен казак-орус Сердобинцев буктурмада отуруп 24 көтөрүлүшчүнү атып өлтүргөн. Өз кезегинде көтөрүлүшчү, көзгө атаар мерген 1 волонтерду өлтүрө аткан жана буйрук аткаруучу Третьяковду жарадар кылган. Ок атышууда ал мергенге ок жаңылып каза болгон. Казак-орустар каза болгон көтөрүлүшчү-мергендин жанына келишип, анын Бакачы болуштугунун №6 айылынын болушу экендигин аныкташкан. Анын кийиминен болуштук белгиси, мөөрү жана документ табылган. Ошентип, Түп өрөөнүндөгү Баатыркан Ногой уулу жол башчылык кылган элдик көтөрүлүш, тилекке каршы, өз күчүн жоготкон. Жазалоочулар менен болгон салгылашууларда көтөрүлүшчүлөрдөн 800 адам шейит кеткен, бир нече жүз адам жарадар болгон [28, б.39].

Белгилүү болгондой, 1916-.Орто-Азия жана Казакстандагы элдик-боштондук көтөрүлүштү басуу үчүн, Россия империясы Түркстан чөлкөмүнө 42 замбирек, 69 пулемет менен куралданган 14 батальон, 33 казак- орус жүздүгүн жөнөтсө, Жети – Суу облусуна 35 рота, 24 орус- казак жүздүгү жана 240 атчан чалгындоо тобун жөнөткөн. Келген жазалоочу аскер күчтөрү, казак – орустар көтөрүлүштү ырайымсыз жолдор менен басып, элди эбегейсиз кыргынга учураткан.

Көтөрүлүшчүлөр жан сактоо үчүн катаал ашууларды ашып Кытайды көздөй качууга аргасыз болушкан. Кыргыз элинин тарыхында каргашалуу Үркүн окуялары башталган. Ошол жылы кеч күздө Кытайдын чек арасынан 39 болуштуктун эли, 45 миң түтүн же 164 миң адам өткөн, анын 130 миңге жакыны кыргыздар болгон. Үрккөн элдин төрт түлүк малы олжого кетип, кыйласы ит кушка жем болгон [29, б.236].

Ошонун ичинен Пржевальск уезддинен 27 миң түтүн, Пишпек уезддинен 8 миң түтүн, Жаркен, Верный уезддеринен 10 миң түтүн эл аргасыздан өз мекенин таштап Кытайга качууга аргасыз болгон [30, б.45].

Белгилеп кетчү жагдай, ошол кездеги кыргыз – казак жакшылары, манаптар, бийлер көтөрүлүштүн долбоорун түзгөн учурда эле, эгерде, көтөрүлүш жеңилүүгө дуушар болсо элдин Кытайга өтүп кетүү жолдорун чалгындап аныкташкан. Ал жол Баатыркан ажыга жана башка алдыңкы инсандарга белгилүү болгон.

Элдин эскерүүлөрүндө Түп, Ак – Суу эли Текести карай Каркыра аркылуу үркүп, Музарт суусун азап – тозок менен кечип өтүшкөндүгү, Арайкыз – Сайкал аттуу жерге баргандыгы, үрккөн элдин бир бөлүгү Шатынын Кара – Баткак деген жерине жеткенде жазалоочу аскерлердин жете келип кыргын салгандыгы, аман калган элдин Кулжага барышы, ал жактагы оор жашоосу, Терек- Аскадагы мал – жандын кырылышы, аман калган элдин аскадагы өлүктөрдү тебелеп өтүшү, Үч-Турпан, Жаман-Сууга жетиши, элдин эпидемиядан кырылышы, Текестин Көк- Жайлоосундагы ж.б. окуялар баяндалат [31, 13-18-бб].

Ошондой оор мезгилде Баатыркан ажы Ногой уулу элдин камын көрүп, үркүп бара жаткан элге жардамын берип, Кытайга жеткен элди аралап жардам бергендиги эл оозунда айтылып келет.

Ошентип, Ысык – Көл өрөөнүндөгү кыргыз элинин улуттук – боштондук көтөрүлүшү кандуу басылгандан кийин, уезд башчысы полковник В. Иванов көтөрүлүштүн жол башчыларынын тизмесин түзүп, аларды жоопко тартууну көздөгөн. Ал тизмеде Түп болуштугундагы белгилүү инсандар, көтөрүлүш учурунда жол башчылык жана жетекчилик ролду аткарышкан: Абдула Мамутов, Баатыркан Ногоев, Рыскелди Карачев (Баатыркан ажынын иниси), Рыскелди Бериков (жакын досу), Каптагай Түркмөнов , Бектен Букин (Батыркан ажынын небереси), Байджи Исмаилов, Тынтай Булакин, Токторбай Түркменов, Исмаил Райымкулбековдун аты- жөндөрү көрсөтүлгөн [32, 165-167-бб].

Дагы бир архивдик документте Пржевальск уезддиндеги кыргыздардын көтөрүлүшүнүн башчыларынын аты- жөнү аталган. Алардын катарында :1. Сагалы Алматаев, Тоң болуштугу, 2. Сагын Ниязбеков, Семиз-Бел болуштугу, 3. Максүт Солтобаев, Куртка-Мерген болуштугу, 4. Кадыр Байсаронов, Түргөн болуштугу, 5. Райымбеков Баатыркан жана Мамыткан Жантаев, Улахол болуштугу, 6. Баатыркан Ногоев, Түп болуштугу ж.б. көрсөтүлгөн [33, б.63].

1917-ж. Россиядагы Февраль революциясынан кийин падыша тактан кулаган. Бул кабар Кытайга үркүп барган элге жеткенден кийин, алар киндик кан тамган өз жерине кайта баштаган. Баатыркан ажы Ногой уулу Россияда Октябрь төңкөрүшү ишке ашып, Совет бийлиги орногондон кийин, 1918-ж. өз жерине кайтып келген. Ал 1928-жылы Түп районундагы Сары-Дөбө айылында дүйнөдөн кайткан. Ошентип, кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал инсан – Баатыркан Ногой уулу 19-кылымдын экинчи жарымында– 20-кылымдын башында кыргыз элинин таламын талашып, оторчулук бийлик менен тынымсыз күрөшүп келсе, 1916-жылы көтөрүлүштүн учурунда “хан” даражасына көтөрүлүп жол башчылык ролду аткарган. “Үркүн” мезгилинде элдин камын көргөн жана элдин өз мекенине кайтып келишине өз салымын кошкон.

**Колдонулган адабияттар**

1. Осмонаалы Сыдыков. Мухтасар тарих кыргызиа. Тарих кыргыз Шадмания. “Турар”, Бишкек, 2014.
2. Бектенов А . Баатыркан ажы жана Ногой баатыр. “ Турар”, Бишкек, 2023.
3. ЦГА РК. ф. 44, д. 545, оп. 84, л. 432.
4. ЦГА РК. ф. 44, д. 30982, оп. 1, л. 134-140.
5. Бектенов А . Баатыркан ажы жана Ногой баатыр. “ Турар”, Бишкек, 2023.
6. ЦГА РК. ф. 44, оп. 6, д.1556, л. 9.
7. Бектенов А. Баатыркан ажы жана Ногой баатыр. “Турар”, Бишкек, 2023.
8. Бектенов А. Баатыркан ажы жана Ногой баатыр. “Турар”, Бишкек, 2023.
9. ЦГА РУз. ф. и-1, оп. 27, д. 600, л. 2-9.
10. ЦГА КР. ф. 75, оп. 1, д. 12, л. 14.
11. Первая всеобщая перепись населения Российской империи, 1897г. изд. Центр. Стат. Комитета. МВД.85. Семиреченская обл. –СПб.:1905, IV,VI, с. 52., ЦГА РУз. ф.и- 461, оп.1, д.1888, л. 63 об.
12. ЦГА РУз. ф. И-1, оп.27, д. 600, л. 2-9.
13. Усенбаев К. Восстание 1967года в Киргизии. Ф., 1967.

14. Маджун Д.С. Восстание 1916г. в контексте международных отношений в Центральной Азии и участие в нем дунган //Илимий эмгектер. Монографиялар. Эскерүүлөр. 1-китап.Б.: “Кут-Бер”, 2016.

15. Кененсариев Т. Улуу көтөрүлүшкө себеп болгон жагдайлар // Үркүн. Кылымдар унуткус кыргын. “Турар”, Бишкек, 2017, 268-271-б.б.

16. Восстание 1916г. в Средней Азии и Казахстане. 1960.

17. ЦГА КР.ф.75, оп. 1, д. 12. л. 14., Шейшеканов Т. 1916-жыл: Ысык-Көлдөгү Азаттык көтөрүлүшү//Илимий эмгектер. Монографиялар. Эскерүүлор.Б.: “Кут-Бер”, 2016.

18. Шейшеканов Т. 1916-жыл: Ысык-Көлдөгү Азаттык көтөрүлүшү//Илимий эмгектер. Монографиялар. Эскерүүлор.Б.: “Кут-Бер”, 2016, 83-б., Шейшеканов Т. Көлдөгү көтөрүлүш. “Архи”, Бишкек, 2003.

19. Шейшеканов Т. Көлдөгү көтөрүлүш. “АРХИ” Иновациялык борбору. Бишкек, 2003.

20. ӨмүрбековТ.Н.Участие народностей Семиречья в национально-освободительном движении в начале XX в. (1900-1917 гг.).- Диссертация на соиск. уч.степ. к.и.н., Алматы, 1986.

21. 1916-жылкы көтөрүлүш. Бишкек, 1996, 52-б., ШейшекановТ. Көлдөгү көтөрүлүш. “Архи”, Бишкек, 2003.

22. ЦГА КР. ф.75, оп.1, д.11, л.34.

23. ЦГА КР. ф.75, оп.1, д.11, л.34.

24. ЦГА РУз. ф.1, оп.31, д.1138а, л.52., Шейшеканов Т. 1916-жыл: Ысык-Көлдөгү Азаттык көтөрүлүшү//Илимий эмгектер. Монографиялар. Эскерүүлор.Б.: “Кут-Бер”, 2016.

25. ЦГА КР. ф.75, оп.1, д.11, л.35.

26. Там же, л.32.

27. ЦГА КР. ф. 75, оп. 1, д. 11, л.37.

28. ЦГА КР. ф. 75, оп. 1, д. 11, л. 39.

29. Усенбаев К. Восстание 1916 года в Киргизии. Ф.,1967.

30. Кыргызстандагы 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн 100жылдыгына карата арналган тарыхий баа жана илимий-методологиялык колдонмонун материалдары. Бишкек, 2016.

31. Уркун. Кылымдар унуткус кыргын. “Турар”, Бишкек, 2017.

32. ЦГА КР. ф. 34, оп.2, д.5, л.165-167.

33. ЦГА РУз. ф. И.-461, оп. 1, д.1888, л.63 об.

**Рецензент: т.и.к., доцент Жумалиева С.**

УДК:94:303446.4(575.2)(04)

**Шейшеканов Т.Б.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Шейшеканов Т.Б.**
КНУ имени Ж.Баласагына
**Sheyshekanov T.B.**
KNU J. Balasagyn

# КАСЫМААЛЫ АЖЫ МАМБЕТ УУЛУ 1916-ЖЫЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШТҮН ЖЕТЕКЧИСИ

# КАСЫМААЛЫ АЖЫ МАМБЕТ УУЛУ РУКОВОДИТЕЛЬ ВОССТАНИЯ 1916-ГОДА

# KASYMALY AZHY MAMBET UULU LEADER OF THE 1916-UPRISING

**Кыскача мүнөздөмө:** Ички-Теңир тоодогу 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүштөгү көрүнүктүү жетекчилердин бири Касымаалы Мамбет уулу болгон. Касымаалы ажы 1862-ж. Куланак айылынын Ак-Булуң деген жеринде жарык дүйнөгө келген. Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарындагы элдин оор абалын Касымаалы жакшы түшүнгөн, падышанын Жарлыгында көрсөтүлгөн талаптарды аткаруудан баш тарткан жана өзүн эл тарабында экендигин көрсөткөн. Көтөрүлүш башталганда Касымаалы Нарын аймагындагы көтөрүлүштү жетектеп, Көк-Артты ашып келүүчү жазалоочулардын жолун бөгөө жоопкерчилигин алган. Бирок, жазалоочу аскерлердин көбөйүшү менен Касымаалы ажы элди бөөдө кыргынга учуратпайын деген максатта, Шатен жана Черик болуштугундагы 900 түтүн эл менен Кытай тарапка ооп кеткен. Касымаалы ажы Кытайга качып барган элдин камын көргөн. Колониялык бийлик алдоо жолу менен Кытайдан кайткан Касымаалыны колго түшүрүп Нарын гарнизонунда даргага аскан.

**Аннотация:** Касымаалы ажы Мамбет уулу является одним из видных руководителей национально-освободительного восстания в 1916 года в Нарынской зоне. Касымаалы ажы родился в 1862 году селе Куланак в местечке Ак-Булун. Касымаалы ажы хорошо понимал тяжелое социальное положение народа в период первой мировой войны и выступил против царского Указа о мобилизации на тыловые работы. Когда началось восстание, он стал руководителем и боролся против прихода карателей из района Кок-Арта. После прихода карателей он был вынужден уйти в Китай вместе с 900 семей из Шатенского и Черикчинской волостей. В Китае Касымаалы заботился о народе. Касымаалы ажы обманным путем был задержан и был повешен в Нарынском гарнизоне.

**Abstract:** Kasymaly azhy Mambet uulu is one of the prominent leaders of the national liberation uprising in 1916 in the Naryn zone. Kasymaly azhy was born in 1862 in the village of Kulanak in the town of Ak-Bulun. Kasymaly azhy understood the difficult social situation of the people during the First World War and spoke out against the Tsar's Decree on mobilization for rear work. When the uprising began, he became a leader and fought against the arrival of punitive forces from the Kok-Art region. After the arrival of the punitive forces, he was forced to leave for China along with 900 families from the Shatensky and Cherikchinsky volosts. In China, Kasymaly took care of the people. Kasymaly azhy was detained by deception and hanged in the Naryn garrison.

**Негизги сөздөр:** көтөрүлүш; болуш; жазалоочулар; жарлык; эл; Кытай; согуш.
**Ключевые слова:** восстания; волостной; каратели; указ; народ; Китай; война.
**Keywords:** uprisings; volost; punitive forces; decree; people; China; war.

Кыргыз элинин Ички-Теңир тоодогу 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүшүндөгү көрүнүктүү жетекчилердин бири Касымаалы Мамбет уулу, элге алынган, таанымал белгилүү манап болгон. Касымаалы ажы 1862-ж. Куланак айылынын Ак-Булуң деген жеринде жарык дүйнөгө келген. Анын ата-теги, элге кылган кызматы жөнүндөгү маалыматты Осмонаалы Сыдыков "Мухтасар тарих Кыргызиа" аттуу эмгегинде: ... Эсенгулдан Ниязбек, Ниязбектен сегиз бек: Бердибек, Бердикожо, Субан, Ормон хан, Ажы, Шатен, Кожобек, Ырыскулбек, Шатенден Качы, Качыдан Мамбет, андан Касымаалы ажы, Эсенкул балдарынан, дин,

милдетке кызмат кылып, мал-жанын сарп кылган жалгыз ушул. "Балдарын илим жолуна жүргүзүп, күндөн күнгө кудайга пенделик кылып, 5 000 рублга калк үчүн медресе салдырып, балдарын окутуп, кызмат кылып, акырет азыктарын алган, бул дүйнөнүн жалгандыгын билген, "замандын акыбалынан кабардар болсом" деген — Мамбет ажы уулу Касымаалы ажы. Анын уулу — Айдараалы. Молдо Касымаалы ажы төрт болуш [1, 39–100-бб.] деп көрсөткөн." Ошентип, Касымаалы ажы теги боюнча Ормон хандын Шатен деген инисинин небереси Мамбеттин уулу болгон [2, б.108]. Касымаалы жаш кезинде эле эл аралап, элге тааныла баштаган. Ал, 1912-ж. чейин 12 жыл удаа-удаа болуш болуп шайланып элге кызмат кылган. Касымаалы ажы өзүнүн жоомарттыгы, сарамжалдуулугу, кайрымдуулугу, чечендиги менен чоң абройго ээ болгон. 1905-жылы Нарын өрөөнү боюнча биринчи чоң мечитти Куланакка салдырган. Кийин чоң каражат берип чыгыш архитектура үлгүсүндө медресе салдырып, балдарга билим бердирткен. Касымаалынын Кара-Булуңдагы медресесине тегине карабай, билимге умтулган балдарды окутууну колго алган. Казандагы Галия жогорку медресесин бүтүргөн уулу Айдараалы, Молдо ажы Агыбай молдо, аалым Тайыр медреседе дарс окушкан. Ошол медреседен билим алышкан Абдылда молдо Аралбаев, Эшбай молдо Токсобаев, Сарба молдо Осмоналиевдер кийин алгачкы мугалимдерден болуп калышкан.

XX кылымдын башында Орус падышасынын оторчулдук эзүүсү күчөгөн мезгилде, өзгөчө биринчи дүйнөлүк согуш учурундагы элдин наразычылыгы жана алгачкы толкундоолор башталган учурда, Касымаалы белгилүү манап, болуштар менен байланышып абалды талкуулап турган. Июль айынын аягында Касымаалыга Шабдан уулу Исамүдүндүн жигити Бугубай жашыруун келип, Олуя-Ата, Алматы, Жаркен, Капал, Лепси казактары, Чүй, Ысык-Көл кыргыздары орус-герман согушуна уулдарын жибербей көтөрүлүүгө даярданып жатышканын кабарлап, Нарын, Ат-Башыдагы жагдайдан маалымат алып, Жети-Суу облусуна кирген уезддерде орук жумуштарына алуу жөнүндөгү падышанын Жарлыгына каршы толкундоолор болуп жаткандыгын жана кыргыз манаптары көтөрүлүшкө даярданып, долбоор иштеп чыккандыгын кабарлаган. Жалпы элдин ишин колдоого ниеттенген Касымаалы ажы элин ар кандай абалга даяр болууга камындырып турган [3, 127-129-бб].

Көтөрүлүштүн катышуучусу Аралбаев Абдылданын ( 1879-ж.т.) эскерүүсүндө: " Июль айынын орто чени эле, Касымаалы, Калпа, Казы деген, дагы бир топ болуштарды Нарынга чакыртып кетет. ( Нарын участкасынын башчысы Т.Ш Хахалев чакырткан.) Алар кайра келгенде эл арасына Касымаалы солдат берүүгө макул болуп келиптир, барганда да баягы эле атка жеңил, тайга чак шордуу кедейлер барат экен деген кабар, ким таратканы белгисиз, кулактан кулакка тарап жатты. Бир күнү старчын элди чогултуп, аскер берүүнү сунуш кылып жарыя кылды. Эл наразы боло баштады, "... Абдылас аттуу жашы 70 тен өтүп калган буурул сакал абышка чыгып, хан теңдиксиз болсо калкта наразылык көп болот. Ал наразылык элдин улуу толкунуна айланат. Балким азыр ушундай окуя болуп жаткандыр, аны биз кайдан билебиз. Акылыңардан адашпагыла мырзалар - азыр баланы ата тыйчу заман көрүнбөйт. Алар бирөө үчүн өлүмгө барбайбыз, кармашып жатып өлөбүз деп жүрүшөт " –деди. Старчын минген ара боз атын ойноктотуп, "шашпагыла кагыраган какмарлар" деди да, колун тиги токойдун ары жагындагы болуштун үйүн көздөй шилтеди да жүрүп кетти, биздин айылда мен сыяктуу аскерге бара тургандардын саны 100 гө жакын эле" [4, 441-442-бб.] - деп эскерген. Ал эми, көтөрүлүштүн катышуучусу Бердибаев Эшмураттын эскерүүсүндө (1870-ж.т.): "Касымаалы Куланактагы үч уруу элдин болушу болчу. Канааттын орус падышачылыгына каршы көтөрүлүүгө жиберген элчисинин иши оңунан чыкпайт, себеби, элдин көпчүлүк катмарынын кандай кан төгүүгө болсо да каршы экендигин көргөндөн кийин, ал унчукпай, жооп бербей коюу менен кутулат. ( Бул жерде Канаат хандан

Касымаалыга чабармандын келиши жөнүндө сөз болуп жатат).” Касымаалыга караган болушта элдин падыша өкмөтүнө жана жергиликтүү бай-манаптарга каршы наразылыгы күчтүү болгондуктан, солдатка бара турган жаштагы балдардын, элдин түрүн көргөндөн кийин Касымаалы мурунку өкүм-зордукка салууну, такыр унутуп, өзүн эл тарабында көрсөтүп, уезд начальнигине солдатка баруучулардын тизмеси берилбейт деп чыкты ” [5, б.444] - деп көрсөткөн.

Демек, Касымаалы өз болуштугундагы элдин оор абалын жакшы түшүнгөн, падышанын Жарлыгында көрсөтүлгөн талаптарды аткаруудан баш тарткан жана өзүн эл тарабында экендигин көрсөткөн. Ошол мезгилдеги Куланактагы элдин социалдык абалын Казаболотов (1879-ж.т) өз эскерүүсүндө: “ал заман бей-бечаранын канын сүлүктөй соруп, малдуунун малын коруп туруучу заман эле, жокчулук бизди жалтак, коркок кылып тарбиялаган. Ак падышанын улуу урматынан деп камчы үйрүп старчын, болуштар салык жыйнаганы келсе, үстүнө үйрүп салаар кийими жок аялың көзүнүн жашын төксө, атакелеп жүрөктүн арылгыс дартын козгоп балаң боздочу... Орус империясы Германия менен согушуп жатыптыр деген кабар, айыл үстүнө учуп келип жатты. Бул кедейлерге түшкөн зор түйшүк болду. Тон, кол кап, жараган аттар согушка, ак падышанын улуу урматына деп алынып турду. Старчын-болуштар “ Самарканддан саман учту десе, сапырылып жоо келе жатат ” деп үч эсе өндүрүп алып турду, булар аздык кылды. 1916-жылы июль айынын аяк ченинде 18-40 жашка чейинки эр бүлөнү солдатка алат экен деп уктук. Бул кабар эл океанын толкуткан, чыгыштан жүргөн күчтүү шамал болду да калды. Согуштун азап-тозогун мойнуна тарткан, ала барчындын кош текөөрүндө жаткан эл, акыры күчүн жыйнап, бул кордукка өзүнүн чыдабай турганын далилдегиси келди” [6, 439-440-бб] – деп эскерген. Чындыгында эле, 1914-ж. башталган дүйнөлүк биринчи согуш падышалык Орусиянын чет жактарында жашаган, оторчулук эзүүдөгү элдердин жашоосун өтө оорлоткон. Падышанын орук жумуштарына алуу боюнча чыгарган Жарлыгына каршы Кыргызстандын баардык аймактарында элдин наразычылыгы күчөп, толкундоолор башталган. Мындай оор кырдаалда Касымаалы ажы эл тарабында болууну чечкен.

Аралбаев Абдылданын (1879-ж. т.) эскерүүсүндө: «Күн өткөн сайын шумдуктуу кабарлар эл ичине тарай берди. Казактар ак падышага каршы чыгып, урушуп жатыптыр; өзбектер жаңы Кокон хандыгын түзгөн имиш. Ал эми кыргыздарчы? Пишпекте орус бийлиги кулатылып, Канаат өзүн хан жарыялаган экен... Тез эле бул шумдуктар Куланак өрөөнүнө жайылып кетти». Эдибай мерген өзүнүн сөзүн уккан аскер жашындагы жигиттерди чогултуп тоого чыгып кетти. Биздин ага кошулалы деген үмүтүбүз таш капты. Касымаалы жол тостуруп койду деген кабар чыкты. Көп узабай эле аскерге катталган балдардын тизмеси уездге кетиптир деп уктук. Эл толкуну күчөй берди, бийлерди чакыртып, тизмеге мөөр бастырат экен деген кабар тарады. Солдатка баруучулардын бийлерди аңдуусу башталды. Ошентип, бий, болуштар сыртка чыга албай калды, аларды эл токтотту. Бул иш орундалбай калды. Анткени Нарында көтөрүлүш чыгып, уезд башчысынын Нарындагы өкүлү Какилов ( Хахалев. Т.Ш.) жыйырма төрт солдат менен качып кетти. Жол кесилип ташталды. Эдибай мергендин жигиттери шайтан көпүрөнү өрттөп ( Нарындан 20 км. алыс жерде Ат-Башы өрөөнүнөн агып келе турган сууга салынган) жиберди ” [7, 441-442-бб] – деп эскерген.

Ошондой мезгилде аймактагы башталган көтөрүлүштү жетектөөгө элдин ишенимине арзып, элди баштай ала турган инсан – бул Касымаалы ажы болгон. Нарын аймагындагы боштондук көтөрүлүшүн жетектеп, Көк-Артты ашып келүүчү жазалоочулардын жолун бөгөө жоопкерчилиги Касымаалы ажы Мамбет уулуна буйрулат. Батыштан келүүчү куралдуу аскер бөлүктөрүнүн жолун бөгөө үчүн өңүттүү буктурмаларды ээлеп, кууш капчыгайлардын эки

жагынан таш кулатып жазалоочуларга кыргын салуучу өңүттөрдү даярдаган Касымаалы ажынын жоокер жигиттери кам үстүндө турушкан [8, б.19].

Белек Солтоноев Касымаалы ажынын көтөрүлүштү толук колдоого алгандыгы жөнүндө: " Нарындан көтөрүлүшкө дили менен кошулган Касымаалы Мамбет уулу, Чолук, Кудайберген, Атабек, Сарыбагыш молдо жана бүткүл ажы эли" [9, б.154] – болду деп белгилеген.

Көтөрүлүштүн катышуучусу Аралбаев Абдылданын эскерүүсүндө: "Эл дөгүшүп турган мезгилде, Анжиyандан келе жаткан 2000 аскер Көк-Артты ашып түшүптүр деген кабар тарады. Эдибай күнү-түнү Нарындан келүүчү жолду тостуруп жатты. Бирок, ал айыл арасындагы кабардан алыс болуп, Көк-Арттан 100 аскер келе жатканын билген жок. Кокусунан куралдуу отрядга туш болуп, атышып жатып ок жаңылып өлдү " [10, 441-442-бб] - деп эскерген. Ички-Теңир тоолук кыргыздардын азаттыкка умтулган боштондук көтөрүлүшүн басуу үчүн, орус оторчулук бийлиги, бул аймакка Жети-Суу казак-орустарынын үчүнчү полкунун, башында есаул Булучев турган жүздүгүн Он-Арча (Тынымсеит), Ажы, Субан, Шатен, Моңолдор, Шаркыратма, Черик айылдарындагы көтөрүлүшчүлөрдү басууга жөнөтөт. Оренбург казак-орустарынын полковник Бобров жетектеген алтынчы полку Намангандан Көгарт аша келип, Атайкеде көтөрүлгөн кыргыздарды канга бойойт. Есаул Кохановскийдин жүздүгү Молдо ашуусу менен Соң-Көлдү жээктеп Жумгал, Кочкор өрөөндөрүндөгү көтөрүлүшчүлөргө сокку урат. Есаул Скобелевскийдин жүздүгү Суук капчыгай өрдөй Орто-Сырт, Чалк-Өйдө, Ат-Башы өрөөндөрүнө өтүп, Таш-Рабат, Торугарт ашууларына бет алып көтөрүлүшчүлөрдөн өч ала баштайт.

Тилекке каршы, жогоруда көрсөтүлгөн жазалоочу отряддардын келиши менен, өрөөндөгү азаттык үчүн болгон көтөрүлүш өз күчүнөн тайып, төмөндөй баштайт. Ошондой оор шартта калгандыгына карабай, Куланактык эр азаматтар Момунаалы жана Бопунаалы орустардан өч алабыз деген максатта, почта менен келе жаткан эки орусту өлтүрүшөт. Бул кабар Касымаалы ажыга жетээри менен, элди бөөдө кыргынга учуратпайын деген максатта, Шатен жана Черик болуштугундагы 900 түтүн эл менен бирге Кытай тарапка ооп кеткен. Бул окуя жөнүндө есаул Булычевдин уезд башчысынын атына жөнөтүлгөн телеграммасында: "28-августа, 1916 года 900 кибиток Шатеновской волости, половина Чериковской волости перекочевали в Китай " [11, б.137] - деп көрсөтүлгөн.

Касымаалы ажы Кытайга качып барган элдин абалын сурап, иниси Шераалы ажы менен бирдикте Кытай улуктары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп элдин камын көрөт. Касымаалы ажы Кашкарда жүргөн учурда Нарын участкасынын башчысы Хахалев ажынын үч ата өткөн, Казы болуш аркылуу Черик Мааке баштаган кишилерди жиберип: "Кайра келсин, ак падыша алдында мурда өтөгөн кызматтары үчүн кечирим беребиз" –деп алдап чакыртат. Ал ишенип эли менен Торугартты ашып түшкөндө, күтүп турган казак-орустар, Касымаалынын өзүн, Чоткара бийди, болуш болгон уулу Орунаалыны, болушка талапкер уулу Акимаалыны жана эки бир тууган Момунаалы менен Бопунаалыны туткундашат.

Бул окуяны Белек Солтоноев: "Кашкардагы чоң-багыштын жеринде турганда артынан Эсенгулдун Манай казы, Чокоев киши жиберип "силерге өлүм жок " деп , кайтадан көчүрүп алган. Касымаалынын бир баласы, бир жолдошу менен Нарындык аймак башчысы Ковлев чакыртып алып, набактыга камап коюп, бир нече күндөн кийин дарга тарткан. Кайта келген 200 түтүндөн чыгым болдук деп, көп мал-мүлкүн алган. Токтооку деген 50 түтүн бир урук айылдан миңге жакын кой жана айгыр, аттарды алган" [12, б.177] - деп баяндаган.

1916-ж. 30-ноябрындагы Е. А Хахалевдин берген көрсөтмөсүндө: " В настоящее время киргизы отдельными юртами, а иногда и массами, возвращаются тайно на свои места.

Главная же масса остается со своими главарями в Китае. Причиной здержки возвращения всех киргиз является боязнь главарей, восстания возмездия русских властей, которые (главари) удерживают и массу бедноты. Если бы удалось изъять главарей восстания, то киргизы немедленно возвратились бы, даже несмотря на трудности пути в зимнее время. Киргизы в настоящее время гибнут в Китае от холода и голода. То же происходит и с их скотом. Возвращаются киргизы почти без скота. Из главарей восстания казнены в Нарыне выданные киргизами: 1. Касымалы Мамбетов, 2. Уруналы Мамбетов, и три простых киргиза (ф.н) за убийство трех упомянутых семейств. О задержании кого-либо из Шабдановых сведений нет" [13, 217-217-бб] – деп көрсөткөн. Чындыгында эле, Касымаалы Мамбет уулун жзалоону көздөгөн Пржевальск уезддинин Нарын аймагынын башчысы Хахалев Ат-Башыдагы кадырлуу кыргыздарды Кытайга Касымаалыга жиберип: "кайра келсин, ак падыша алдында мурда өтөгөн кызматтары үчүн кечирим беребиз "- деп алдайт. Ага ишенип кайтып келген Касымаалы ажыны 1916-жылдын 26-сентябрында Нарын гарнизонунун түрмөсүнө камаган. Орунаалы Касымаалы уулу, анын жан жолдошу Чоткара Барман уулу, Момунаалы, Бопунаалы деген эки жигити, бешөө чогуу камалган. 1916-жылдын 14-октябрында Касымаалы Мамбет уулу, Орунаалы Касымаалы уулу, Чоткара Барман уулу жана эки жигити Нарын гарнизонунда даргага асып өлтүрүлгөн [14]. Ошентип, Нарын аймагындагы кыргыз элинин азаттык үчүн жасаган көтөрүлүшүнүн көрүнүктүү жетекчиси Касымаалы ажы Мамбет уулу Россия империясынын жазалоочулары тарабынан курман болгон.

## Колдонулган адабияттар


1. Осмонаалы Сыдыков. Мухтасар тарих кыргызиа. Тарих кыргыз Шадманиа. Б.: "Турар", 2014.

2. Жолдошов Р. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн жетекчилери жана кыргыз манаптарынын орду //16-916-2016. Улуттук-боштондук көтөрүлүштүн жана Улуу Үркүндүн өчпөс тарыхы. Борбодук Азиядагы жана Кыргызстандагы 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн 100 жылдык маарекесине арналган эл-аралык илимий-тажрыйбалык жыйындын материалдары. Бишкек, 2016.

3. Токтоналиев Ж. Касымаалы ажынын эрдиги жана арманы // Үркүн-100 : Кылымдар унуткус кыргын. Б.: "Турар", 2017.

4. Аралбаев Абдылданын эскерүүсү //Илимий эмгектер. Монографиялар. Эскерүүлөр. 2- китеп. Б.: " Кут-Бер", 2016.

5.Бердибаев Эшмураттын эскерүүсү // Илимий эмгектер. Монографиялар. Эскерүүлөр. 2- китеп. Б.: " Кут-Бер", 2016.

6. Казболотовдун эскерүүсү // Илимий эмгектер. Монографиялар. Эскерүүлөр. 2- китеп. Б.: " Кут-Бер", 2016.

7. Аралбаев Абдылданын эскерүүсү //Илимий эмгектер. Монографиялар. Эскерүүлөр. 2- китеп. Б.: " Кут-Бер", 2016.

8. Токтоналиев Ж. Касымаалы ажы 1916-жылкы көтөрүлүштүн чыгаан жол башчыларынын бири// 1916-жыл: Азаттык көтөрүлүшү. " Бийиктик", Бишкек, 2012.

9. Солтоноев Б. 1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшү // Үркүн. Тарыхый-даректүү очерктер. Б., 1993.

10. Аралбаев Абдылданын эскерүүсү //Илимий эмгектер. Монографиялар. Эскерүүлөр. 2- китеп. Б.: " Кут-Бер", 2016.

11.Токтоналиев Ж. Касымаалы ажынын эрдиги жана арманы// Үркүн-100: кылымдар унуткус кыргын. Б.:, “Турар”, 2017.
12. Солтоноев Б. 1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшү // Үркүн. Тарыхый-даректүү очерктер. Б., 1993.
13. ЦГА КР. ф.34, оп.2, д.5, л. 217-217 (об).
14. ЦГА КР. О ликвидации беспорядков в Нарынском участке, д.№32.

**Рецензент: т.и.к., доцент Асанов Т.**

## Сведения об авторах

**Азамат кызы А.** — магистрант кафедры Археологии, этнологии, источниковедение и историографии Института истории и регионоведения, КНУ им.Ж.Баласагына.

**Алимова Б.М.** — к.и.н., доцент кафедры истории стран Европы и Америки Института истории и регионоведения КНУ им.Ж.Баласагына.

**Амирбек кызы Г.** — преподаватель кафедры истории Кыргызстана Института истории и регионоведения КНУ имени Ж. Баласагына.

**Арстанов С.А.** – к.и.н, доцент кафедры истории Кыргызстана и археологии, этнологии ОшГУ.

**Асипбаева М.Б.** — к.и.н, доцент кафедры истории стран Азии и Африки Института истории и регионоведения КНУ имени Ж. Баласагына.

**Бедельбаев А.** — к.и.н., профессор кафедры истории Кыргызстана Института истории и регионоведения КНУ имени Ж. Баласагына.

**Бообек уулу Б.** – соискатель Института истории и регионоведения КНУ имени Жусупа Баласагына.

**Жалиева Б.С.** — к.и.н, доцент кафедры истории стран Азии и Африки Института истории и регионоведения КНУ имени Ж. Баласагына.

**Жаамбай уулу Б.** – магистрант историко-юридического Института ОшГУ.

**Жолдошов Р.** — к.и.н., доцент кафедры истории Европы и Америки Института истории и регионоведения КНУ имени Ж. Баласагына.

**Жумалиева С.Ч.** — к.и.н., доцент кафедры Археологии, этнологии, источниковедение и историографии Института истории и регионоведения, КНУ им.Ж.Баласагына.

**Исмаилова А.Б.** – старший преподаватель Кыргызского государственного технического университета имени И.Раззакова.

**Кадыралиева М.К.** — преподаватель кафедры Археологии, этнологии, источниковедение и историографии Института истории и регионоведения, КНУ им.Ж.Баласагына.

**Каныбек кызы С.** — студентка 3-курса исторического профиля Сулюктинского гуманитарно-экономического Института имени А. Машрабова Баткенского государственного университета.

**Курбонов А. Д.** — к.и.н., профессор кафедры филологического и педагогического образования Сулюктинского гуманитарно-экономического Института имени А. Машрабова Баткенского государственного университета.

**Кутманалы кызы М.**— студентка кафедры истории Кыргызско-Турецкого университета «Манас».

**Майнашова У.А** — магистрант кафедры Археологии, этнологии, источниковедение и историографии Института истории и регионоведения, КНУ им.Ж.Баласагына.

**Мамытова А.Б.** — к.и.н., доцент кафедры истории Кыргызстана Института истории и регионоведения КНУ им.Ж.Баласагына.

**Молдокасымов Кыяс Сатарович** - Заслуженный деятель культуры КР, председатель фонда “Мурас” при Аппарате Президента КР.

**Муртазаева Э.Н.** — студент гуманитарного факультета Кыргызско-Турецкого университета "Манас".

**Назирова К.Б.** — студентка исторического профиля Сулюктинского гуманитарно-экономического Института имени А. Машрабова Баткенского государственного университета.

**Сапаралиев Д.Б.** – к.и.н., профессор кафедры Истории Кыргызстана и Зарубежного Востока Бишкекского государственного университета имени К.Карасаева.

**Сатимкулова М.А.** — старший преподаватель кафедры истории Кыргызстана Института истории и регионоведения КНУ имени Ж. Баласагына.

**Ташалиева М.М.** — к.и.н., доцент кафедры истории и философии Кыргызско-Узбекского Международного университета имени Б.Сыдыкова.

**Токтосунов Т.Ж.** – преподаватель кафедры регионоведения и кыргызоведения Института истории и обществознания.

**Толобаева Э.А.** — к.и.н., доцент кафедры истории Кыргызстана Института истории и регионоведения КНУ имени Ж. Баласагына,

**Тууганбаев А.К.** — магистрант кафедры Археологии, этнологии, источниковедение и историографии Института истории и регионоведения, КНУ им.Ж.Баласагына.

**Умарова Р.Т.** — старший преподователь кафедры истории и философии Кыргызско-Узбекского Университета имени Б.Сыдыкова.

**Чодолдоева Г. Ж.**—к.и.н., доцент кафедры истории стран Азии и Африки Института истории и регионоведения КНУ имени Ж. Баласагына.

**Шаршенова М.К.** — магистрант кафедры Археологии, этнологии, источниковедение и историографии Института истории и регионоведения, КНУ им.Ж.Баласагына.

**Шейшеканов Т.Б.** — к.и.н, доцент кафедры истории стран Азии и Африки Института истории и регионоведения КНУ им. Ж.Баласагына.

**Эсенбаева А.С.** — старший преподаватель кафедры истории стран Европы и Америки Института истории и регионоведения КНУ им.Ж.Баласагына.

Содержание

Асипбаева Майрамкүл ........ 7
УСТАТЫМ ТОКТОРБЕК НАМАТБЕКОВИЧ – ЗАЛКАР ИЛИМПОЗ ЖАНА УЛУУ ПЕДАГОГ ........ 7
Молдокасымов Кыяс Сатарович........ 12
АГАЙЫМ ТУУРАЛУУ АЛГЫ СӨЗ ........ 12
Алимова Б.М., Эсенбаева А.С. ........ 16
СССРДЕГИ ИЛИМ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯ ТАРМАГЫНДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР (1930-1950-ЖЫЛДАР)........ 16
ДОСТИЖЕНИЯ В ОБЛАСТИ НАУКИ И ТЕХНОЛОГИЙ В СССР (1930–1950-Е ГОДЫ). 16
ACHIEVEMENTS IN SCIENCE AND TECHNOLOGY IN THE USSR (1930–1950) ........ 16
Амирбек кызы Г., Мамытова А.Б., Толобаева Э.А., Сатимкулова М.А. ........ 24
КЫРГЫЗСТАНДЫН МАДАНИЯТЫ УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА ........ 24
КУЛЬТУРА КЫРГЫЗСТАНА В ГОДЫ ВЕЛИКОЙ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ ВОЙНЫ ........ 24
CULTURE OF KYRGYZSTAN DURING THE GREAT PATRIOTIC WAR........ 24
Арстанов С.А., Жаамбай уулу Б. ........ 31
КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙЫЛ КООМУНУН ТРАНСФОРМАЦИЯСЫ (1920–30-жж.)........ 31
ТРАНСФОРМАЦИЯ СЕЛЬСКОГО ОБЩЕСТВА КЫРГЫЗСТАНА (1920–1930-гг.)........ 31
TRANSFORMATION OF RURAL SOCIETY IN KYRGYZSTAN (1920S–1930-s)........ 31
А.Бедельбаев........ 36
КЫРГЫЗСТАНДА ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН ЖАРАЛЫШЫНЫН ТАРЫХНААМАСЫНА ПРОФЕССОР Т.КЕНЕНСАРИЕВДИН КОШКОН САЛЫМЫ........ 37
ВКЛАД ПРОФЕССОРА Т. КЕНЕНСАРИЕВА В ИСТОРИОГРАФИЮ СТАНОВЛЕНИЯ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА В КЫРГЫЗСТАНЕ ........ 37
CONTRIBUTION OF PROFESSOR T. KENENSARIEV TO THE HISTORIOGRAPHY OF THE FORMATION OF ENTREPRENEURSHIP IN KYRGYZSTAN ........ 37
Бообек уулу Б., Токтосунов Т.Ж. ........ 41
ОРТО ТҮРК АДАБИЯТЫНЫН ИРИ ӨКҮЛҮ КУЛ КОЖО АХМАТ ЯССАВИ ЖАНА АНЫН XIX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ ЗАМАНАЧЫЛ АКЫНДАРЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ ........ 41
ПРЕДСТАВИТЕЛЬ СРЕДНЕТЮРКСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ КУЛ ХОДЖА АХМАД ЯССАВИ И ЕГО ВЛИЯНИЕ НА КЫРГЫЗСКИХ ПОЭТОВ-СОВРЕМЕННИКОВ XIX ВЕКА........ 41
THE PROMINENT REPRESENTATIVE OF MIDDLE TURKIC LITERATURE KUL KHOJA AHMAD YASSAWI AND HIS INFLUENCE ON 19TH-CENTURY KYRGYZ CONTEMPORARY POETS........ 41
Жалиева Б.С., Асипбаева М.Б., Чодолдоева Г.Ж........ 46
ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРИНИН КЫЗМАТТАШТЫГЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ........ 47
ЭКОНОМИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ СОТРУДНИЧЕСТВА ТЮРКСКИХ ГОСУДАРСТВ ........ 47
ECONOMIC ASPECTS OF COOPERATION OF TURKIC STATES ........ 47
Жолдошов Р........ 52
АДИГИНЕ-ТАГАЙ УРУУЛУК КОНФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН XVIII КЫЛЫМДАГЫ ЖАЗМА БУЛАКТАРДА ЧАГЫЛЫШЫ ........ 52
РОДО-ПЛЕМЕННОЙ КОНФЕДЕРАЦИЯ АДИГИНЕ-ТАГАЙ В ПИСЬМЕННЫХ ИСТОЧНИКАХ XVIII ВЕКА........ 52
TRIBAL CONFEDERATION OF ADIGINE-TAGAI IN WRITTEN SOURCES OF THE XVIII CENTURY........ 52
Жумалиева С.Ч., Тууганбаев А.К., Азамат кызы А. ........ 62

XX КЫЛЫМДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭТНОДЕМОГРАФИЯЛЫК АБАЛ ........ 62
ЭТНОДЕМОГРАФИЧЕСКАЯ СИТУАЦИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ В ПЕРВОЙ ПОЛОВИНЕ XX ВЕКА ........ 62
THE ETHNO-DEMOGRAPHIC SITUATION IN KYRGYZSTAN IN THE FIRST HALF OF THE 20TH CENTURY ........ 62
Жумалиева С.Ч., Шаршенова М.К........ 72
XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН КУРАМЫНДА КЫРГЫЗСТАНДЫН УКУКТУК СИСТЕМАСЫ, ТҮПКҮ ЭЛДИН СТАТУСТАРЫ ЖАНА КОЛОНИЯЛЫК САЯСАТ ........ 72
КЫРГЫЗСТАН В СОСТАВЕ РОССИЙСКОЙ ИМПЕРИИ В НАЧАЛЕ XX В: ПРАВОВАЯ СИСТЕМА, СТАТУС КОРЕННОГО НАСЕЛЕНИЯ И КОЛОНИЗАЦИОННАЯ ПОЛИТИКА ........ 72
KYRGYZSTAN AS PART OF THE RUSSIAN EMPIRE AT THE BEGINNING OF THE 20TH CENTURY: LEGAL SYSTEM, STATUS OF THE INDIGENOUS POPULATION, AND COLONIAL POLICY ........ 72
Кадыралиева М.К........ 83
МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫ КЫРГЫЗ СОЦИАЛИСТТИК МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ТҮЗҮЛҮШҮН ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАГЫ КАТАРЫ (1924-1936) ........ 83
ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КАК ИСТОЧНИК ПО ИЗУЧЕНИЮ СТАНОВЛЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ СОЦИАЛИСТИЧЕСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ (1924–1936) ........ 83
LEGISLATIVE ACTS AS A SOURCE FOR STUDYING THE FORMATION OF THE KYRGYZ SOCIALIST STATEHOOD (1924-1936) ........ 83
Кадыралиева М.К., Майнашова У.А. ........ 92
Ж. АБДРАХМАНОВДУН 1924–1933-ЖЫЛДАР АРАЛЫГЫНДАГЫ КЫРГЫЗ СОЦИАЛИСТТИК МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮНҮН КАЛЫПТАНЫШЫНА КОШКОН САЛЫМЫН ИЗИЛДӨӨ БОЮНЧА БУЛАК ТААНУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ........ 92
ИСТОЧНИКОВЕДЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ ИССЛЕДОВАНИЯ ВКЛАДА Ж. АБДРАХМАНОВА В СТАНОВЛЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ СОЦИАЛИСТИЧЕСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ (1924–1933 ГГ.) ........ 92
SOURCE STUDIES ISSUES IN RESEARCHING ZH. ABDRAKHMANOV'S CONTRIBUTION TO THE FORMATION OF KYRGYZ SOCIALIST STATEHOOD (1924–1933) ........ 92
Кутманалы кызы М. ........ 101
КЫРГЫЗСТАНДА ЭТНОАРХЕОЛОГИЯНЫН ИЗИЛДЕНҮҮ ПЕРСПЕКТИВАСЫ (МАРКУМДУ ЖЕРГЕ БЕРҮҮ ЖАНА ЭСКЕРҮҮ САЛТЫНЫН МИСАЛЫНДА) ........ 102
ПЕРСПЕКТИВЫ ИЗУЧЕНИЯ ЭТНОАРХЕОЛОГИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ (НА ПРИМЕРЕ ОБЫЧАЕВ ЗАХОРОНЕНИЯ И ПОМИНАНИЯ УМЕРШИХ) ........ 102
THE PROSPECTS OF ETHNOARCHAEOLOGICAL RESEARCH IN KYRGYZSTAN (BASED ON THE EXAMPLE OF BURIAL AND COMMEMORATION TRADITIONS) ........ 102
Курбонов А.Д, Назирова К.Б., Каныбек кызы Сабира ........ 105
КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДА ОРУС-ТУЗЕМ МЕКТЕПТЕРИНИН ТҮЗҮЛҮШҮНҮН ТАРЫХЫЙ ӨБӨЛГӨЛӨРҮ ........ 106
ИСТОРИЧЕСКИЕ ПРЕДПОСЫЛКИ ОБРАЗОВАНИЮ РУССКО-ТУЗЕМНЫХ ШКОЛ НА ТЕРРИТОРИИ КЫРГЫЗСТАНА ........ 106
HISTORICAL BACKGROUND OF THE FORMATION OF RUSSIAN-NATIVE SCHOOLS IN KYRGYZSTAN ........ 106
Мамытова А.Б., Толобаева Э.А., Сатимкулова М.А., Амирбек кызы Г. ........ 111
ТҮРК-МОНГОЛ ЭЛДЕРИНИН КӨЧМӨН ТУРАК ЖАЙЫНЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫ ЖАНА СИМВОЛИКАСЫ: КОНСТРУКТИВДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ, ФУНКЦИЯЛАРЫ ЖАНА МАДАНИЙ МААНИСИ ........ 111

ЭВОЛЮЦИЯ И СИМВОЛИЗМ КОЧЕВОГО ЖИЛИЩА ТЮРКО-МОНГОЛЬСКИХ НАРОДОВ: КОНСТРУКТИВНЫЕ ОСОБЕННОСТИ, ФУНКЦИИ И КУЛЬТУРНОЕ ЗНАЧЕНИЕ ........ 111
EVOLUTION AND SYMBOLISM OF THE NOMADIC DWELLING OF THE TURKIC-MONGOLIAN PEOPLES: STRUCTURAL FEATURES, FUNCTIONS AND CULTURAL SIGNIFICANCE ........ 111
Муртазаева Э.Н. ........ 121
КЫРГЫЗДАРДАГЫ ОТ ИШЕНИМИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ МААЛЫМАТТАР ........ 121
СВЕДЕНИЯ О ВЕРОВАНИЯХ, СВЯЗАННЫХ С ОГНЁМ У КЫРГЫЗОВ ........ 121
INFORMATION ON FIRE-RELATED BELIEFS AMONG THE KYRGYZ ........ 121
Сапаралиев Д. Б. Исмаилова А. Б. ........ 125
XVII-XVIII КЫЛЫМДАРДАГЫ КЫРГЫЗ – КАЗАК САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕРИ ЧОКАН ВАЛИХАНОВДУН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ ........ 126
КЫРГЫЗСКО-КАЗАХСКИЕ ПОЛИТИЧЕСКИЕ ОТНОШЕНИЯ XVII-XVIII ВВ. ........ 126
В ИССЛЕДОВАНИЯХ ЧОКАНА ВАЛИХАНОВА ........ 126
THE KYRGYZ-KAZAKH POLITICAL RELATIONS IN THE XVII-XVIII CENTURIES IN THE WORKS OF CHOKAN VALIKHANOV ........ 126
Ташалиева М.М. ........ 143
КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНДАГЫ УЛУУ ИНСАН: РАХМАНКУЛ ХАН ЖАНА ПАМИР КЫРГЫЗДАРЫНЫН ТАГДЫРЫ ........ 144
ВЕЛИКАЯ ФИГУРА В ИСТОРИИ КЫРГЫЗОВ: РАХМАНКУЛ-ХАН И СУДЬБА ПАМИРСКИХ КЫРГЫЗОВ ........ 144
A GREAT FIGURE IN KYRGYZ HISTORY: RAKHMANKUL KHAN AND THE FATE OF THE PAMIR KYRGYZ ........ 144
Умарова Р.Т. ........ 148
ЖИБЕК ЖОЛУ ЖАНА АНЫН БОРБОРДУК АЗИЯНЫН МАДАНИЙ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ РОЛУ ........ 148
ШЕЛКОВЫЙ ПУТЬ И ЕГО РОЛЬ В КУЛЬТУРНОМ И ЭКОНОМИЧЕСКОМ ........ 148
РАЗВИТИИ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ ........ 148
THE SILK ROAD AND ITS ROLE IN CULTURAL AND ECONOMIC DEVELOPMENT ........ 148
THE DEVELOPMENT OF CENTRAL ASIA ........ 148
Чодолдоева Г.Ж., Асипбаева М.Б., Жалиева Б.С ........ 152
КЫРГЫЗСТАНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮН ИЧКИ МИГРАЦИЯГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ ........ 152
ВЛИЯНИЕ СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКИХ ИЗМЕНЕНИЙ В КЫРГЫЗСТАНЕ НА ВНУТРЕННЮЮ МИГРАЦИЮ ........ 152
THE IMPACT OF SOCIO-ECONOMIC CHANGES IN KYRGYZSTAN ON INTERNAL MIGRATION ........ 152
Шейшеканов Т.Б. ........ 158
БААТЫРКАН НОГОЙ УУЛУНУН ТАРЫХТАГЫ ОРДУ ЖАНА РОЛУ ........ 158
РОЛЬ И МЕСТО В ИСТОРИИ БААТЫРКАНА НОГОЙ УУЛУ ........ 158
ROLE AND PLACE IN THE HISTORY OF BAATYRKAN NOGOI UULU ........ 158
Шейшеканов Т.Б. ........ 168
КАСЫМААЛЫ АЖЫ МАМБЕТ УУЛУ 1916-ЖЫЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШТҮН ЖЕТЕКЧИСИ ........ 169
КАСЫМААЛЫ АЖЫ МАМБЕТ УУЛУ РУКОВОДИТЕЛЬ ВОССТАНИЯ 1916-ГОДА ........ 169
KASYMALY AZHY MAMBET UULU LEADER OF THE 1916-UPRISING ........ 169
Сведения об авторах ........ 175